Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Кахрамон Ражабов, Акбар Замонов**

# Өзбекстан тарыхы

## (1917–1991-жылдар)

*Орто билим берүүчү мекемелеринин 10 классы үчүн окуу китеби*

*1-басылышы*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги бекиткен*

Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү
Ташкент — 2017

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**УЎК 547(075.3)=512.154**
**КБК 63.3(5Ў)я721**
**Р 17**

**Рецензенттер:**

**А.А.Маврулов -** Республика Улуттук идея жана идеология илимий-практикалык борборунун жетекчиси, т.и.д., профессор;

**С.И. Иноятов -** Бухара мамлекеттик университетинин профессору, т.и.д;.

**Ш. Эргашев -** Өзбекстан ИА Тарых институтунун улуу илимий кызматкери, т.и.к;

**Б.А. Пасилов -** Өзбекстан ИА Тарых институтунун улуу илимий кызматкери, т.и.к;

**И.М.Шамсиева -** Өзбекстан ИА алдындагы Өзбекстандын эң жаңы тарыхы борборунун улуу илимий кызматкери, т.и.к;

**Р. Холикулов -** Самарканд мамлекеттик университетинин кафедра мүдүрү, т.ф.к.,доцент;

**Ш. Сафарова -** РББ башкы методисти;

**Ф.С.Амонова -** Ташкент шаары, Мирзо Улугбек районундагы 248-мектептин тарых предмети мугалими;

**У.Ф. Хайдаров -** Бухара областы, Бухара районундагы 13- адистешкен МЖМнин жогорку категориялуу мугалими.

**Ж.Ж. Абдуллаев -** Ташкент мамлекеттик юридикалык университети алдындагы академиялык лицейдин тарых предмети мугалими.

Тарыхый адабияттарды басмага даярдоо жана басмадан чыгаруу боюнча эксперт тобунун жыйынтыгына ылайык Республикалык билим берүү борборунун тарых предмети илимий-методикалык кеңеши тарабынан басууга сунушталган.

Окуу китебинин оригинал макети ӨзР ИА Өзбекстандын эң жаңы тарыхы маселелери боюнча координациялаштыруучу-методикалык борбору ошондой эле Тарых институтунда даярдалды.

***Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды***

**Кахрамон, Ражабов**
Өзбекстан тарыхы: 10-класс үчүн окуу китеби. . – Т.: Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2017. –144 б.

**УЎК 547(075.3)=512.154**
**КБК 63.3(5Ў)я721**

**©К. Ражабов, А. Замонов**
**© Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү, 2017**

**ISBN 978-9943-5009-2-1**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

*Кымбаттуу окуучулар!*

**Тарых сабактары.** Тарых элге сабак жана билим берет. Тарыхты үйрөнбөй туруп келечекти түшүнүп алууга болбойт. Ар бир инсан, ар бир эл өзүнүн башынан өткөндөрүн ата-бабалары тарабынан жаралган тарыхый китептерди кылдаттык менен окуу, үйрөнүү жана көңүл коюп түшүнүү аркылуу билип алат. Тарых инсан акыл-эсинин жана ой жүгүртүүсүнүн баалуу жана керемет бир түшүмү, анын руханий кудурети жана жардамы менен биз бардык өткөн замандардын адамдарына чын жүрөктөн бир пикирдүү, ынтымактуу болобуз, өтүп кеткен кылымдардын тизмесин бүткүл толкундануулары, күрөштөрү жана карама-каршылыктары менен көз алдыбызга элестетебиз. Инсан тарыхтан таалим-тарбия алат, тарых чоң сабак берет.

Атактуу өзбек алга өнүгүүчүлүктү жактоочусу, жадидчилик аракетинин ири өкүлү Абдурауф Фитрат 1917-жылда тарыхтан сабак алуу жөнүндө ушундай жазган эле: «Тарых улуттардын башынан өткөндөрүн, өсүп-өнүгүүсүнүн, ошондой эле артка кетүүсүнүн себептерин үйрөтө турган илим болуп саналат».

Тарыхтын сабактары бүгүнкү күндө да бизди кыраакылыкка үндөйт. Айрыкча, дүйнөнүн кайсы бир мамлекеттеринде жана Өзбекстанга чектеш кээ бир мамлекеттерде саясий туруктуулукту изден чыгарууга аракеттенген саясий күчтөр жана террордук топтор бар экени адамды олуттуу ойлонтурбай койбойт. Ардактуу окуучулар, ошондуктан да силер эгемендүүлүк тартуулаган жыргалчылыктарды, жакшылыктарды абайлап-асырашыңар, эркиндик жана азаттыгыбыз, ошондой эле бирдиктүүлүктү жана ынтымактуулукту көздүн карегиндей коргошуңар зарыл.

**Өзбекстандын совет доору тарыхынын өзүнчө өзгөчөлүктөрү жана доорлоштуруу маселелери.** Ушул окуу китебинин беттеринде Мекенибиз тарыхынын эң татаал жана карама-каршылыктуу, чоң жоготуулар жана бүлгүнгө учураган, азаптарга бай, ошондой эле ата-бабаларыбыздын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

журттун азаттыгы жана өз алдынчалыгы үчүн жүргүзгөн каармандарча күрөштөрү, жеңилүүлөрү жана ийгиликтери, ошондой эле өзбек элинин жаратуучулук аракеттери жана жанын аябаган эмгектерин өз ичине алган Өзбекстандын совет доорундагы тарыхы чагылдырылган.

**Ой жүгүртүү!**
6 - 9-класс тарых сабактарында өтүлгөн доорлордун (байыркы доор, орто кылымдар, жаңы доор жана б.) өз ичинде дагы доорлоштурулушу кандай ченемдерге байланыштуу?

**1917-1991-жылдар** Өзбекстан тарыхында совет доорун түзөт. Бул доорду төмөнкү чоң **2 баскычка** бөлүүгө болот: 1) **биринчи баскыч** –1917–1924-жылдар; 2) **экинчи баскыч** – 1925–1991-жылдар. Биринчи баскычта региондо Түркстан, Бухара, Харезм республикалары уюштурулган болсо, экинчи доор 1925-жыл февралда Өзбекстан ССРдин түзүлүшү менен башталат, ошондой эле 1991-жылда совет мамлекетинин талкаланышы менен бүтөт. Бул баскычтар да өз кезегинде бир канча кичи баскычтарга бөлүнөт.

Өзбекстандын эң жаңы тарыхы жана биз жетишкен дүйнөлүк ийгиликтер жоомарт жана чыдамдуу элибиз ар кандай кыйынчылык, жолтоо жана сыноолорду өзүнүн күчү жана кайраты менен жеңип өтүүгө ээ, деп ачык айтууга толук негиз болот.

Биз ата-бабаларыбыздын жаркын элесин асырап-абайлап, көңүлүбүздө, жүрөгүбүздө түбөлүк сактайбыз. Майышпас эрк, жан аябоочулуктун жана каармандыктын үлгүсүн амалда көрсөтүп, өз өмүрүн ыйык Мекенибиздин ар тараптан өсүп-өнүгүүсүнө арнаган устат жана мугалимдерибиз, замандаштарыбыз менен биз чексиз сыймыктанабыз".

**Суроо жана тапшырмалар:**
1. 9-класста Өзбекстан тарыхы предметинде кайсы доордун тарыхын үйрөндүң? Бул доор кандай ченемдердин негизинде доорлоштурулган эле?
2. Тарых сабактары инсандын иш-аракети үчүн кандай мааниге ээ?
3. Сенин оюңча, Өзбекстанда совет доору тарыхын доорлоштуруу кандай ченемдин негизинде ишке ашырылган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БИРИНЧИ ГЛАВА. ТҮРКСТАН ӨЛКӨСҮНДӨ СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ОРНОТУЛУШУ ЖАНА ӨЗБЕК ЭЛИНИН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ҮЧҮН КҮРӨШҮ (1917–1924-жылдар)

## 1-§. Түркстан өлкөсү 1917-жыл февраль-октябрь аралыгында

**Эгемендүүлүк – Түркстан элдеринин көп кылымдык үмүтү.** Тарыхый тажрыйбадан белгилүү болгондой эле, биздин ата-бабаларыбыз кылымдар бою өз үй-бүлөлөрү, ыйык топурактары, диний ынанымдары, үрп-адаттары жана салттарына туруктуу болууну улуу иш деп эсептешкен. Бул кол тийбес үрп-адаттардын бузулбастыгы үчүн өзбек элинин миң-миңдеген чыныгы атуулдары өз өмүрлөрүн курман кылышкан, өлкөнүн эгемендүүлүгү үчүн болгон салгылашууларда шейит кетишкен. Түркстан региону Россия империясы тарабынан басып алынган учурдан бери токтобогон улуттук боштондук аракети элдин улуттук өздүгүн аңдоосунда, өз Мекенинин жана улутунун эркиндиги, эгемендүүлүгү үчүн анын патриоттук умтулууларын бекемдөөдө чоң таасирин көрсөттү.

Түркстан жадиддери реформаларды баскычма-баскыч турмушка ашырууну, өнүгүп-өсүүгө тынчтык жолу менен, парламент аркылуу жетишүүнү көздөшкөн эле.

**Ой жүгүртүү!** 8-9-класстарда алган билимиңерге таянып, реформаларды парламент жолу менен турмушка ашыруу дегенде кандай жараян түшүнүлүшүнө ой жүгүртүп көр.

Бирок 1917-жылдагы окуялардын жараяны, жадидчилик аракетинин ири теоретиги **Абдурауф Фитрат** ошол учурда жазгандай, «*Орусияда баш көтөргөн бир кырсык — большевик кырсыгы*» күчтөрдүн өз ара мамилесин өзгөрттү. Өзбек элинин башка бир патриот перзенти **Махмудхожа Бехбудий** тарабынан ортого ташталган «Акыйкат алынат, берилбейт!» урааны бүткүл улуттун согуштук чакыруусуна айланды. Эгемендүүлүк жана боштондук үчүн, Түркстанда мухторият орнотуу үчүн парламент жолу аркылуу күрөшкөн Түркстан жадидчилеринин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

иш-аракети 100 жылдан ашуун убакыт өткөн бүгүнкү күндө да көңүл бурарлык окуя саналат.

**Өзүңдү сына!**
Махмудхожа Бехбудий урааны ....
Абдурауф Фитрат ...

**Февраль революциясы жана анын Түркстан өлкөсүнө таасири.** Адамзаттын тарыхында толук мамлекеттерде жашоочу жүздөгөн элдердин кийинки тагдырын бүтүндөй өзгөртүп жиберген окуялар болот. Ошондой окуялардан бири **1917-жыл 27- февралда** (жаңы эсеп менен 12-мартта) болгон Россиядагы **Февраль революциясы** саналат.

**Эсте сакта!**
Түркстанда биздин замандын-жыл эсебинде жаңы жана эски-жыл эсеби болуп, окуу китебинде тарыхый даталар 1918-жыл 31-январга чейин эски эсеп менен, 1918-жыл 14-февралдан баштап жаңы эсеп менен берилет. Анткени РСФСР (Россия) Эл Комиссарлары Совети төр агасынын 1918-жыл 26-январдагы атайын декрети менен Россия территориясында григорян календары жарыяланып, амалдагы 13 күндүк айырма оңдолду. Ошентип, 1918-жыл 31-январдан кийин 1-февралга эмес, 14-февралга өтүлдү. Бул календарь Түркстан өлкөсүнө да жайылтылды.

Россия империясынын борбору Петроградда бул учурда митингдер жана козголоңдор башталып, ал Февраль революциясынын жеңиши менен аяктады. Февраль революциясы Россия империясы территориясында самодержавиени жоготту, императордун (падыша) чексиз бийлөөчүлүгү бүттү. Россия императору Николай II өз каалоосу менен 2-март күнү тагынан баш тартты.

Петроградда Мамлекеттик думанын **Убактылуу комитети** түзүлдү. Жумушчу жана солдат депутаттары Совети шайланды. 1-март күнү Москвада, март айында бүтүндөй мамлекетте жаңы бийлик орнотулду. Россиядагы Убактылуу өкмөттү Георгий Львов (1917-жыл март-июль) жана Александр Керенский (1917-жыл июль-октябрь) башкарышты.

Февраль революциясы Түркстан өлкөсү мусулмандарын саясий жактан ойготууда, демократиялык өзгөрүүлөргө башчылык кылууну каалаган жаңы күчтөрдүн саясат майданына чыгуусунда маанилүү роль



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ойноду. Жадиддер пайда болуп жаткан улуттук демократиялык күчтөрдүн өзөгүн түзүштү. Алар аймактын түпкү элдеринин өнүгүүчүлүк жана эгемендүүлүк идеяларын Февраль революциясы идеялары менен байланыштырып, өздөрү жарыялаган принциптерди жүзөгө ашырууга жигердүү киришишет.

> **Өзүңдү сына!**
> Февраль революциясы – бул ...
> Убактылуу комитет – бул ...

**Россия Убактылуу өкмөтүнүн Түркстан комитетинин иш-аракети.** Ташкентте 1917-жыл 2-март күнү **жумушчу депутаттар Совети** (Ташкент Совети) түзүлгөн эле. Убактылуу өкмөт орнотулгандан кийин Түркстан өлкөсү генерал-губернатору жана Түркстан аскердик округу командири генерал **А.Н. Куропаткин** жана анын жардамчылары кызмат орундарынан четтетилип, 31- мартта үй камагына ташталган эле.

Убактылуу комитет тарабынан 1917-жыл 7-апрелде Түркстан өлкөсүн башкарууга 9 кишиден турган **Түркстан комитети** түзүлдү жана Ташкентте иш алып барды.

Түркстан комитетине кадеттер партиясынын өкүлү **Николай Шчепкин,** есерлер партиясынан **Владимир Накивкин** төр агалык кылышты. Анын курамына европалыктардан тышкары түрк элдери өкүлдөрүнөн Мухаммаджан Тинишбаев, Алихан Букейхонов, Садри Максудий, Абдул Азиз Давлетшин да кирген эле. Бирок алардын баары Түркстандагы жергиликтүү шарттарды жакшы билбеген күчсүз саясатчы болушкан.

Чындыгында, Убактылуу өкмөт өлкө башкаруунун маанисин өзгөрткөн жок, болгону анын атын өзгөрттү. Бул абал албетте сезилбей калган жок. Тез арада Түркстан комитети менен жергиликтүү, саясий жана коомдук уюмдар, ошондой эле советтер (Ташсовет) ортосунда түрдүү карама-каршылыктарга себеп болду.

**Бүткүлтүркстан мусулмандарынын курултайлары жана «Шурои Исломия», «Шурои Уламо» уюмдарынын иш-аракети, 1917-жыл**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эсте сакта!**
Түркстан комитетинин курамына өзбек элинин бир да өкүлү киргизилбеген.

**14-мартта** Ташкент шаарында Түркстан алга өнүгүүчүлүктү жактоочуларынын социалдык-саясий уюму **«Шурои Исломия»** («Ислам кеңеши») түзүлдү.


Убайдулла Хожаев

**Абдулвохидкары Абдурауфкары уулу, кийинчерээк Убайдуллахожа Асадуллахожаев** (Убайдулла Хожаев) төр ага болуп шайланган. «Шурои Исломия» аракетинде Мунавваркары Абдурашидхонов, Махмудхожа Бехбудий, Мустафо Чокай, Ахмадзаки Валидий, Ислом Султон Шоахмедовдер негизги роль ойношкон.

***Ой жүгүртүү!***
9-класста алган билимиңе таянып, Түркстан генерал-губернаторунун уюштурулушу жана анын башкаруусундагы өзгөчөлүктөр кандай болгонун эсте. Анын биринчи генерал-губернатору ким эле?

1917- жылы 16 – 23-апрелде Ташкент шаарында уюмдун демилгеси менен Бүткүлтүркстан мусулмандарынын I курултайы болуп өттү.

Тарыхта алгачкы жолу Бүткүлтүркстан боюнча мусулмандар курултайы чакырылып, анда түпкү элдердин көз карандысыздыкка умтулушу, өз салттары, үрп-адаттары жана турмуш-тиричилик шарттарын ырааттуу коргоосу айтылды. Анда Түркстан мусулмандарынын Улуттук Борбору – **Түркстан өлкө мусулмандар кеңеши** (Краймуссовет) түзүлдү. Мустафо Чокай ага төр ага, Мунавваркары Абдурашидхонов жана Ахмад Заки Валидий катчылары болушту. Курултайда кабыл алынган уюмдун программасында өлкөнүн


Ахмад Заки Валидий



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мусулмандары арасында реформалар өткөрүү идеяларын жайылтуу, бардык мусулмандарды бир максаттын жана пикирдин негизинде бириктирип, Түркстанга мухторият статусун берүү үчүн күрөшүү милдети коюлган. 1917-жылдын апрель айында эле уюмдун Самарканд, Кокон, Наманган, Андижан, Маргилан, Скобелев (Фергана), Марв, Түркстан, Акмечит (Кызылордо), Ош жана башка шаарларда бөлүмдөрү түзүлгөн. Ташкентте «Шурои Исломия» аттуу газета да чыгарылган.

Бирок жадидтер менен эскиликтин тарапкерлери ортосундагы келишпөөчүлүктөр «Шурои Исломия» уюму ичинде бөлүнүүнү пайда кылды. **1917-жылдын июнунда** уюмдан бир топ аалымдар бөлүнүп чыгып, Кокон жана Ташкентте жаңы коом- «Шурои Уламону» негиздешти. Коомдун Ташкент, Кокон, Самарканд, Наманган шаарларындагы секторлору активдүү иш алып барган. Ташкент секторуна Шерали Лапин жетекчилик кылган. Коомдун эң ири Кокон секторуна Молдо Мухиддин-хан, Молдо Улугхан Тураев төр ага болушкан. Коомдун программасы жана уставында ички саясий түзүлүштө шариат мыйзамдарына катуу көңүл буруу, улуттук-диний баалуулуктарды көтөрүүгө чакырылган жана медреселерди колдоп-кубаттоо айтылган. «Шурои Уламо» тарабынан «**ал-Изох**» жана «ал-**Ислох**» деген журналдар басып чыгарылган. Алардын демилгелери менен 1917-жылдын сентябрында Ташкентте Түркстан жана Казакстан мусулмандарынын курултайы өткөрүлгөн. Анда шурои уламо жана шурои исломчылар өз ара биригип, **«Иттифоки муслимин»** саясий партиясын түзүштү (1918-жылдын май айында большевиктер тарабынан «Шурои Исломия» жана «Шурои Уламо» уюмдары жоюлду.

Бирок жадидтер жана окумуштуулар ортосундагы карама-каршылыктар, идеялык күрөш күчөдү. Бул абал аймактагы башка саясий күч - большевиктер менен сол есерлер партиясы мүчөлөрүнүн ишине жагымдуу таасирин тийгизди.

***“Шурои Исломия»*** → ***«Иттифоки муслимин»*** ← ***«Шурои Уламо»***



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

***Мухторият -*** кайсы бир территориянын мамлекеттик башкаруусун өз алдынча жүргүзүү укугу.

***Кадеттер -*** «конституциялык-демократтар» сөз айкашынын башкы тамгаларынан алынган. Россияда 1905-жылда түзүлгөн конституциялык-демократиялык партия деп аталган партиянын мүчөлөрү.

***Есерлер -*** С (эс) - социалдык, Р (эр) - революциялык (төңкөрүштүк), тактап айтканда, социалдык революционерлер атынан алынган, алар советтер ичинде дыйкандардын кызыкчылыгын коргоочу топ болгон.

***Большевик -*** (орусча большой, больше - чоң; көп) Россия социалдык-демократиялык жумушчу партиясынын 1903-жыл II съездинде партия мүчөлөрүнүн көпчүлүгү негизинде уюштурулган тобу большевиктер, азчылыгы меньшевиктерге ажыралды.

***Сектор***-бөлүк, тармак.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Түркстан элдеринин көп кылымдык үмүтү эмне болчу?
2. Түркстандыктар 1917-жыл февраль революциясынан эмнелерди күтүшкөн эле?
3. 1917-жылкы февраль өзгөрүшүнөн кийин Түркстанда кандай өзгөрүүлөр болду?
4. Жаңы тарыхый шартта Түркстан жадидтеринин алдында кандай олуттуу милдеттер турган эле?
5. Бүткүлтүркстан мусулмандары I курултайы кандай маселелерге арналган эле?

## 2-§. Түркстанда совет бийлигинин зордук жолу менен орнотулушу жана большевиктер диктатурасы

**Россиядагы Октябрь төңкөрүшү, анын Түркстан өлкөсүнө таасири.** 1917-жыл августтун акыры–сентябрдын башында большевиктер Петроград жана Москва Советтеринде көпчүлүктү ээледи жана бийликти басып алуу үчүн куралдуу төңкөрүшкө даярданышты. 24-октябрдан 25-октябрга өтөөр кечинде куралданган жумушчулар, Петроград гарнизонунун солдаттары жана Балтика флотунун матростору Кышкы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сарайга бастырып кирип, жыйналыш өткөрүп жаткан Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрүн камакка алды. Петроградда ачылган Бүткүлроссия Советтеринин II съездинде большевиктер алгач сол есерлер менен бирдикте Убактылуу өкмөтү оодарылгандыгын колдоп-кубаттап, Тынчтык жана жер жөнүндөгү декреттер жарыяланды.

**Ой жүгүртүү!**
8-9-класстарда алган билимиңе таянып, декрет терминине түшүнүк бер. Декрет башка мыйзам документтеринен кандай айырмаланат?

Владимир Ильич Ульянов (Ленин) башчылыгындагы өкмөт – Эл Комиссарлары Советин (ЭКС) түзүштү. Большевиктер Петроград жана Москвада Убактылуу өкмөткө туруктуу күчтөрдүн каршылыгын аёосуз бастырып, Россиянын негизги борбордук өндүрүштүк шаарларында тезинен өз бийлигин орнотушту.

1917-жылдын күзүндө Түркстанда бийлик большевиктердин таасириндеги Советтер колуна өтүүсү үчүн объективдүү шарт жок болчу, большевиктердин эл арасында таасири да аз болгон. Бул жерде негизги саясий күчтөр есерлер жана улуттук партиялар эле. Бирок ошондой татаал шартта Түркстандагы улуттук саясий күчтөр жана алардын жетекчилери большевиктердин күчүн жетиштүү түрдө баалабады, ага каршы бирдиктүү күрөшө албады.

**Ташкентте совет бийлигинин орнотулушу жана Түркстан өлкө Эл Комиссарлары Советинин түзүлүшү.**

Октябрь төңкөрүшү жөнүндөгү кабар 27-октябрда Ташкентке жетип келгенден соң, большевиктер жана сол есерлер бийликти зордук жолу менен ээлөө үчүн күрөш баштады. Большевиктер жетектеген Ташкент Совети жумушчу жана солдаттарды козголоң көтөрүүгө үндөдү. Бирок Убактылуу өкмөт тарабынан Түркстан өлкөсүнүн башкы комиссары болуп дайындалган генерал П.Коровиченкого туруктуу болгон бөлүктөр буга каршылык көрсөтүштү. 28-октябрдан баштап Ташкенттин жаңы шаарында куралдуу салгылашуулар күчөдү. Төрт күндүк согуштан соң Ташкенттин жаңы шаар бөлүгүндө зордук менен совет бийлиги орнотулду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ташкентте 1917-жыл 15–22-ноябрда болгон Түркстан жумушчу жана солдат депутаттары Советтеринин III өлкө съездинде сол есерлер, большевиктер жана максималисттерден турган совет бийлиги - Түркстан өлкө Эл Комиссарлары Совети түзүлдү. Өкмөттө 8 орун сол есерлерге, 7 орун большевиктер менен максималисттерге берилди жана ал жалаң европалыктардан турган курамдан түзүлдү. Түркстан өлкөсү ЭКС төр агалыгы кызматын кесиби чиймечи большевик Фёдор Колесов ээледи, аскердик комиссары арабакеч Е.Перфилев, башка комиссардык кызматтарына да орто маалыматка ээ адамдар дайындалды. Өкмөттүн курамына жергиликтүү эл өкүлдөрүнөн бир да адам киргизилбеди. Бул кокустук абал эмес болчу.

Ошентип, Түркстанда да большевиктер тарабынан зордук жолу менен совет бийлиги орнотулду. Большевиктер өкмөтү европалык жумушчулар, кызыл гвардиячылар жана башка аскердик бөлүктөргө таянып, аймакта өзүнүн диктатурасын орнотту.

**!**

**Өзүңдү сына!**
Кышкы сарайды ээлеген күчтөр – бул ...
Владимир Ульянов – бул...
Ф.Колесов жана Е.Перфилевдер – булар...

**Большевиктер жана сол есерлердин Түркстан жадидтерине каршы күрөшү.** Түркстандын келечектеги тагдыры чечилип жаткан дал ошол татаал учурда большевиктер жана совет бийлигине мамиле маселесинде мусулман калкынын негизги өкүлдөрү болгон «Шурои Уламо» жана өнүгүүнү жактоочулардан турган Улуттук Борбор (Краймуссовет) ортосунда күрөш күчөйдү. «Шурои Уламо» уюмунун Ташкент секторунун жетекчилери (Шерали Лапин ж.б.) бийликти зордук менен ээлеген большевиктерди колдоп-кубатташты. Түркстан өлкө мусулмандары Борбордук Кеңеши (Улуттук Борбор) большевиктер менен шериктештикке каршы чыгышты жана ноябрь айынын баштарында Ташкенттен Кокон шаарына көчүп, Фергана өрөөнүндө өз иш-аракеттерин күчөйтүрүштү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Шурои Исломия» уюму да турак жайын (резиденция) Коконго көчүргөн эле.

Ташкент шаарында «Шурои Уламо» уюмунун демилгеси менен 1917-жыл 12–15-ноябрда «түрдүү мусулман топторунун бириккен кеңеши» өткөрүлүп, анда Сырдарыя жана Самарканд областтарынан келген өкүлдөр катышышты. Кеңештин күн тартибинде «Түркстанда өкмөт түзүү» маселеси коюлган. Кеңеш орундардын жарымы мусулман калкы өкүлдөрүнө бериле турган коалициялык өкмөт түзүүнү жактады. Бирок Большевиктер өздөрү менен коалициондук өкмөт түзүүгө ниеттенген Шерали Лапин башчылыгындагы «Шурои Уламочылардын» пикирлерин катуу түрдө четке какты. «Шурои Уламо» уюмунун бул талабын улуттук демократиялык күчтөр да колдоп-кубаттаган жок.

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Максималисттер** – мамлекет түзүлүшүн сындап, радикалдуу өзгөртүүлөр жана реформалар өткөрүүнү талап кылуучу саясий агым.

**Коалициялык өкмөт** – жалпы максатка жетишүү үчүн уюштурулган көңүлдүү бирикме, бир канча партия тарабынан өкмөттү союздаш болуп башкаруу.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Большевиктер тарабынан Октябрь төңкөрүшү өткөрүлүшүнө негиз болгон өбөлгөлөр эмнелер эле?
2. Россия жана Түркстанда ЭКС жетекчилери кимдер болду?
3. Түркстан өлкө Эл Комиссарлары Совети түзүлгөндөн кийин, анын курамын кимдер түздү? Өкмөттүн курамына жергиликтүү калктын өкүлдөрү эмне үчүн киргизилбеген?
4. Түркстандын большевиктердин таасириндеги Советтер колуна өтүү үчүн шарттар болбосо да, эмне себептен алар өз максаттарына жетти?
5. Түркстан өлкө мусулмандары Борбордук Кеңеши жана «Шурои Исломия» уюмдары эмне себептен өздөрүнүн турак жайларын өзгөрткөн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3-§. Түркстан Мухторияты – түпкү жергиликтүү элдердин мамлекеттүүлүгү тарыхында жаңы баскыч

Түркстан Мухторияты өкмөтүнүн түзүлүшү жана иш-аракети. 1917-жылдын 26–28-ноябрында Кокон шаарында Бүткүлтүркстан өлкө мусулмандарынын атайын IVкурултайы болуп өттү.

Түркстанды башкаруу формасы жөнүндөгү маселе курултайдын көңүл борборунда турду. Бул маселенин талкуусунда сөз сүйлөгөндөрдүн көпчүлүгү Түркстандын мухторият республика деп жарыялоо өлкө калкынын социалдык максаттарынан келип чыкканы жана ага ылайык болуусу угузулду. Мухторият жана эгемендүүлүктү жарыялоо пикирин жапырт баары колдоп-кубаттады.

Курултайда 27-ноябрь күнү кечинде кабыл алынган токтомдо ушундай дейилет: «Түркстанда жашап жаткан түрдүү улутка таандык калк Россия революциясы үндөгөн элдердин өз укуктарын өздөрү белгилөө жөнүндөгү кайратын көрсөтүп, Түркстанды Федеративдүү Россия Республикасы курамында аймактык жактан мухтор деп жарыялады, ошону менен бирге мухторияттын жүзөгө келтирүү формалары Уюштуруу Жыйналышка тапшырылат». Курултай Түркстанда жашап жаткан улуттун укуктарын коргоону салтанаттуу түрдө жарыялады.

28-ноябрда түзүлүп жаткан бул өкмөттүн наамы аныкталып, Түркстан Мухторияты деп атала турган болду. Курултай ошол күнү жыйналышта Бүткүлроссия Уюштуруу Жыйналышы чакырылганга чейин бийлик **Түркстан Убактылуу Кеңеши** жана **Түркстан Эл (Улут) Жыйналышы** колунда болушу керек, деп токтом кабыл алды.

**Ой жүгүртүү!**
Жыйналышта Мухториятнын борбору Кокон шары деп белгиленди. Мурунку сабактарда алган билимиңерге таянып, курултайдын мындай чечимге келишинин өбөлгөлөрүн көрсөтүүгө аракеттенгиле.

Курултайда Түркстан Убактылуу Кеңешинин мүчөлөрүнөн **8** кишиден турган Түркстан Мухторият өкмөтү түзүлдү. Өкмөттүн Башкы министри жана ички иштер министри болуп Мухаммаджан Тинишбаев шайланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ислам Султан Шоахмедов - Башкы министрдин орунбасары, Мустафо Чокай - тышкы иштер министри, Убайдулла Хожаев - аскердик министр, Хидаятбек Юргули Агаев - жер жана суу байлыктары министри, Обиджан Махмудов - азык-түлүк министри, Абдурахмон Орозаев - ички иштер министринин орунбасары, Соломон Герсфельд - финансы министри кызматтарын ээлешти. Өкмөттүн курамында кийинчерээк кээ бир өзгөрүштөр болду. Мустафо Чокай  Башкы министр  милдетин аткарууга киришти.

Билимсиз жана өз кесибине  жөндөмсүз совет өкмөтүнүн большевик комиссарларынан айырмалуу түрдө мухторияттык өкмөтү министрлеринин көпчүлүгү **жогорку билимдүү укук таануучулар** экендиги алардын билим деңгээлинин жогорулугун далилдейт.



**Мутафо Чокай**

Курултай аяктагандан соң, 1-декабрда Түркстан Мухториятынын Убактылуу өкмөт мүчөлөрү (8 киши) кол койгон атайын **Кайрылуу** жарыяланды. Ушул Кайрылууда Түркстандагы бардык эл: расасы, улуту, дини, жынысы, жашы жана саясий ишенимдерине карабай ынтымактуулукка жана биримдикке үндөгөн эле.



**Обиджон Махмудов**

**Түркстан элдери тарабынан мухторияттык өкмөтүнүн колдоп-кубатталышы.** Түркстан Мухторияттык өкмөтү мамлекеттин конституциясын даярдоого белгилүү юристтерди тартты. Мурда жарык көрүп жаткан «Улуг Туркистон» газетасы да өзүнүн беттеринде мухторияттык өкмөттүн иш-аракетине атайын орун бере баштады. Басма сөз иштерин жакшылоо үчүн О.Махмудовдун басмаканасы өкмөт ыктыярына өттү. Мухториятлык өкмөт улуттук кошун түзүүнү баштады. Аскердик министр Убайдулла



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Хожаев катышуусунда 1918-жылдын баштарында өткөрүлгөн парад убагында аскерлер саны 2000 киши болгон. Мындан тышкары Кокондо болжол менен ошончо сакчылар бар эле. Өкмөт экономикалык тармакта 30 миллион сом өлчөмдө ички заём чыгарууну жолго койду. Ошондой эле өкмөттүн мүчөлөрү ачарчылыкка кабылган Түркстан калкына Кавказдан Оренбург аркылуу дан келтирүү маселесин чечүүгө киришти.

**Эсте сакта!**

**Мухторият** өкмөтү министрлеринин көпчүлүгү жогорку билимдүү, тажрыйбалуу адистер болгон. Мисалы, Мухаммаджон Тинишбаев темиржол инженери, Ислам Султан уулу Шоахмедов, Мустафо Чокай, Убайдулла Хожаев, Абдурахмон Орозаев, Соломон Герсфельддер юристтер, Хидаятбек Юргули Агаев агроном, Обиджан Махмудов тоо-кен өнөр-жайынын адиси болгон.

Түркстан Мухторияттык өкмөтү кыска мөөнөттө эл арасында чоң урмат тапты. Фитрат, Чолпон, Хамза өңдүү өзбек элинин жалындуу акындары мухториятлык өкмөттү даңазалап, жалындуу ырлар жаратышты. Фитрат мухторият жарыяланган 27-ноябрь түнүн «Миллий Лайлатулкадримиз» деп атады. Анын бул сөзүндө өтө терең маани камтылган.

Түркстан өлкөсүнүн түрдүү шаар жана кыштактарында мухториятны алкыштап, көп миң кишилүү көрсөтмөлүү чыгуулар болуп өттү. Ошол кезде чыккан газеталардын жазганына караганда чыгуу катышуучуларынын желектеринде «Жашасын Мухторияттуу Түркстан жана анын бийлиги!» деп жазылган сөздөр желбиреп турар эле. Самаркандда болуп өткөн область Советтери съездинде жыйналганда Түркстан Мухториятына кошулууну чечишти жана Улут Жыйналышы курамына 5 өкүл шайлашты.

«Улуг Туркистон» гезитинин жазганына караганда, 1917-жылдын декабрында 60 000 киши катышкан митинг өткөрүлдү. Минавваркары башчылыгында өткөрүлгөн бул митингдин катышуучулары Мухторият-лык Түркстан өкмөтүн бир добуштан жакташты жана Түркстанда эми ушул убактылуу өкмөтүнөн башка эч кандай өкмөттү тан албастыкты чечкендиктерин билдиришти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Кызыл гвардиячылар жана дашноктар тарабынан мухторияттык өкмөтүнүн жоюлушу. Кокондогу массалык кыргындар.** Өлкөдөгү алгачкы демократиялык жана элди колдоочу Түркстан Мухториятынын иш-аракети узакка созулбады. Большевиктер жана Ташкент Совети (жетекчиси: Иван Тоболин) ага чоң коркунуч деп караштты, тезинен түгөтүүгө аракет кылышты.

Түркстан өлкөсү жумушчу, солдат жана дыйкан депутаттары Советтердин атайын 1918-жылдын 19–26-январында болуп өткөн IV съездинде Түркстан Мухториятлык өкүмөтүн күч менен жоюуну чечишти. Түркстан өлкө ЭКС 1018-жылдын 30-январь күнү аскердик аракеттерди баштады. Түркстан большевиктери ал үчүн кызыл гвардиячылардан тышкары армяндардын «**Дашнок сутюн**» партиясы мүчөлөрүнөн турган куралдуу дружиналардан да кеңири пайдаланды. 30-январь кечинде Ташкенттен жиберилген алгачкы аскердик отряддар Скобелевден Коконго замбирек жана пулемёттор менен жетип келди. 31-январь түштөн кийин согуш аракеттери башталды. 15-февралда болсо шаарда өрттөөлөр болду.

Биринчи согушта мухторияттнын улуттук кошунунан тышкары кокондук тынч калктын өкүлдөрү да катышышты. Негизинен балта, таяк көтөргөн калайыктын саны **10 000** кишиге жетти. Ошого карабай куралсыз бул кишилер совет өкмөтү аскердик күчтөрүнүн Кокон шаарына жасаган чабуулду үч күн бою баатырларча кайтарышты.

Кокон шаарынын сакчыларынын башчысы **Кичүү Эргеш** корбашы 18-февралдан баштап амалда мухторияттык өкмөттүн башчысына айланды. Түркстан өлкөсү аскердик комиссары Е.Перфилев башчылыгындагы жөө, аттуу жана артиллерия бөлүктөрүнөн турган 11 эшелон большевиктердин аскердик күчтөрүнө көмөк берүү үчүн Коконго келди. Шаар үстүндө үч күн бою замбиректерден жандыруучу снаряддар атылды. Химиялык куралдар иштетилди. Кызылгвардиячылар жана дашноктар шаарда баскынчылык кылып, карактоо, тоноо, талоончулук кылууну башташты. Түркстан Мухторияттык өкмөтү большевиктердин кандуу чабуулдары натыйжасында кыйратылды. Бирок Кокон жана анын айланасындагы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тынч элди тоноо, өлтүрүү күчөдү. Жеке гана Кокондун өзүндө 3 күн ичинде 10 000 киши өлтүрүлдү. Мусулмандар массалык түрдө кырылды. Кокон шаары бүтүндөй талкаланып, кыйрандыга айланды.



*Түркстан Мухторияты кызыл гвардиячылары тарабынан кыйратылгандан кийинки Кокон шаарынын көрүнүшү.*

Акыры, 1918-жылдын 22-февралында Кокон шаарындагы Орус-Азия банкы имаратында большевиктер тарабынан даярдалган “тынчтык келишимине” кол коюлду. Ушул келишимдин 2-статьясында: «Калк өлкө Эл Комиссарлары Совети бийлигин жана бардык жергиликтүү уюмдарын тааныйт, моюнга алат», деп жазылган эле. Ооба, окко учкан, өлтүрүлгөн, тонолгон жана кемситилген кокондуктардын тирүү калган бөлүгү совет бийлигин моюнга алууга мажбур болду.



**Өзүңдү сына!**
Мухторияттын административдик борбору – бул...
Мухторияттын Башкы министрлери – булар...
Бүткүлтүркстан мусулмандарынын атайын IV курултайы – бул...

Түркстан Мухториятлык өкмөтү болгону **72** күн өкүм сүргөн болсо да, ал эркиндикти сүйгөн элибиздин улуттук эгемендүүлү жана боштондук үчүн күрөшкө чакырды. Мекенин сүйүү сезими күчтүү Түркстан интеллигенттеринин мухторият үчүн жүргүзгөн күрөшүүлөрү изсиз жоголбоду. **1918-жылдын** эрте жазында алгач Фергана өрөөнүндө, соң



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бүткүл Түркстан аймагында совет режимине каршы куралдуу боштондук аракети башталды.

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Дашноктар** - (армянча) - армян улутчуларынын «Дашноксутюн» (союз) партиясынын мүчөлөрү.

**Эшелон** - (фр. тепкич, шаты) атайын жүк, техника, артиллерия, танк жана кошундар жүктөлгөн поезд же автоколонна.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Түркстан Мухторияты кандай шартта жана кимдер тарабынан түзүлдү?
2. Сен Түркстан Мухториятын демократиялык мамлекеттин үлгүсү катары мүнөздөп бере аласыңбы?
3. Большевиктер Мухториятка эмне себептен чоң коркунуч катары караган?
4. Мухторият өкмөтү жеңилүүсүнүн негизги себептерин көрсөт.
5. Түркстан Мухторияты тажрыйбасынан кандай зарыл жыйынтык чыгарууга болот?
6. Үйгө тапшырма: Төмөнкү жадыбалды толтур.

| Түркстан Мухторияты | Түзүлгөн датасы | Уюштуруу шарттары | Өкмөт-мүчөлөрү | Мамлекетибиз тарыхындагы орду |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

## 4-§. Түркстан өлкөсүндө совет бийлигинин башкаруу системасынын түзүлүшү жана экономика тармагындагы өзгөрүүлөр

**Большевиктердин өлкөдө жүргүзгөн саясаты ошондой эле Түркстан АССР жана Түркстан Компартиясынын түзүлүшү.**

Большевиктер жана сол есерлер мусулман калкынын өлкөнү башкаруудагы мыйзамдуу укугун четке кагып, бийлик жөнүндөгү маселени келишип чечүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарды жана ушуну менен Түркстандын саясий турмушунда улуттук жана демократиялык күчтөрдүн келечекте оппозицияга өтүүнү алдын ала аныктап койду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Борбордогу большевиктер жетектеген совет бийлиги четки өлкөлөр, анын ичинде, Түркстанда да «совет мухториятын» орнотууга киришти. Бул ишти жүзөгө ашыруу үчүн совет Россиясынын борбору Москвадан көптөгөн партия жана совет кызматкерлерин Түркстан өлкөсүнө жиберилди. Совет бийлигинин жетекчиси **В.И. Ленин**дин буйругу менен большевик **Пётр Кобозев** Орто Азиянын атайын комиссары кылып жөнөтүлдү.

1918-жылдын 20-апрель–1-май айларында Ташкентте Түркстан жумушчу, солдат, крестьянин, мусулман жана дыйкан депутаттарынын V өлкө съезди болуп өттү. Съезддин депутатары совет Россиясы өкмөтү жетекчилери В.И.Ленин жана И.В.Сталин көрсөтмөсүнүн негизинде 30-апрелде «Россия Совет федерациясынын Түркстан Совет Республикасы жөнүндөгү Мыйзамды» кабыл алды. Бул мыйзам РСФСР курамында Түркстанда автоном республика - **Түркстан Автоном Совет Социалисттик Республикасы** (Түркстан АССР) түзүлгөнүн жарыялады.. Съездде Түркстан АССР  Борбордук Аткаруу Комитети түзүлдү жана Түркстан АССР Эл Комиссарлары Советинин жаңы курамы тастыкталды**.**

**Ой жүгүртүү!**
Түркстан генерал-губернаторлугу курамында канча область бар эле жана алардын түзүлүш тизмегин билесиңби? Түркстан генерал-губернаторлугу жана ТАССР аймактык жактан бөлүнүшү боюнча айырмалар барбы?

1918-жылдын 17–25-июнунда Ташкентте Түркстан большевиктик уюмдарынын уюштуруу өлкө съезди бөлуп, анда Россия Коммунисттик партиясы РКП (б) нын курамдык бөлүгү **Түркстан Коммунисттик партиясы** (ТКР) уюштуруу жагынан расмийлештирилди. Съездде Иван Тоболин төр агалыгында 7 кишиден турган Борбордук комитет шайланды. ТКП МК курамына жергиликтүү коммунисттерден Низомиддин Хожаев да кирди. Республика саясий турмушунда Түркстан Коммунисттик партиясы жетекчиликти ээледи.

**Борбордун укуктуу органдарынын Түркстандагы иш-аракети ошондой эле аларга каршы улуттук коммунисттер жана Мусулмандар**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**бюросунун күрөшү.** Борбор өзүнүн саясатын турмушка ашыруу үчүн атайын комиссиялар жана бюролор (Түркkомиссия, Түркбюро, Орто Азия бюросу жана б.) түзүп, аларды Ташкентке жөнөттү ошондой эле ушул укуктуу органдар аркылуу Түркстан АССРин башкарууга аракеттенди. Борбордун мындай шовинисттик жана колонизатордук саясатына каршы улуттук коммунисттер жана Мусулмандар бюросу активдүү күрөштү.



Турар Рыскулов

1919-жылдын март айында Түркстан Коммунисттик партиясынын II конференциясында РКП (б) өлкө **Мусулмандар бюросу** (Мусбюро) түзүлдү. Мусулмандар бюросу курамында Т. Рыскулов (төр ага), Н.Хожаев, А.Мухитдинов, Й.Ибрагимов, Ю.Алиев жана башкалар киргизилди. Мусулмандар бюросу өздөрүнүн катарына улуттук коммунисттер жана кээ бир жадидтерди бириктирип, совет режиминин колонизатордук саясатын сындады. Анын иш-аракетинде **Мунавваркары** жана **Абдулла Авлоний** да катышты.

Түркстандагы жергиликтүү коммунисттердин жетекчилери кризис жана каатчылыктан кутулуу үчүн өлкөнүн өз алдынча турмуш жолуна чыгуу программасын иштешти. 1920-жылдын январында Түркстан АССР МИК төр агасы, өлкө Мусулмандар бюросу төр агасы Т.Рыскулов Түркстан Совет Республикасы атын өзгөртүп, аны **Түрк Республикасы** деп атоо, жалгыз коммунисттик партия – Түркстан түрк элдеринин коммунисттик партиясы (кыскача Түрк партиясы) түзүү сунушу менен чыкты.



Мунавваркары

Т.Рыскулов муну менен чектелип калбай Түркстан АССР Конституциясын кайра көрүп чыгуу, мусулмандардын өзүнчө армиясын түзүү жана кызыл армиянын мусулман болбогон бардык бөлүктөрүн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Фитрат

Түркстан аймагынан алып чыгып кетүү, ал гана эмес, Түркстан комиссары (Түрккомиссия) жана Түркстан фронту (Түркфронт) түгөтүү маселелерин да күн тартибине чукул түрдө койгон эле. Т.Рыскуловдун эгемендүүлүккө алып баруучу бул пикирлерине Түркстан фронту командири М.В.Фрунзе жана совет өкмөтүнүн жетекчиси В.И.Ленин чечкиндүү түрдө каршы чыккан соң, булар турмушка ашпады. **1920-жылдын** жайында Т.Рыскулов ишинен бошотулуп, Москвага ишке чакырып алынды. Бирок түпкү элдердин кызыкчылыгын коргоо, Түркстан эгемендүүлүгү үчүн ашкере жана тымызын аракеттер үзгүлтүксүз улана берди.

**!**

**Өзүңдү сына!**

Пётр Кобозев – бул ...

Турор Рыскулов – бул ...

Мусулмандар бюросу – бул...

ТАССР аймагы – бул ...

**Түркстандагы ачарчылык жана анын акыбеттери.** Түркстанда 1917-жылдын кышында башталган ачарчылык большевиктердин мыкаачылык саясатынын натыйжасында улам күчөйдү. 1918-жылдын 20-ноябрында Түркстан АССРде **Т.Рыскулов** төр агалыгында ачарчылыкка каршы күрөш Борбордук Комиссиясы түзүлгөн. Бирок комиссиянын ыктыярына совет өкмөтү тарабынан тийиштүү өлчөмдө акча ажыратылбаган. Архивдик документтер далилдегендей. Фергана өрөөнүндө 1917–1923-жылдарда ачарчылыктын натыйжасында 1 млн киши, Самарканд областында 200 000 киши өлүп кеткен.

Бирок коркунучтуу ачарчылык жана оор экономикалык кризисти башынан өткөрүп жаткан Түркстан өлкөсүнөн Борборго азык-түлүк продукцияларын алып чыгып кетүү улам күчөдү. 1920-жылда ташып кетип жаткан нан азыктары жана башка азык-түлүк түрлөрүнүн өлчөмү бир канча жолу көбөйгөн. 1921-1922-жылдарда Түркстандан Россияга 4,4 миң пуд дан жөнөтүлгөн. Ал мезгилде дан жетиштирүүгө багытталбаган



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түркстан айыл чарбасы үчүн бул чоң өлчөмдөгү түшүм эсептелген. Эл ачтыктан кырылып жаткан бир кезде Түркстандагы кээ бир камдалган азык-түлүктөр большевиктер тарабынан фронтто аскердик максаттар үчүн пайдаланылган.

**«Аскердик коммунизмден» жаңы экономикалык саясатка өтүү.** Большевиктер совет бийлигинин алгачкы доорунда (1918 – 1920) жүргүзгөн саясаты «**аскердик коммунизм**» деп аталган. Анын мааниси төмөнкүдөй болгон. Бардык өнөр жай иштеп чыгаруусу мамлекеттин колунда топтолуп, катуу борборлоштуруунун негизинде башкарылган; дыйкандар өзү жетиштирген продукциянын көбүн мамлекетке тапшырган (азык-түлүк развёрсткасы, тактап айканда бөлүштүрүлүшү); мамлекет болсо азык-түлүк жана өнөр жай продукцияларын бөлүштүрүүнү өз колуна алган; базар жоготулуп акча мамилеси натуралдык (продукциялар) менен алмаштырылды; эмгекке жараган бардык калк зордук-зомбулук менен эмгекке тартылды (эмгек милитаризациясы) жана б.

«Аскердик коммунизм» саясаты элге каршы каратылган болуп, социализм куруу усулу иретинде таптакыр жараксыз болчу. Совет бийлиги Түркстандагы бардык фабрика-заводдорду өз ээлеринин колунан тартып алып, андан эң мурда коргоого болжолдонгон продукциялар иштеп чыгарууда пайдаланды. Ишбилермандык менен алектенип келе жаткан коомдор таратылып жиберилди. Ири жана орто өнөр жай мекемелери менен бирге банктар, темир жол транспорту, басмаканалар мамлекеттин карамагына өткөрүлдү. Жеке менчик ээлери арам тамак деп жарыяланып, территорияларында граждандык укуктарынан айрылышты. Базар мамилелери четке кагылды.

Оор экономикалык абал, анын ичинде Түркстандагы абал экономика тармактарында, аны башкарууда түптөн өзгөртүү зарылдыгын көрсөттү. 1921-жылдын көктөмүндө мамлекеттин экономикалык мамилелеринде кескин өзгөрүүлөр жасоо зарылдыгы туулду. РКП (б) X съезди (1921-жыл март) азык-түлүк развёрсткасын азык-түлүк салыгы менен алмаштыруу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жөнүндөгү токтому менен бул иш башталып кетти. **Жаңы экономикалык саясат** (НЭП) деген жаңы жолдун мааниси ушундай болчу.

Түркстан АССРда жаңы экономикалык саясатка өтүү Түркстан Компартиясы VI съездинде (1921-жыл август) саясий жактан негизделди жана ошондон кийин Түркстан АССР Советтери X съездинин токтому менен мыйзамдаштырылды. НЭПтин негизи экономика, эл чарбачылыгына жетекчилик кылуунун аскердик коммунисттик усулдарынан баш тартуу, иштеп чыгаруучуга, эң мурда дыйкандарга бир аз эркиндик берүү эле.

**Орто Азияда жер-суу реформасы биринчи баскычынын турмушка ашырылышы.** Совет бийлиги тарабынан жеке менчиктүүлүктү түгөтүү максатында Орто Азия жер-суу реформасы жүзөгө ашты. Ал эки баскычтан туруп, **1921-1922-жылдарда** Түркстан АССР жана Казакстан АССРда турмушка ашырылган социалдык-экономикалык чаралар биринчи баскычты түзөт.

Реформаны амалдык жактан жүзөгө ашыруу 1921-жылдын жазында башталып, ал алгач Жетисуу, Сырдарыя, Фергана, Самарканд областтарында турмушка ашырылды. Жетисуу реформасы бай-кулак чарбаларын түгөтүү жана көчмөн элди отурукташтыруу; чоң жер ээлигин жоюп, жерлерди жерсиз жана кем жерлүү дыйкандар, батрактар, жалданып иштеген дыйкандар ортосунда эмгек нормалары боюнча бөлүштүрүү; Россия империясы колонизатордук саясатынын кээ бир калдыктарын түгөтүүгө багытталган эле. Вакф жерлерин да реформа жараянында тартып алуу башталды. Террорго жолуккан реформанын курмандары катуу каршылык көрсөтүштү. Түркстан АССРда жеке менчиктүү дыйкандардын совет бийлигине каршы көптөгөн массалык толкундоолор жана козголоңдор болуп, кээ бир абалдарда ал көтөрүлүш даражасына өстү. Реформа кыштактагы саясий абалды татаалдаштырды. Реформанын биринчи баскычында жер түзүү фондуна 1722626 десятина жер кошулду. Бирок совет бийлиги тарабынан ошол ресурстардан калкка болгону 600000 десятина жер эгин эгүү жана жайлоолор үчүн бөлүштүрүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өзүңдү сына!**
1917–1923-жылдар-бул...
Жер-суу реформасынын биринчи баскычы – бул ...
НЭП – бул...
«Аскердик коммунизм» – бул ...

Вакф - кандайдыр бир адамдын дин мекемесине сый кылып берген же осуят кылып калтырылган мүлк.

Совет бийлиги ири байлар жана жер ээлеринен тартып алынган жерлер эсебине алгачкы айыл чарба ширкеттери, коммуналар, совхоздар (мамлекет чарбаларын) түзүүгө киришти. Бирок аларда эмгек өнүмдүүлүгү төмөн болуп, материалдык жактан колдоп-кубаттоо жана камсыздоо жакшы жолго коюлбаган эле.

**Терминдердин түшүндүрмөсү!**
**Пуд** - 16, 38 кг га оордук өлчөө бирдиги.
**Десятина -** (орусча десят - он) метрикалык система кабыл алынганга чейин Россияда колдонгон, 1,09 гектарга тең жер аянтынын өлчөмү.

**Суроо жана тапшырмалар:**
1. Түркстанда совет мухториятын түзүүдөн көздөлгөн максат эмне эле?
2. Түркстанда совет мухторияты мазмуну жана мааниси боюнча эмне үчүн жергиликтүү элдин түпкү кызыкчылыгына жооп бере албаган эле?
3. Түркстан Комиссариатын түзүү зарылчылыгы кандай себептерге байланыштуу эле?
4. Түркkомиссия иш-аракети тууралуу эмне дей аласың?
5. Жаңы экономикалык саясатты жайылтуудагы көздөлгөн негизги максаттарды билесиңби?
6. Түркстанда өткөрүлгөн жер-суу реформасынын биринчи баскычында эмнелерге көбүрөөк көңүл бурулду?

## 5-§. Түркстан АССРда совет бийлигине каршы куралдуу кыймылдар

**Түркстанда советтик режимге каршы куралдуу кыймылдын башталышы.** Түркстан аймагында большевиктер бийлигиндеги советтик режимине каршы боштондук кыймылы 1918-жылдын февралынын соңку он күндүгүндө алгач Кокон тегерегиндеги Бачкир кыштагынан болгон



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Чоң Эргеш

**Кичүү Эргеш** (1885 - 1918) жана **Чоң Эргеш** (1882 –1921) өңдүү корбашылардын аттары менен байланыштуу болуп саналат. 27-февралда большевиктердин аскердик күчтөрүнө каршы салгылашуулардын биринде Кичүү Эргеш шейит болгон соң, анын ордуна Чоң Эргеш Фергана өрөөнүндө большевиктердин колонизатордук тартибине каршы боштондук желегин көтөрдү. Кокон уездиндеги кыймылдын алгачкы таяныч точкасы Бачкир эле. 1918-жылдын март айынын акырына келип Чоң Эргештин аты Фергана өрөөнүнүн калкы ортосунда өтө белгилүү болуп кетти. Маргиланда болсо милициянын мурунку башчысы **Мадаминбек -** Мухаммад Аминбек Ахмадбек уулу (1892–1920) күрөш баштады.

Фергана өрөөнүндө 1918-жылдын ортолоруна келип, болжолдуу **100** гө жакын корбашы өздөрүнүн топтору менен кызыл армия бөлүктөрүнө каршы күрөш алып барышты. Бирок совет бийлигинин мыйзамдуу документтеринде улуттук боштондук кыймылынын маани-маңызы жасалмалаштырылып, ал «басмачылык» кыймылы, анын катышуучулары болсо, «басмачылар» деп туура эмес түшүндүрүлдү.

Түркстанда боштондук кыймылынын пайда болушунун башкы себеби совет бийлигинин өлкөдө жүргүзгөн колонизатордук жана шовинисттик саясаты болду. Большевиктер тарабынан жүзөгө ашырылган алгачкы социалисттик чаралар (мекемелердин мамлекет ыктыярына өткөрүлүшү, жеке менчиктин жоюлушу, азык-түлүк развёрсткасы жана дан монополиясы, ислам дининин чектелиши жана атеизм пропагандасы, мечит, жеке менчик мектеп жана казыканалардын жабылышы жана б.) ошондой эле кызыл армия жоокерлеринин тоноочулук жана баскынчылыктары боштондук кыймылын бөтөнчө курчутуп, көлөмүн кеңейтип, анын өрчүшүнө алып келди.

**Кыймылдын мааниси, максаттары жана социалдык курамы.** Боштондук кыймылынын өзүнө таандык улуттук көрүнүшү жана Түркстанга



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ылайыктуу өзгөчөлүктөрү болгон. Кыймылдын башынан акырына чейин биринчи пикир бул *бүткүл Түркстандын улуттук боштондугу жана эгемендүүлүгү* идеясы болуп саналат. Боштондук кыймылы бирде күчөйүп, бирде солгундап турушуна, анда катышкандардын курамы алмашып тургандыгы жана экинчи ирет кызыкчылыктар өзгөрүп турушуна, объективдүү жана субъективдүү факторлор күчтөрдүн тең салмактуулугуна түрдүүчө таасир кылганына карабай, кыймылдын негизги максаты *Түркстан эгемендүүлүгү үчүн күрөш* болуп калды.

Кыймылдын маанисин совет жетекчилигинин өкүлдөрү да түшүнүүгө аргасыз болушту. Түркстан фронтунун командири М.Фрунзе: «Басмачылыкка каршы күрөшүү бүтүндөй жаңы, бөтөнчө өзгөчөлүгү болгон, өзүнө мүнөздүү душман менен күрөшүү болуп саналат», деп жазган эле. Анын сөзүнө караганда «Жоголсун совет бийлиги!» жана «Эгемендүү бир мусулман мамлекетин түзөбүз!» сөздөрү кыймылдын кыска жана так максатын туюнтат.

Боштондук кыймылынын негизги аракеттендирүүчү күчү дыйкандар, жалданып иштөөчүлөр, мардикерлер, кол өнөрчүлөр жана интеллигенттер болчу. Түркстан АССР жетекчилеринен бири Турар Рыскуловдун айтымына караганда, кыймылга «негизинен дыйкандар жана кол өнөрчүлөр келип кошулушчу». Алардын улуттук курамы түпкү жергиликтүү калкы – өзбектер, тажиктер, кыргыздар, казактар, түркмөндөр, каракалпактар эле. Өзбектердин саны көпчүлүктү түзгөн. Бирок кыймылдын катарында кээ бир европалык улуттардын өкүлдөрү, ал гана эмес орустар да болуп, алар совет режимине каршы күрөшүшкөн. Күрөшкө козголгон элдик кыймылды уюштурууда корбашылардын кызматы чоң болгон.



Мадаминбек

**Фергана өрөөнү жана Самарканд областындагы боштондук салгылашуулары.** Фергана өрөөнүндөгү боштондук кыймылы 1919-жыл жайдын акыры жана күзүндө эң жогорку чекитине чыкты. Сентябрь айынын алгачкы күндөрүндө Мада-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

минбек аскерлери Жалалабад жана Ош шаарларын ээлешти. Алар Эски Маргилан шаарын кызыл баскынчылардан бошотту. Ошону менен бирге өрөөндөгү эң ири стратегиялык шаар – Андижанды курчап алууга киришишти. Мадаминбек башчылыгындагы кошундун чабуулу Фергана өрөөнүнүн жүрөгүн зырпылдатты. 1919-жыл 12-октябрда Памирдин Эргештам айылында болгон конференцияда **Мадаминбек** башчылыгындагы ***Фергана убактылуу мухторият өкмөтү*** түзүлдү. Өкмөттүн курамына 16 түпкү калкы жана 8 орус калкынан кирген. Мадаминбек өкмөттүн башчысы болуу менен бирге кошуундун Башкы командачысы болуп да дайындалды.

1919-жылдын кеч күзүндө Мадаминбектин кол астында 30 000ге жакын жигит кызыл армияга каршы боштондук согуштарын жүргүзүштү. Бул учурда **Шермухаммадбектин** кол астында 20 000, **Чоң Эргеш** корбашыда 8000 аскер болгон. Ошол үч аскербашчы өрөөндөгү согуштук кыймылдарды багыттап турушту.


Шермухаммадбек

Фергана өрөөнүнө большевиктер тарабынан кошумча күчтөрдүн келе башташынын натыйжасында 1920-жылдын январь айынын ортолорунда согуштук демилге кызыл армиянын колуна өттү. Чоң Эргеш корбашынын аскерлери жеңилип, Шермухаммадбек негизги күчтөрүн алып Алай жергесине чегинди. Мадаминбек убакыттан утуш үчүн, Фергана фронту кошуундары командирлигине жарашуу бүтүмү сүйлөшүүлөрүн баштоону сунуш кылды. Натыйжада Мадаминбек менен 2-Түркстан окчу дивизиясынын башчысы **Н.Верёвкин-Рохалский** ортосунда 1920-жылдын 6-мартында **Скобелев** шаарында жарашуу бүтүмүнө кол коюлду. Бирок арадан көп өтпөй совет командирлиги тарабынан корбашылардын ордосуна жиберилген Мадаминбек белгисиз түрдө 1920-жылдын майында өлтүрүлдү.

Түркстандагы кыймыл 1920-жылдын жайы жана күзүндө өзүнүн жаңы баскычына кадам койду. Фергана өрөөнү жана Самарканд областындагы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мекенин сүйүүчүлөр менен бирге эми Бухара жана Харезимде да баскынчы кызыл армияга каршы күрөш башталды. 1920-жылы 3-майда Шермухаммадбек башчылыгында ***Түркстан – түрк эгемендүү ислам жумхурияты*** түзүлдү. Шермухаммадбек боштондук кыймылына башчы болду.

Кең көлөмдүү жоготуулар жана кызыл армия тарабынан аскердик кыймылдын күчөшү да боштондук күрөшүн токтото албады. Фергана армия группасы штабынын «таптакыр жашырын» маалыматтарына караганда, 1921-жыл июнь-сентябрь айларында областта 200 дөн ашуун корбашы топтору кыймылы болгон.

**1921-жыл 13- сентябрда** Фергана өрөөнүндө  чукул абал жарыяланды. 1921-жыл ноябрда Фергана областында совет бийлиги тарабынан аскердик диктатура орнотулду жана Түркстан фронту аскердик революциондук кеңешинин мүчөсү **П.Баранов** Фергана областынын аскердик диктатору болуп дайындалды.

Шермухаммадбек корбашы Ооганстан мамлекетине өтүп кеткенден кийин 1923-1924-жылдарда Фергана өрөөнүндөгү боштондук үчүн күрөшүүчүлөр кошунуна **Ислам Палван** жана **Ёрмат Махсум** өңдүү корбашылар жетекчилик кылышты. Бул мезгилде алар кичине-кичине топтор түзүп, кызыл армияга каршы күрөшүштү. Бирок алар күрөштүн аталган баскычында түрдүү себептер жана жергиликтүү шарттардын натыйжасында дайым эле бир-бирилери менен келишип иш көрүшпөдү.

Самарканд областындагы боштондук үчүн күрөшүүчүлөргө 1918–1923-жылдарда **Бахрамбек** жана **Ачылбек** өңдүү белгилүү корбашылар жетекчилик кылган.

Бахрамбек 1918-жылдан баштап 2000 жигит менен Самарканд областында кызыл армияга каршы салгылашууларда активдүү катышты. Самарканд тегерегиндеги Пасткыштакта төрөлгөн **Хамракулбек** корбашы анын жакын жардамчысы болгон. Бахрамбек өзүнүн жигиттери менен 1922-жылдын жайына чейин кызыл армияга каршы активдүү күрөшкөн. Большевиктер чекисттер жана тыңчылардын жардамы менен 1922-жыл



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

күзүндө Бахрамбек жана иниси **Шахриёр** корбашыны колго алышып, Самарканд шаарында атып ташташкан.

**!**

**Өзүңдү сына!**
Бахрамбек – бул .... Шермухаммадбек – бул ....
Кичүү Эргеш – бул ...Ачылбек – бул ...
Мадаминбек – бул ...Чоң Эргеш – бул ...

Ахмад Заки Валидийнин жазганына караганда, Ачылбек 1921-жылдан баштап «Түркстан улуттук биримдиги» уюму көрсөтмөлөрүнүн негизинде иш алып барган.1923-жыл 10-майда Китоб тегерегинде кызыл армия менен болгон согуштардын биринде баатырларча курман болгон. (Ал элдин арасында баатырдыгы үчүн Ачылдов катары таанымал болгон).

**Корбашылардын иш-аракети жана корбашылардын курултайлары.** Корбашылар боштондук кыймылынын катышуучуларынын аскердик жетекчилери болуп, алар элдин арасында өзүнүн согушчандыгы менен белгилүү болчу. Өз убагында Фергана өрөөнүндө Кичүү Эргеш, Чоң Эргеш, Мадаминбек, Шермухаммадбек, Ислам Палван, Самарканд областында Ачылбек, Бахрамбек жана башкалар кыймылга жетекчилик кылышты. Алардын көпчүлүгү сабаттуу адамдар эле. Фергана өрөөнүндө **Шакархан** жана **Мухиддинбектин энеси**, Бухарада **Надира кыз** өңдүү өзбек кыз-келиндеринен чыккан аял корбашылар Түркстандагы улуттук боштондук күрөшү тарыхына даңктуу барактарын кошушту.

Мадаминбектин мүнөзүндө жол башчылык, мамлекет жана саясий ишмерге таандык сапаттар уйкашкан эле. Ал өрөөндөгү совет бийлигинин органдарына альтернативдүү түрдө өзүнүн саясий башкаруу усулун жайылтты.

Боштондук кыймылын уюштурууда Фергана өрөөнү, Бухара жана Харезмдеги корбашылардын ошол доордо болуп өткөн 30 дан ашуун курултайларынын мааниси зор болгон. Аларда жетекчилер шайланган, корбашылар жалгыз командирликтин кол астына бириктирилген. Бирок буга ар дайым эле көңүл бурулбаган эле. Ошондой эле курултайларда корбашылардын топтору аракеттенүүчү жайлар жана алардын таасир этүүчү чек арасы белгиленген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Корбашылар 1924-жылдын акырында Түркстандагы экономикалык кризис жана жакырчылык, коркунучтуу ачарчылык, элдин оор турмушун көрбөй калуулары мүмкүн эмес болчу. Тынымсыз улантылган жети-жылдык күрөштөн алар да, эл да чарчаган эле.Ошондуктан тирүү калган өч алгычтардын көпчүлүгү **1924-жыл** ичинде каршылыкты токтотушту. Ошентип, 1924-жылдын акырында Түркстан аймагында боштондук кыймылынын **биринчи доору** аяктады. Бирок али алдыда күрөштүн толук он жылы турат болчу.

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Корбашы -** Орто кылымдарда Орто Азия кандыктары курал-жабдык турган үйдү башкарган адам. Түркстан өлкөсүндө Октябрь төңкөрүшүнө чейинки болгон доордо жергиликтүү полициянын башчысы, ошондой эле кийинчерээк, Түркстанда совет режимине каршы боштондук кыймылы башчыларынын наамына айланган

**«Басмачылык» -** Түркстанда 1918-1925-жылдарда кең эл массасы өкүлдөрүнүн баскынчы кызыл армияга каршы жүргүзгөн куралдуу кыймылына совет бийлиги доорунда улуу мамлекет шовинисттери тарабынан берилген расмий наам.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Кандай себептер Түркстанда совет бийлигине каршы куралдуу кыймылга түрткү болду?
2. Ферганадагы кыймылдын жетекчилери арасында кимдердин аттарын атайын бөлүп көрсөтөсүң?
3. Мадаминбекти кандай баалайсың?
4. Самаркanddагы кыймылдын жетекчилери арасында кимдердин аттарын атайын бөлүп көрсөтөсүң?
5. Өрөөн корбашыларынын бир-бирлери менен жетиштүү даражада бириге албаганынын себептерин кандай түшүндүрөсүң?

## 6-§. Бухара эмирлигинде реформалар үчүн күрөш жана кызыл армия тарабынан эмир бийлигинин кулатылышы. БКСРнын түзүлүшү жана иш-аракети

**Бухара эмирлигиндеги абал жана Жаш бухаралыктардын иш-аракети.** Россияда падыша бийлигинин кулашы Бухара эмирлигинде кээ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бир өзгөрүүлөрдү келтирип чыгарды.Бухаранын өкүмдары **Эмир Сайид Алымхан** (1881–1944) айтканына караганда, Убактылуу өкмөт Бухара мамлекетинин эгемендүүлүгүнтан алган. Эмир өкмөтү Ооганстан жана башка мамлекеттер менен байланыштар орноткон. Россия-Бухара мамилелеринде да өзгөрүүлөр болгон. Бухарада иш алып барган Россия империясынын саясий агенттиги **Россия өкмөтүнүн резиденти** деп атала турган болду. Ошондой эле, Бухара эмирлиги территориясындагы орус турак жайларында да жумушчу жана солдат депутаттары Советтери пайда болуп, саясий туруксуздук жана тартипсиздиктер келип чыккан. Мындай абал Бухара эмирлигиндеги саясий абалга да таасирин тийгизди.


Бухаранын өкүмдары Эмир Сайид Алымхан

**Жаш бухаралыктар** партиясы алгач бар болгон эмирлик системасында демократиялык реформалар өткөрүү, конституциялык монархия орнотуу аркылуу эмирдин толук бийлигин чектеп коюу тарапкери болушкан. Петроградда 1917-жылы болгон февраль революциясы Жаш бухаралыктардын ичинде күчтөрдүн ара катышынын кайра группаланышын тездетти. Акырындык менен рефармалоо тарапкерлери болгон эски жадидтерге **Абдулвахид Бурханов–Мунзим** (1875-1934) жана **Садриддин Айний** (1878-1954), ошондой эле реформа тармагында активдүү кыймылдарды колдогон жаш жадидтерге **Абдурауф Фитрат** (1886–1938) жана **Файзулла Хожаев** (1896–1938) жетекчилик кылды. Бухара эмири Сайид Алымхан 1917-жыл 7-апрелде Бухарада түрдүү реформалар өткөрүү жөнүндөгү указга кол койду. Бирок, указды кубаттоо максатында Жаш бухаралыктар тарабынан борбор Бухара шаарында 8-апрелде болгон чыгуулар эмир тарабынан бастырылды.14-


Файзулла Хожаев



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

апрелде указ жокко чыгарылды. Жаш бухаралыктар эмирликте кысууга алынды.

Колесовдун Бухарага чабуулу жана анын акыбеттери. 1917-жылдын ноябрында Түркстан өлкөсүндө большевиктердин бийликке келишинин натыйжасында совет Россиясы менен Бухара эмирлиги ортосундагы саясий абал татаалдашты. 1917-жылдын 2-декабрында Жаңы Бухарада (азыркы Коғон) болуп өткөн эмирлик территориясындагы орус турак жайлары жумушчу жана солдат депутаттары Советтердин II съездинде Бухарада эмирлик системасын кулатып, бийликти **Файзулла Хожаев** башчылыгындагы Жаш бухаралыктарга берүүгө токтом кылды. Түркстан өлкөсү ХКС төр агасы **Фёдор Колесов** башчылыгындагы 3500 кишиден турган аскердик күчтөр 1918-жылдын 1- мартында Жаңы Бухарага жетип келди.

Файзулла Хожаев төр агалыгында 7 кишиден турган революциялык комитет (ревком) түзүлдү. 2-март күнү Эски Бухара шаарына чабуул башталды. Бухара шаарына жакын жердеги Фатхободда болгон алгачкы кагылышта эмир Алымхан кошундары жеңилсе да кийинчерээк бухаралыктар Колесовдун отрядын курчоого алышты. Карманадан Каракөлгө чейинки болгон 170 км аралыктагы темир жол издери эмир максатташтары тарабынан бузуп ташталды. Бухаралыктар шаарды коргоо үчүн козголду. Ф.Колесов 5-март күнү кечинде Ташкент жакка чегинүүгө буйрук берди. 17-мартта Колесов отряды менен Самаркандка жетип келди.

Бир канча күн улантылган сүйлөшүүлөрдөн кийин 1918-жылдын 25-мартында совет Түркстаны менен Бухара эмирлиги ортосунда **Кызылтепа бүтүмүнө** кол коюлду. Эмирдин атынан бүтүмгө башкы зекетчи **Мырза Салимбек** кол койду. Колесовдун катаал чабуулу шерменделик менен кыйраган болсо да, өзүнүн эгемендүүлүгүн коргогон Бухара эмирлиги баскынчы кызыл аскерлердин өз территориясындагы аскердик кыймылдары үчүн жоопту деп эсептелди жана чоң өлчөмдө төлөө белгиленди. Ошондой эле, Колесов отряды Бухара, Кармана жана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Хатирчида талап-тоноолгон чоң байлык менен Ташкентке кайтты. Бул окуялар эмир коллегиясына башчылык кылган белгилүү мамлекеттик ишмер жана белгилүү тарыхчы Мирза Салимбектин «Тарихи салимий» китебинде чагылдырылган.

**Кызыл армиянын Бухарага чабуулу жана эмир бийлигинин кулатылышы.** 1920-жылдын 12-августунда Түркстан фронту командири **М.В.Фрунзе** эмирликти жоюу максатында **Самарканд-Бухара тобун** (фронтун) түзүү жөнүндө буйрук берген. Ушул жол менен Бухара эмирлиги чегараларына 7000 жөө, 2500 аттуу аскер жана жаңы замандын аскердик техникасы даяр абалга келтирилген. Эмир Алымхан ыктыярында болгону 15 000  черүү (аскер), 55 эски замбирек жана 12 пулемёт гана бар эле. Аскердик күчтөр боюнча салыштырмалуу Түркстан фронту кошуундары заманбап куралдарга ээ болчу.

Совет өкмөтү эл аралык укук нормаларын орой түрдө бузуп, 1920-жылдын 29-августунда Бухара эмирлигин жоготууга киришти. Ушул күндөн баштап Эски Бухара абадан да, жерден да катуу бомбардировка кылынган.

**Ой жүгүртүү!**

Аталган окуяны моңголдордун Бухараны  басып алуу жараяны менен салыштыр! «Бухарада 3000 ге жакын короо, 3000 ден ашуу дүкөн, 20 сарай, 29 мечит, 34 кичине базар (гүзөр) өрттөлүп ойрондолгон. Шаар 20 күнчө күйүп-жанып турган.  Бухаранын мындай деңгээлде ойрондолушун эч бир тарых көрбөгөн эле.  Бухаралыктар бул күндөрдү «кичи кыямат» деп аташкан».  Окуяларга күбө болгон тарыхчы Мухаммад Али Балжувоний өзүнүн «Тарихи нафое» («Пайдалуу тарых») чыгармасынан.

Бухаранын Каршы дарбазасына чейин келген темиржолдо турган бронепоезд (замбирек, пулемёт менен жабдылган поезд) жана Самарканд, Шайх Жалол, Намазгах дарбазаларына жакын жайгаштырылган замбиректерден 1-2-сентябрь күндөрү шаарга 12 000 снаряд ташталган. Шаар үстүндө учуп жүргөн 11 «кара кузгун» (аэроплан) 3 күн бою бомба жаадырган. Ал гана эмес шаарга химиялык снаряддарда ок атылган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кулаган дарбазалардан кызыл аскерлер шаарга бастырып киришкен. Көчөдө салгылашуулар башталып кеткен. Эмир Алымхан шаар эстеликтерин жана элин аман сактоо максатында борборду таштап, Чыгыш Бухарага чегинген. **1920-жылдын 2-сентябрында** кызыл армия тарабынан Бухара шаары ээленген. Бухара эмир бийлиги кулатылды жана Жаш бухаралыктар бийликке келишти.



Абдулкодир Мухитдинов

**Бухара Калк Совет Республикасынын түзүлүшү.** Шаарды басып алган кызыл аскерлер Арктагы эмир казынасын, Бухара казы-каланы, кушбеги жана башка мансаптуулардын байлыктарын мамлекеттин пайдасына конфискациялайт.

Большевиктер, кызыл армия командирлери, жөнөкөй аскерлер чоң байлык арттырышкан. Чоң байлыкты жашыруун өздөштүргөн «кызыл командир» М.Фрунзе 1920-жылдын сенябрында Москвага кайткан соң, колго алынган жана бир канча ай үй камагында сакталган. Сентябрь айынын башында эмирлик казынасы жана башка байлыктар жүктөлгөн 2 эшелон Самарканд жана Ташкент аркылуу Москвага жиберилген.

! ***Өзүңдү сына!***

1920-жыл 6 - 8-октябрь – бул ...
1920-жыл 2-сентябрь – бул ...
1920-жыл 29-август– бул
1918-жыл 25-март – бул бул...
1920-жыл 12-август – бул...
1917-жыл 2-декабрь– бул...

**1920-жылдын 6–8-октябрында** эмирдин жайкы сарайы – Ситораи-Мохи Хосада чакырылган Бүткүлбухара калк өкүлдөрүнүн I курултайында Бухара Калк Совет Республикасы (БКСР) түзүлгөндүгү салтанаттуу түрдө жарыяланды. Жаш бухаралыктар партиясынын жетекчиси **Файзулла Хожаев** жаңы өкмөт – БКСР Инспекторлор Советинин төр агасы, Абдулкодир Мухитдинов Бүткүлбухара Борбордук революциондук Комитети (Борбордук ревком) төр агасы болду. ВКСР мамлекеттик системасы жагынан элдик демократиялык өкмөтү эле. Ага кыска мөөнөттө орто кылымдардан мурас калган эмир Бухарасынын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Порсо Хожаев

демократиялык мамлекетке айлантыруу өңдүү тарыхый милдетти аткаруу жүктөлдү.

БКСР алгачкы өкмөт курамына Файзулла Хожаев төр ага жана тышкы иштер, Кары Йулдаш Пулатов агартуу, Мухтаржан Сайиджанов ички иштер, Усмон Хожа (Усмонхожа Полатхожаев) финансы, Нажиб Хусанов мамлекеттик сакчы, Ю.Иброхимов чукул абалда комиссия төр агасы, Мукаммал Бурханов юстиция, Шихобиддинов аскердик иштер, Мирза Мухиддин Мансуров соода жана өнөр жай инспекторлору катары киргизилди. Бүткүлбухара Борбордук Революциялык Комитетинин мүчөлөрү кылып Муинжан Аминов, Алымжан Акчурин, Абдулхамид Орипов, Собир Юсупов, Хожи Хасан Иброхимов, Файзулла Хожаев, Кулмухамедов дайындалды.



Файзулла Хожаев башчылыгында түзүлгөн Бухара, Калк Совет Республикасы өкмөтү - Эл Инспекторлор совети мүчөлөрү

**БКСРдеги саясий, экономикалык жана маданий өзгөрүүлөр.** 1921-жылдын 18–23-сентябрында болгон Бүткүлбухара калк өкүлдөрүнүн II курултайында демократиялык рухдагы БКСР Конституциясы кабыл кылынды. Борбордук Ревком ордуна укук чыгаруучу жана сакчылык кылуучу жогорку орган – Бүтүнбухара Борбордук Аткаруу Комитети түзүлдү. Белгилүү мамлекеттик ишмер **Усмон Хожа** төр ага болду. Ал кийинчерээк, чет өлкөгө чыгып кеткенден соң, 1922–1924-жылдарда бул орунду **Порсо Хожаев** ээледи.



Усман Хожа

**Бирок БКСР өкмөтүнүн ичинде саясий бөлүнүүлөр күчөдү.** Бир жактан Бухара Коммунисттик партиясы ичиндеги «сол» жана «оң» коммунисттерге каршы идеялык жактан күрөш алып барууга туура келсе, экинчи жактан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

РСФСР жана анын чукул абалдагы органдары болгон Түркомиссия, Түркбюро, Түркфронт, Орто Азия бюросу, Орто Азия экономикалык Кеңеши жаш «эгемендүү» мамлекет жетекчисинин ар бир кадамын кылдаттык менен көзөтүп турат эле. Ошого карабай Файзулла Хожаев, Абдулкодир Мухитдинов, Фитрат, Атаулла Хожаев өндүү ишмерлер өкмөттө демократиялык жолду бекем кармап, бирдей орунда турушту.

Бухарадагы демократиялык өзгөрүүлөргө мамлекет тышкарысынан чектөө, эзүү улам күчөдү. 1923-жылдын жайы жана күзүндө тышкы күчтөрдүн кысымчылыгы, кордугу менен Файзулла Хожаевдин жакын максатташтары болгон Фитрат, Атаулла Хожаев, Саттар Хожаев, Муинжон Аминов, Кары Йулдаш Пулатов жана башка инспекторлор өкмөттүн курамынан чыгарылды жана Бухарадан сүргүн кылынды.

Бухара өкмөтү Москва жана Ташкенттин «коммунистче сабак» алган «тажрыйбалуу совет өкүлдөрү» менен толтурулду. Өкмөттө Түркстан АССРнан жиберилген комиссарлардын таасири улам күчөдү. Коом барган сайын саясатташты. 1924-жылдын 18–20-сентябрында болгон Бүткүлбухара эл өкүлдөрүнүнV курултайында БКСРдын аты өзгөртүлүп, ал Бухара Совет Социалисттик Республикасына (БССР) айланды. Ошентип, Борбор жана Түркстан АССРдеги большевиктер жана башка күчтөр Бухараны «социалисттик» өзгөртүрүүлөр айланпасына тартышты

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. 1910-жылдан баштап Бухара эмирлигинде абал кандай болчу?
2. «Колесов окуясы» эмне максатта уюштурулду жана кандай акыбеттерге себепчи болду?
3. Жаш бухаралыктардын иш-аракети жөнүндө эмнелерди билесиң?
4. Большевиктер жана совет бийлигинин Бухара ички иштерине аралашуусунун күчөйүшүнүн себептери эмнеде эле?
5. Совет Түркстаны аскердик кошуунунун Бухарага баскычылык уюштурганын кандай баалоого болот?
6. Бухара эмирлиги кулатылгандан кийин кандай бийлик органдары түзүлдү?
7. Бухара Калк Совет Республикасы мүчөлөрүнүн сүрөтүнө карап, алардын аты-жөнүн жана кызмат ордун аныктоого аракеттен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 7-§. Хива хандыгындагы абал жана хан бийлигинин кулатылышы. ХХСРнин түзүлүшү жана түрдүү реформалар

**Хива хандыгындагы саясий кырдаал жана Жаш хиваллыктардын иш-аракети.** 1917-жылдын баштарында Россиянын борборунда болгон окуялар Хива хандыгына да өз таасирин тийгизди. 1917-жылдын 5-апрелинде Хива ханы **Асфандиёрхан** (1910–1918) жаш хиваллыктар партиясынын реформа жөнүндөгү манифестине кол койду. Жаш хиваллыктар партиясы **1914-жылы** түзүлгөн эле. Манифестте жаңы усул мектептеринин ачылышы, мамлекетте темир жол, почта, телеграф курулушу зарылдыгы, мамлекет казынасын көзөмөлдөө, бардык мансаптуулардын шайланышы жана маяна менен камсыздалышы, бүткүл элдин шарият алдында теңдиги баса белгиленген эле.


Асфандиёрхан


Бобоахун Салимов

Реформаларды турмушка ашырылышын көзөмөлдөө үчүн 30 кишиден турган **Идораи машрута** (ачык-ашкере мыйзамдуу мекемеси дегенди түшүндүрөт) түзүлдү. 8-апрель күнү мамлекетти башкаруу үчүн Хивада хан алдында башкы казы **Бобоахун Салимов** башчылыгында Мажлис жана **Хусайнбек девонбеги Матмуродов** төр агалыгында Инспекторлор Совети түзүлдү. Муну менен Хива хандыгында кыска мөөнөткө болсо да конституциялык монархия орнотулду. 1917-жылдын майында Жаш хиваллыктар партиясы жетекчиси **Полвоннияз Юсупов** башчылыгындагы делегация Убактылуу өкмөт өкүлдөрү менен сүйлөшүү өткөрүү үчүн Ташкентке келди. Бирок Асфандиёрхан Убактылуу өкмөттүн Хивадагы өкүлү генерал **Мирбадалов** башчылыгындагы аскердик күчтөргө таянып, июнь айында Мажлисти таратып жиберди. Хан өзүнө макул болгон кишилерден **Ортик Охун** жана **Исхакхожа Хожаев** башчылыгында жаңы курамдагы Мажлис жана Инспекторлор Советин калыптандырды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жаш хивалыктардан аёосуз өч алуу башталды. Хусайн Матмуродов башчылыгындагы Мажлистин 17 мурунку мүчөсү камакка алынды жана кийинчерээк өлтүрүлдү. 1917-жылдын ноябрында Асфандиёрхан орус казактарынын жардамында Мажлисти бүтүндөй түгөттү. Хандын зомбулук системасы менен күрөштө жеңилүүгө жолуккан Жаш хивалыктар мамлекеттин территориясынан чыгып кетүүгө аргасыз болду.

**Хандыкта кырдаалдын татаалдашып баруусу.** Хива хандыгынын өз алдынчалыгына совет Россиясы тарабынан тышкы коркунучту алдын ала сезген хан коргонуу чараларын көрүүгө умтулду. Асфандиёрхан тарабынан 1918-жылы **Жунаидхан** Хива хандыгы куралдуу күчтөрдүн командачысы кылып дайындалды. Жунаидхандын чыныгы аты Курбон Мамед Сардор болуп, ал түркмөндөрдүн ёвмут уругунан болгон.

> **!** **Өзүңдү сына!**
> **1917-жыл 5-апрель – бул...**
> **1919-жыл 9-апрель – бул...**
> **1918-жыл 30-октябрь – бул...**
> **1918-жыл 10-январь – бул...**

Хива хандыгы территориясынын бир бөлүмүндө Амударыя тармагы (борбору – Петро-Александровск; азыркы Төрткөл) түзүлгөн болуп, ал Түркстан генерал-губернаторлугу курамына кирген. Февраль революциясынан кийин Төрткөлдө да совет бийлиги орнотулду. Төрткөлдө турган совет командачысынын аскердик күчтөрү үзгүлтүксүз түрдө Хива хандыгы территориясына зордук менен кийлигишип турду. Ханга каршы оппозицияда турган Жаш хивалыктардын көпчүлүгү да бул жерден башмаанек тапты.

1918-жылдын 30-октябрында Хивада болгон сарай арамзалыгынын акыбетинде Асфандиёрхан өлтүрүлдү. Такка маркум хандын чоң агасы, замандаштарынын ою боюнча бош жана чыйрак эмес, кайратсыз **Саид Абдуллахан** (1918–1920) отурду, өкмөт башчысы **Давлатмурод махрам** болду. Бирок жаңы хан мамлекеттин иштери менен алектенбейт эле. Бийлик Жунаидхан колунда борборлошту. Жунаидхан совет бийлигинин ашынган каардуу душманы болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жунаидхан кошуундары 1918-жылдын ноябрында Амударыядан өтүп, Төрткөлгө чабуул жасады. Кызыл аскерлерге каршы айыгышкан согуштар болуп, ал 1,5-жылга чейин уланды. 1919-жылдын 9-апрелинде Хива жакынындагы **Тахта** кыштагында Жунаидхан менен совет бийлигинин өкүлдөрү ортосунда келишимге кол коюлду.Тахта келишими катары тарыхка кирген бул келишимде Хива хандыгынын эгемендүүлүгү совет бийлиги тарабынан моюнга алды. Бирок совет Россиясы жана Түркстандын большевик жетекчилери Хива хандыгындагы бардык оппозициялык күчтөрдү бириктирүүгө абдан катуу умтулду.

**Кызыл армия тарабынан Хива хандыгынын жоюлушу.** 1919-жылдын 4-ноябрында Жаш хивалыктанр, Төрткөлдөгү революциячы коммунисттер группасы, ошондой эле **Кошмамедхан Сапиев** жана **Гуламалихан Баходир** башчылыгындагы түркмөн уруулары Хива ханы Саид Абдуллахан жана түркмөн ёвмуттарынын (түркмөн уруусунун аты) жетекчиси Жунаидханга каршы күрөш баштоо үчүн өз ара бирдик түзүп, Хива шаарын ээлөө үчүн кызыл аскерлерди жардамга чакырды.

Чындыгында Хивада хан, Бухарада эмир бийликтеринин кулатылышы объективдүү караганда туура окуя болду. Бирок бул бийлик ички күчтөр тарабынан тынч жол менен эмес, балким тышкы күчтөр – совет Россиясы жана большевиктердин аскердик бөлүктөрү тарабынан зордук-зомбулук менен жоготулду. Аймактагы 2 эгемендүү өзбек мамлекетинин территориясына кызыл армия киргизилди жана аларды советтештирүү жараяны башталды. Ошону менен бирге хандыктарда социалдык-экономикалык мамилелер терең кризиске учурап, коомдун өнүгүшүндө монархия системасы олуттуу тоскоолго айланган эле. Жаш хивалыктар да, Жаш бухаралыктар да большевиктер жана совет бийлиги менен өнөктөш болушса да Харезм жана Бухарада демократиялык реформаларды жүзөгө ашыруу үчүн олуттуу күрөшүштү.

**Харезм Калк Совет Республикасынын түзүлүшү ошондой эле андагы экономикалык, социалдык жана маданий өзгөрүүлөр.** Хива шаарында 1920-жылдын 26–30-апрелинде болуп өткөн Бүткүлхарезм



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

калк өкүлдөрүнүн I курултайында Харезм Калк Совет Республикасы (ХКСР) түзүлгөндүгү жарыяланды. ХКСР Инспекторлор Советинин төр агасы кылып Жаш хивалыктар партиясынын жетекчиси **Полвоннияз Юсупов** шайланды. Курултайда ХКСРинин убактылуу Конституциясы жана алгачкы Туусу кабыл алынды ХКСРнын жаш өкмөтү БКСР, Түркстан АССР, РСФСР мамлекеттеринен тышкары Финляндия, Швеция, Германия, Туркия, Ооганстан, Иран өндүү чет мамлекеттер менен да эгемендүү түрдө соода-сатык жана экономикалык байланыштарды алып барууга аракет кылган. Мисалы, 1921-жылдын 24-ноябрда Ооганстанга башкы казы Бобоахун Салимовдун башчылыгында атайын элчилик коллегиясы жөнөтүлгөн.



Полвоннияз Юсупов

Бирок келишим жана бүтүмдөрдө көрсөтүлгөн негизги статьяларды, айрыкча ХКСРнин эгемендүүлүк жана кол тийбестик укугун совет Россиясы моюнга албай, үзгүлтүксүз түрдө жаш республиканын ички иштерине орой түрдө аралашып турду, дал эле БКСРда болгондой Харезмде да чоң сандагы кызыл аскерлерди сактап, бул аскердик күчтөр аркылуу мамлекетти өзү башкарууга умтулду. 1921-жылдын 6-мартында Харезмде кызыл аскерлер уюштурган аскердик мамлекет төңкөрүшүнөн кийин П. Юсупов өкмөтү да кулатып ташталды. Өкмөттүн мурунку төр агасы жашырынууга үлгүрдү. Бирок арадан көп өтпөй эле ал камакка алынды. Большевиктер көптөгөн инспекторлорду атып ташташты. Тирүү калган кээ бир инспекторлор Жунаидханга барып кошулушту. Жалпылап айтканда, ХКСР бар болгон 5 жылдын ичинде большевиктер тарабынан ХКСР МИК төр агалары жана өкмөт башчыларынын ар бири 10 жолудан өзгөртүрүлдү. Харезмде өткөрүлгөн мындай мамлекет төңкөрүштөрүнүн акыбетинде өзбек элинин көптөгөн чыныгы перзенттери жок кылынды

ХКСРда экономикалык саясат жана чарба тармагындагы реформалар карама-каршылыктуу түрдө болду. Салыктын оор жүгү соодагерлерге, сүткорлорго жана ири жер ээлерине жүктөлдү. Айыл чарбасында 1922-жыл декабрда жалпыга бирдей жалгыз салык системасы жайылтылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1923-жыл июнда кол өнөрчүлүк жана өнөр жай тармагындагы салыктар да бир системага салынып, мамлекеттин өнөр жай салыгы жайылтылды.

ХКСР өкмөтү маданий-агартуу жана саламаттыкты сактоо иштерине да чоң көңүл бурду. 1920-жылдын жазында республикада жаңы типтеги мектептер уюштурула баштады. 1921-жылдын сентябрында Хивада ачылган калк университети республиканын маданий турмушундагы чоң окуя болду.

1923-жыл 17–20-октябрда болгон Бүткүлхарезм калк өкүлдөрүнүн IVкурултайы ХКСРын **Харезм Совет Социалисттик Республикасына** (ХССР) айландыруу жөнүндө токтом кабыл алды. Кабыл алынган жаңы Конституция мамлекеттин социалисттик курулуш жолуна өтүүсүн мыйзам жолу менен бышыктады. Бар болгон жерлер жалпы элдин менчиги деп жарыяланып, бардык вакф мүлктөр агартуу инспекторлугу ыктыярына берилди. Казыканалар иш-аракети чектелип, совет соттору уюштурулду. Мына ушундай түрдө 1923-жыл октябрь айынан баштап Харезмдеги демократиялык өзгөрүүлөргө чек коюлду. Харезмди советтештирүү жараяны өзүнүн жогору баскычына көтөрүлдү. Өкмөттүн кескин жаңы саясатынан наразы болгон бардык адамдар мындай кырдаалда боштондук кыймылы өкүлдөрүнүн катарын толтурушту. Түркстанда совет режимине каршы куралдуу кыймыл Харезм аймагына да кеңири тараган болчу. Ошентип, 1924-жылдын акырында Борбор тарабынан эгемендүү мамлекеттер болгон ХКСР жана БКСР жоюлуп, аймакта өзбек калк мамлекеттүүлүгү калыптанган эки тарыхый борбор жоготулду. Большевиктер муну менен өзбек элинин кылымдар бою калыптанган маанилүү саясий, экономикалык, тарыхый жана маданий борборлору болгон Бухара жана Харезмге олутуу сокку беришти.

**Суроо жана тапшырмалар!**

1. Хивада хан алдында түзүлгөн Мажлис жана Инспекторлор Совети хандын толук бийлигин канчалык даражада чектеди?
2. Тахта кыштагында кол коюлган келишим Хива хандыгынын саясий абалына канчалык даражада таасирин тийгизди?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 8-§. БКСР жана ХКСРда кызыл армияга каршы күрөш

**БКСР аймагында кызыл армияга каршы күрөш жана калк козголоңдорунун башталышы.** Кызыл армиянын Бухара жана Харезм мамлекеттери аймактарына кол салуучулук менен бастырып кирип, талап-тоноочулуктары, зордук-зомбулуктары, кан төгүүлөрү массалык наразычылыкты туудурган негизги себептерден болду. Бухара жана Харезм калкы өз мамлекеттерине бастырып кирген баскынчы кызыл армия аскерлерине каршы улуттук боштондук күрөшүнө козголду. Бул аймактарда мекенди сүйүүчүлөр кыймылы кеңейип кеңири кулач жайды. Кыймылда жергиликтүү элдин дээрлик бардык катмарлары, биринчи иретте дыйкандар жана кол өнөрчүлөр жигердүү катышышты. Бул абал кыймылдын жетекчилери, аларга келип кошулгандардын түрдүү тапка таандык болгону, кызыл армияга каршы аёосуз жана өмүр-өлүм күрөшүнө шайлангандардын чөйрөсүнүн көлөмү кең жана күчтүү болгонун көрсөтөт.

Бухарада эмирлик системасы кулатылгандан соң, **1920-жылдын күзүндө** кызыл армияга каршы күрөш алып барган корбашылардын групталары, шаар жана кыштактардагы көтөрүлүштөр мамлекеттин бардык территориясы - батыш, борбордук, чыгыш жактарында башталып, массалык түс алды. 1920-жылдын сентябрында Чыгыш Бухарага келген мурунку **эмир Алымхан** чоң күчтөр топтоп, кызыл армияга каршы күрөшүүгө жетекчилик кылды.

Батыш Бухара территориясында **Мулла Абдулкаххар,** Чыгыш Бухара территориясында **Ибрахимбек** жана **Давлатмандбек** өңдүү корбашылар кыймылга жетекчилик кылышты. 1921-жылдын март айында бир топ салгылашууларда жеңилген Алымхан Ооганстан мамлекетинин территориясына өтүп кетүүгө аргасыз болду. Бирок бул учурда Чыгыш Бухарада кызыл армияга каршы эл массалык түрдө көтөрүлүш жасады.

**Ой жүгүртүү!**
Хива хандыгы жана Бухара эмирликтери качан көз каранды мамлекетке айланган эле? Алардын толук эгемендүү болбогону эмнелерде көрүндү?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ибрахимбек

**Бухара корбашыларынын улуттук боштондук күрөшү.** Кыска мөөнөттө Мулла Абдулкаххар башчылыгында Бухара борборуна райондордон аскер жыйналды жана кызыл армияга каршы согушчан аракеттер жүргүзүлдү. Ошондой эле, Мулла Абдулкаххар жетекчилигинде Бухара, Кармана жана Нурата областтарында ондогон корбашы топтору иш алып барышты. Анын кол астында Бухаранын батыш жагында 20 корбашы бириккен. Алардын арасында **Хамро Полвон, Хайит Амин, Омон Полвон, Остон Коровулбеги** өңдүү шофиркондык корбашылар да болгон. Алар негизинен Гиждувон, Шофиркон, Вобкент, Ромитан райондору, ошондой эле Нурата жана Карманада өз аракеттерин күчөтүшкөн.

Мулла Абдулкаххар жигиттери менен кызыл аскерлер ортосунда 1924-жылдын жайы жана күзүндө Гиждувон районунун Гишти жана Каттагамхор кыштактарында, Нурата тоолорунда, Шофиркон районуна туташкан Кызылкумдун Жилвон кумдуктарында, Богиафзал жана Вардонзе кыштактарында катуу кагылыштар болду. Мулла Абдулкаххар корбашы Кызылкумда кызыл аскерлерге каршы согуштардын биринде 1924-жылдын аягында курман болду.



Хамро Полвон
тергөөдө

Ибрахимбек кол астындагы Чыгыш Бухара территориясында өзүнүн башкаруу усулун турмушка ашырды. Жер-жерлерде Бухара өкмөтү жоюлуп, анын ордуна эмирлик доорундагы башкаруу усулу жайылтылган. Мындан Түркстанда иш алып бара жаткан борбордук өкмөттүн өкүлдөрү тынчсызданышат. Ошондуктан да Түркстан фронту саясий башкармасы тарабынан Ибрахимбек менен башка корбашы топтору ортосунда чатак чыгаруу үчүн сунуштар берилет. Ибрахимбек корбашы көп жылдар бою Чыгыш Бухарада кызыл армияга каршы өз жанын аябай күрөштү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бухарадагы боштондук кыймылы жетекчилеринин арасында Түркиядан келген генерал – **Анвар** жана **Салим Пошо** өзүнчө айырмаланып турат. Анвар Пошо 1921-жылдын октябрында Кавказдан Бухара шаарына келген соң, 9-ноябрда Каршы жакынындагы Киликол тегерегинде **Мулла Нафис** корбашы менен жолугушуп, атайын билдирүү менен чыгат, түркстандыктар, бухаралыктардын совет режими жана кызыл армияга каршы ыйык күрөшүнө кошулгандыгын жарыялайт.


Анвар Пошо

Анвар Пошонын аракети менен Чыгыш Бухарада биригишкен бөлүктөр жаралды жана ал түрк офицерлери менен бекемделди, батышча командачылык усулу жайылтылды. Анвар Пошо 1922-жылдын августунда Чыгыш Бухаранын Балжувон тегерегиндеги Обидара кыштагында кызыл аскерлерге каршы согушта каармандарча курман болду. Түркстандын эркиндикти сүйгөн акыны **Чолпон** Анвар Пошоны эскерүү менен ага арнап «Балжувон» кошогун (марсия) жазды.

БКСР Борбордук Аткаруу Комитетинин төр агасы Усмон Хожа, аскердик иштер инспектору Абдулхамид Орипов ошондой эле Мухиддин Махсум Хожаев, Али Ризо Афанди, Сурайё Афанди, Кулмухамедов жана башка улуттук жекеткчилер өз кызмат орундарын четке кагып, оппозициядагы куралдуу кыймылдын катарына өтүп кеткени көп нерсени далилдейт.

**Харезмде Жунаидхан башчылыгындагы кыймыл жана анын өзгөчөлүктөрү.** Жунаидхан жетекчилигиндеги куралдуу топтор көп жылдар бою кызыл армияга каршы күрөштү. Анын кошуундары катарында түркмөн жана өзбектерден тышкары казак жана каракалпактар да көпчүлүк эле. Көөнө Үргенч, Иляли, Тошховуз, Мангыт, Кошкопир, Чымбай, Конгурат жана Төрткөлдө кыймыл жүргүзгөн ондогон башчылардын топтору кызыл аскерлерге каттуу сокку берген.

Жунаидхан тарых барактарында татаал жана карама-каршылыктуу инсан катары мүнөздөлгөн. Анын иш-аракети да мүнөзүндөгүдөй кескин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жана убайымдуу, жеңиштүү жана кайгылуу болду. Мурда Россия империясы жана Хива хандыгына каршы күрөшкөн Жунаидхан 1918-жылдын ортолорунан баштап кызыл аскерлерге каршы эгемендүүлүк үчүн согушка кирген эле.

**Өзүңдү сына!**

Анвар Пошо – бул...
Мулла Абдулкаххар – бул...
Иброхимбек – бул...
Эмир Алымхан – бул...



Жунаидхан

1922-жылдын көктөмүндө Жунаидхан Харезмде өз иш-аракетин дагы да күчөттү. Бул мезгилде анын кошуундарынын саны **15000** жигиттен түзүлгөн болуп, алар большевиктерге каршы тура алуучу олуттуу күчкө айланышкан эле. Мисалы, 1922-жылдын апрель айында Жунаидхан кошуундары **Порсу шаары** жана анын тегерегин кызыл аскерлерден бошотушту. Көөнө Үргенч жанындагы кыштактарда да алар айыгышкан согуштарды алып барышты.

Борбор Харезмде «басмачылык» кыймылын тездик менен чечүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү ишке салды. Бул абал, айрыкча, 1923-жылдан баштап дагы да күчөдү. 1923-жыл 12-январда болгон үчүнчү чакырык ХКСР МИК II сессиясында Харезмде 4 жылдан бери улантылып келе жаткан «басмачылык» кыймылына каршы өкмөттүн өзү күрөш алып барууга чабал экенин ачык айтып, РСФСР (чындыгында СССР) өкмөтүнөн «шашылыш түрдө аскердик жардам» сурады.

Жунаидхан 1924-жыл 17-июнда өзүнүн 20 шериги менен Өоганстандагы Герат шаарына жетип келди. Булактарда айтылганына караганда, ал бул жерде туруп өз кошуундарынын катарын толтурууга даярданган. Арадан көп өтпөй, Жунаидхан ХКСР территориясына кайтып келди жана боштондук кыймылына башчылык кылууну улантты.

**Ой жүгүртүү!**

Ахмад Заки Валидий өзүнүн «Эскерүүлөр» китебинде Жунаидханды «Россия бийлиги алдында моюн сунууну каалабаган мамлекет каарманы» иретинде мүнөздөгөн эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Боштондук кыймылынын жеңилүү себептери жана күрөш сабактары.** 1924-жылдын күзүндө Орто Азияда улуттук-территориялык чек ара түзүлүшү өткөрүлүшүнүн натыйжасында куралдуу күрөштүн биринчи доору аяктады. Анын экинчи доору (1925-1935-жылдар) болсо дагы 10 жыл улантылып, өзүнүн мүнөзү жана күчтөрдүн салыштырмалуулугу жагынан да мурунку дооруна караганда бир топ айырмаланат. Бул доордо негизинен Чыгыш Бухара, Харезм жана Фергана өрөөнүнүн кээ бир территорияларында салгылашуулар улантылды. 1935-жылга келип Түркстандагы боштондук аракети жеңилди. Тирүү калган күрөшүүчүлөрдүн көпчүлүгү чет мамлекеттерге мигрант болуп жөнөп кетүүгө аргасыз болду.

**Ой жүгүртүү!**

*Оку жана корутунду чыгар!*

«...Түркстан бермети болгон Фергана эки-жылдан ашуун убакыттан бери кандуу согуш аянты абалында... Бул жердеги совет бийлиги алгач түзүлгөн доордо орус жана жерлүү жумушчу, дыйкан топторун өзүнө тартуу ордуна эмгекчил элди өзүнөн алыстатуу үчүн колунан келгенче аракет кылды... Бул жерде аракет кылган кызыл аскер бөлүктөрү, революцияны коргогон кээ бир жетекчилер жерлүү эмгекчил элдин түпкү кызыкчылыктары менен эсептешпеди, анын ой-тилегине, кайгы-муңуна кулак салбады. Басмачылык кыймылы мына ушунун негизинде пайда болду. Басмачылар - жөнөкөй каракчылар эмес. Ошондо аларды тез жоготуу мүмкүн болор эле».

***М.Фрунзе***

Боштондук кыймылынын эң алсыз жагы анын Түркстан аймагында жалгыз борбордун астында толук бириге албастыгы, кыймылдын башынан аягына чейин идеологиялык негиз болуп кызмат кылуучу жеке улуттук программанын жаратылбагандыгы, ошондой эле кээ бир жетекчилер ортосундагы келишпөөчүлүк жана карама-каршылыктар, айрымдарынын көз карашынын тардыгы жана башкалар кыймылдын жеңилишине себеп болду. Кээ бир корбашылар (Халхожа Эшон, Гуломалихан, Баходыр жана б.) кыймылга жалгыз өздөрү жетекчилик кылууну ойлоп, бир командирликке моюн сунбады. Ошондой эле, боштондук кыймылына байланышы болбогон кээ бир кылмышкер топтор тоноочулук жана баскынчылык менен алектенип, көптөгөн күнөөсүз адамдарды өлтүрүштү. Мындан кызыл



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

армия командирлиги жана большевиктер усталык менен пайдаланышты. Алар атайын жашыруун чалгынчылар жана тыңчылар, түрдүү айгакчылар жана саткындардын жардамында кыймыл ичиндеги биримдикти талкалоо, кээ бир топтор жетекчилери ортосундагы бытырандылык жана өз ара ырксыздыкты дагы да күчөтүүгө аракеттеништи. Акыры, совет бийлиги бир канча реформалар өткөрүү, атайын, жаңы экономикалык саясатты жайылтуу жана элге билим берүү тармагындагы өзгөрүүлөрдү турмушка ашырып, эл үчүн бир аз жеңилдик туудургандан соң жана түрдүү-түмөн пропагандалардын натыйжасында куралдуу кыймыл катышуучуларын эмгекчилер колдоп-кубаттоосунан кайтарышты.

Кыскача айтканда, боштондук үчүн күрөшкөн ата-бабаларыбыз өз күрөштөрү менен Түркстан территориясындагы бардык элдердин улуттук боштондук кыймылы тарыхына жаркын жана шаңдуу барактарды калтырып, Өзбекстан Республикасынын бүгүнкү эгемендүүлүк жана көз карандысыздыгына жетишүүдө өтө чоң кызмат кылышты. Аталарыбыздын эркиндик жана боштондук үчүн төккөн кандары курулай пайдасыз кетпеди.

**Эсте сакта!**

Батыш Бухара территориясында Мулла Абдулкаххар, Чыгыш Бухара территориясында Ибрахимбек жана Давлатмандбек сыяктуу корбашылар кыймылга жетекчилик кылышты. Бухарадагы көз карандысыздык кыймылы жетекчилеринин ортосунда Туркиядан келген генерал – Анвар жана Салим Пошолар аракет кылган.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1.Эмне себептен БКСР өкмөтү мүчөлөрүнүн кээ бирлери корбашылар тарабына өтүп кетишти?

2.Бухара жана Харезмде кызыл армияга каршы боштондук кыймылынын башталышына эмнелер себеп болду?

3. Боштондук кыймылы өкүлдөрүнүн идеялары ортосунда кандай айырмалар же окшоштуктар болгон?

4.Боштондук кыймылынын жеңилишине себеп болгон факторлорду айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 9-§. Орто Азия республикаларында өткөрүлгөн улуттук-территориялык чектелүү жана анын акыбеттери

**Түркстан -аймак элдеринин жалгыз жергеси жана жалпы мекени.**

Түркстан аймагы эзелтен түрк элдеринин жалгыз жергеси жана жалпы мекени болгон. **1918–1924-жылдардагы Түркстан АССР, БКСР, ХКСРдын** түпкү элдери кылымдар бою турмуштук жашоо шарты жана каада-салттары жагынан бир-бирине өтө жакын болушкан. Түркстандагы түрдүү мамлекеттердин ар биринде түркий элдер: өзбектер, түркмөндөр, каракалпактар, казактар, кыргыздар, ошондой эле тажик эли байыртадан жашагандыгы тарыхый түзүлгөн окуя эле. Түркстан аймагынын элдери ушул топуракты, Туран жерин илгертен өздөрүнүн чыныгы Мекени деп билишкен.

**Ой жүгүртүү!**
7-класс «Өзбекстан тарыхы» окуу китебинен өлкөбүз качантан баштап «Түркстан» наамы менен аталган. Өлкөбүздүн территориясынын мындай аталышы боюнча кандай факторлор бар?

Эзүүчү совет режими жана большевиктер үчүн Түркстан өлкөсүн бөлүп-жарып таштап, аны башкаруу ыңгайлуу эле. Өзгөчө бул жараян




Борбордук Азия республикалары, улуттук жана аймактык чектөө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түркстандагы боштондук кыймылы 1924-жылда  жеңилгенден кийин өзүнүн соңку баскычына кадам койду. 1924-жылдын февраль–июнь айларында СССРдеги борбордук органдар, Түркстан, Бухара, Харезм коммунисттик партиялары жана РКП (б) БК Орто Азия бюросу улуттук чектелүү маселелери боюнча катуу иш алып барышты. Түркстан жана Бухара Компартиялары Борбордук Комитеттери алдында атайын, кийинчерээк, территориялык жана башка өзүнчө комиссиялар түзүлдү.

**Улуттук коммунисттер жана Борбор өкүлдөрү ортосунда түрдүү көз караштардын кагылышы.** Түркkомиссия жана **Я.Рудзутак** тезистерине карама-каршы Турар Рыскулов башчылыгындагы бир топ улуттук коммунисттер 1920-жылда эле түркы элдер жалгыз болуп, алардын тарыхый тамырлары, диндери, салттары жана маданияты окшош, жалгыз Түркстанды бөлүктөргө ажыратууга болбойт, деген идеяны алдыга сүргөн болушчу. Бирок Борбордун коммунисттери бул пикирди четке кагып, аны «пантюркизм», «панисламизм», «буржуа улутчулугу жана ойдун бузулушу» деп туура эмес баалашкан эле.

Бир жагынан, 1920-жылдан баштап боштондук кыймылынын кайрадан кайраттуулук менен өнүгүшү, экинчи жагынан, кызыл армия тарабынан Хива хандыгы жана Бухара эмирлиги кулатылып, алардын ордуна «эгемен республикалар» түзүлгөндүгү бул маселеде большевиктерди дагы 4-жыл сабырдуу болууларына алып келди. Ошентип, совет бийлиги жетекчилиги **1924-жылдын** башынан тартып ушул маселени чечүүгө олуттуу киришти.

**Ой жүгүртүү!**
9-класс Дүйнө тарыхы окуу китебиндеги маалыматтарга таянып, «пантүркизм», «панисламизм», «буржуа улутчулугу» өңдүү сөздөргө түшүндүрмө бер. Алардын өлкөбүздүн тарыхына кандай тийиштүүлүгү бар?

Совет бийлигинин чектелүү саясатына алгач Түркстан АССР, БКСР жана ХКСР жетекчилери каршы болушкан. 1924-жылдын февралында Бухара Компартиясы чектелүү маселеси боюнча **Файзулла Хожаев** тарабынан жазылган тезистерди кабыл алды. Анда  РКП (б) БК Орто Азия



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бюросунун бул тармактагы көз караштары ката экендиги сындалган эле. 1920-жыл 10-мартта болгон Түркстан АССР БК жана Түркстан Компартиясынын биргелешкен кеңешинде **Султанбек Хожанов, Санжар Асфандиёров, Н. Паскутский** сыяктуу атактуу партия кызматкерлери Совет Социалисттик Республикасынын Орто Азия федерациясын түзүү сунушу менен чыгышты. Ошону менен бирге **С.Хожанов** Түркстан жалгыз жана бир бүтүн, анын бүтүндүгүн бузуу максатка ылайыктуу эмес деп баса белгиледи. Мындан тышкары, 1923-жыл декабрда Фергана өрөөнүнүн өкүлдөрү РСФСР ичиндеги **Фергана автономдуу областын** түзүү жөнүндөгү сунуш менен чыгышкан эле. Ошентип, талкуулар улам кызыды.

ХКСР жетекчилеринде да өзүнчө көз караштар болгон. 1924-жыл 8-майда бир топ Харезм жетекчилери РКП (б) БКне «Харезмде улуттук маселени чечүү жөнүндө кат» жиберип, Харезмди чектелүүгө кошпостукту суранышты. Алар өздөрүнүн бул көз караштарын республиканын алыста жайгашкандыгы, экономикалык жактан ажырап тургандыгы менен негиздешти. Бул көз караашты колдоп-кубаттаган Харезм Компартиясы Борбордук Комитетинин атайын катчысы **Каландар Одинаев** 1924-жыл июлда өз кызматынан алып ташталды. ХКСР территориясы алгач чектелүүгө тартылган жок, бирок 1924-жыл 26-июлда Харезм Компартиясынын жаңы жетекчилери республиканын чектелүүгө киргизилишине өз ыраазычылыктарын билдирди.

**Өзүңдү сына!**

| | |
|---|---|
| Ю.Рудзутак – бул ... | К. Одинаев – бул... |
| Т. Рыскулов – бул ... | С.Хожанов – бул ... |

**Борбор тарабынан улуттук республикалар жана областтар түзүүгө көрсөтмө берилиши жана анын саясий жактан негизделиши.** 1924-жыл 12-июнда И.В.Сталиндин сунушу менен РКП (б) БК Саясий бюросунун «Орто Азия республикаларын улуттук-территориялык чектөө жөнүндө» атайын токтом кабыл алынган. Бул токтом менен аталган жараян соңку баскычына кирди. 15-июлда РКП (б) БК Орто Азия бюросу жаңы түзүлүүчү улуттук республикалар жана областтардын убактылуу бюросун түздү. Өз-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бектер бюросунун курамына Файзулла Хожаев, Рустам Исламов, Акмал Икрамов, Кары Юлдаш Полотов, Мухтаржан Саиджанов, Калугин мүчө катары, Иноятов кандидат катары киргизилди. Ошондой эле, РКП (б) БК Орто Азия бюросу түзгөн территориялык комиссияда, анын улуттук кичүү комиссияларында чыр-чатактуу маселелерди чечүү үчүн түзүлгөн атайын комиссиялар да иш алып барган. Территориялык комиссия курамына Ф.Хожаев, А.Рахимбаев, С.Хожанов, К.Отабоев, Р.Исламов, Н.Айтоков, Ю.Абдурахманов, И.Айдарбеков, И.Варейкис, Д.Манжара, И.Межлаук, Х.Сахат-Муратов жана башка саясий ишмерлер кирген эле.

Улуттук республикалар түзүү зарылдыгы идеясынын демилгечилери өз пикирлерин Түркстандагы түпкү калктардын жашоо турмушунда теңсиздик бар экендигин жана улуттук жаңжалдар күчөп бара жатканы менен негиздешти. Алар бул чыр-чатактардан кутулуунун жолу катары түркмөндөр, кыргыздар жана башкалардын улуттук мамлекетин (чындыгында, улуттук республикасын) түзүү деп жарыялашты, амалда болсо бул чара аймакта жашоочу калктарды бир-биринен ажыратып коюудан башка нерсе эмес болчу.

Кыскасы, саясий жактарга өзгөчө көңүл бурулду. Аны менен бирге, Түркстан АССР саясий жетекчилиги арасындагы европалыктар менен түпкү калктар өкүлдөрү ортосунда ырксыздык, айрым казак жана тажик коммунисттери, ошондой эле башкалардын топ-топко бөлүнүүчүлүк көрүнүштөрү механикалык түрдө Түркстан калктары ортосундагы мамилелерге көчүрүлдү. РКП (б) БК Башкы катчысы **И.В.Сталин,** РКП (б) БК Орто Азия бюросунун төр агасы **Ю.Рудзутак** жана башкалар Орто Азияда улуттук чыр-чатактар бар экенин баса белгилөөдөн чарчашкан жок. Кыскача айтканда, улуттук маселе Борбор тарабынан жасалмалуу түрдө апыртып жиберилди жана бул абал жаңы түзүлө турган улуттук республикалар жана областтар территориясын таптакыр кайра белгилөө үчүн чечүүчү негизги далил катары көрсөтүлдү.

**1924-жылдын күзүндө Орто Азияда өткөрүлгөн улуттук-территориялык чектелүү жана анын жыйынтыктары. 1924-жылдын 16-сен-**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**тябрында** болгон Түркстан АССР БКнин кезектен тышкаркы сессиясында Орто Азияда улуттук-территориялык чектелүүсүн өткөрүү жөнүндөгү токтому кабыл алынды.


Ф.Хожаев сөз сүйлөөдө

Дал ушундай мазмундагы токтомдор 20-сентябрда Бүткүлбухара калк өкүлдөрүнүн V курултайында жана 29-октябрда Бүткүлхарезм калк өкүлдөрүнүн V курултайында да кабыл алынды. 20-сентябрь күнү БКСР өкмөтүнүн төр агасы Файзулла Хожаев Бүткүлбухара калк өкүлдөрүнүн V курултайында «Орто Азиянын улуттук мамлекет чектелүүсү жөнүндө» доклад жасады.

Аталган токтомдордо өзбек жана түркмөн калктарына Өзбекстан ССР жана Түркмөнстан ССР түзүү укугу, Түркстан АССРнын кыргыз (чындыгында казак) областтарын 1920-жылда түзүлгөн Кыргызстан АССР (чындыгында Казакстан АССР) менен бириктирүү максатында кыргыз (чынында казак) калкына Түркстан АССРнан чыгуу укугу, каракыргыз (чындыгында кыргыз) калкына Түркстан АССРнан чыгуу укугу жана Каракыргыз (чындыгында кыргыз) мухторият областын түзүү укугу, тажик калкына да Түркстан АССРнан чыгып, Тажикстан мухторият областын түзүү укугу берилиши керектиги белгиленди.

**Эсте сакта!**
Орто Азия территориясындагы Түркстан АССР, Бухара жана Харезм республикалары ордунда алты улуттук мамлекет бирикмелери түзүлдү.
* Өзбекстан ССР;
* Түркмөнстан ССР;
* Өзбекстан ССР ичинде Тажикстан АССР (1929-жылга чейин);
* РСФСР ичинде Каракыргыз (Кыргызстан) мухторият областы;
* РСФСР ичинде Казакстан АССР;
* Казакстан АССР ичинде Каракалпак мухторият областы.Кийинчерээк Каракалпакстан АССР, 1936-жылдан ӨзССР курамына кирген.

РСФСР (Бүткүлроссия) Борбордук Аткаруу Комитетинин **1924-жыл 14-октябрда** болгон II сессиясында Түркстан АССР БАКнин улуттук-территориялык чектелүүсү жөнүндөгү токтому кээ бир ондолуулар менен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кабыл алынды. Сессия токтому менен Орто Азиядагы Түркстан АССР, Бухара жана Харезм республикалары ордунда Өзбекстан ССР (ӨзССР) жана Түркмонстан ССР, ошол сыяктуу Тажикстан АССР (ӨзССР ичинде), Каракалпак жана Каракыргыз (чынында Кыргыз) мухторият областтары түзүлүшү керек эле.

Акыры, 1924-жыл 27-октябрда Москвада болгон Бүткүлсоюздук (СССР) Борбордук Аткаруу Комитетинин III сессиясында Түркстан АССР БАК чукул чакырылган сессиясы, Бүткүлбухара жана Бүткүлхарезм калк өкүлдөрүнүн V курултайлары токтомдорунун негизинде Орто Азияда улуттук республикалар түзүү жөнүндө атайын токтом кабыл алынды. Сессияда БССР Комиссарлар Советинин төр агасы Файзулла Хожаев Орто Азияда улуттук-территориялык чектелүүсүнүн өткөрүлүшү жөнүндө сөз сүйлөдү. 1924-жыл сентябрь-октябрь айларында Орто Азияда өткөрүлгөн улуттук-территориялык чектелүүсү Орто Азия республикалары, РСФСР жана СССРдин жогорку органдары тарабынан мыйзамдуу күчкө кирди.

Бул доордо Түркстан, Бухара жана Харезм республикаларында практикалык иш башталды. Комиссиялар жана кичи комиссиялар келечектеги түзүлмөлөрдүн территория жана чек аралары жөнүндөгү маселени иштеп чыгышты. Башкаруу аппараттары түзүп, пландар, экономика, бюджет, жер-суу проблемалары, агартуу жана медицина тармактарын уюштуруу маселелери жана башкалар чечилди. Саясий түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Материалдар басма сөздө жарыяланып, митинг жана жыйналыштар өткөрүлдү. Партия жана совет органдарынын тапшырмасы менен Орто Азияда улуттук-территориялык чектелүүсү өткөрүлүшүн колдогон токтомдор кабыл алынды.

Улуттук-территориялык чектелүү жараянында көптөгөн саясий каталар болду. Тактап айтканда, өзбек элинин кызыкчылыгына олуттуу зыян жеткизилди. Эзелтен өзбектер жашаган территориялардын чоң бөлүгү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Борбордун буйругу менен коңшу союздаш жана мухторият республикалар, ошондой эле областтарга берилди.

**Өзбекстан ССР Убактылуу революциялык комитетинин (Борбордук ревком) иш-аракети.** 1924-жыл 31-октябрда белгилүү мамлекеттик ишмер Файзулла Хожаевдин төр агалыгында Өзбекстан ССР Убактылуу революциялык комитети ( Борбордук ревком) түзүлдү. Анын курамына Порсо Хожаев, Рустам Исламов, Абдулла Рахимбаев, Давлат Ризаев, Султан Кары, Владимир Иванов, Иномжон Хидиралиев, Мухтаржон Саиджанов, Кары Йулдош Пулатов жана башкалар киргизилди.

1924-жыл 18-ноябрда Түркстан АССР, Бухара ССР жана Харезм ССР БАКтери атайын кошмо токтом кабыл алышты жана ушул токтомго ылайык өзүнүн полномочиелерин Өзбекстан ССР Советтеринин уюштуруу курултайына чейин иш көрүүчү Өзбекстан ССР Убактылуу революциялык комитетине тапшырышты. Бул комитет Өзбекстан ССР түзүлүшүн башкарып турду.

? **Суроо жана тапшырмалар:**

1. ХКСР өкүлдөрү территорияларын улуттук-территориялык чектелүүсүнө кошпостугун эмнелер менен негиздешкен эле?
2. Улуттук республикалар түзүү зарылдыгы идеясынын демилгечилери пикирлерин кандай негиздешти?
3. Советтердин Орто Азияны улуттук-территориялык чектелүүсүн өткөрүүдөн негизги максаты эмне болчу?
4. XX кылымдын 20-жылдары ортолорунда Орто Азиянын саясий картасында кандай өзгөрүүлөр болду?
5. Түркстан АССР, Бухара жана Харезм республикалары ордунда кандай республика жана областтар түзүлдү?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЭКИНЧИ ГЛАВА. СОВЕТ БИЙЛИГИНИН ӨЗБЕКСТАНДА ЖҮРГҮЗГӨН САЯСАТЫ (1925 - 1939-жылдар)

## 10-§. Өзбекстан ССРнин түзүлүшү


Юлдаш Ахунбабаев

**Өзбекстан ССРнын түзүлүшү, анын территориясы жана калкы.** 1925-жыл 13-февралда Бухарада атайын курулган Калк үйүндө Бүткүлөзбек (Өзбекстан ССР) Советтеринин I уюштуруу курултайы ачылды. Курултайдын иш-аракетинде Москвадан атайын келген Бүткүлсоюздук (СССР) Борбордук Аткаруу Комитетинин төр агасы **Михаил Калинин** катышты жана сөз сүйлөдү. Курултайдын катышуучулары тарабынан 17-февралда *«Өзбекстан Советтик Социалисттик Республикасын уюштуруу жөнүндөгү Декларация»* кабыл алынды. Декларацияда жаңы уюштурулган Өзбекстан ССР курамына Ташкент, Самарканд, Фергана, Кашкадарыя, Зарафшон (Бухара), Сурхандарыя, Харезм областтары жана Тажикстан АССР киргендиги баса белгиленди. Курултайда республиканын жогорку органдары: Өзбекстан ССР Борбордук Аткаруу Комитети (ӨзССР БАК) жана Өзбекстан ССР Калк Коммисарлары Совети (ӨзССР ККС) түзүлгөн. Белгилүү мамлекеттик ишмер **Файзулла Хожаев** Өзбекстан ССР Калк Комиссарлары Советинин төр агасы, «Кошчу» уюмунун активисти Юлдаш Ахунбабаев Өзбекстан ССР Борбордук Аткаруу Комитетинин төр агасы кызмат орундарына шайланышты.

Бул кезде Өзбекстан ССР территориясы **312394 км$^2$,** калкы **3 963 285** киши болгон (ага Тажикстан АССР жана Каракалпакстан автономия областынын территориясы жана калкы кирбейт). 1924-жылдын акырында Орто Азия республикаларында жалпы **8 131 062** киши, алардын жарымы Өзбекстанда жашаган.

Курултайда республиканын жогорку органдары: Өзбекстан ССР Борбордук Аткаруу Комитети (ӨзССР БАК) жана Өзбекстан ССР Калк




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ой жүгүртүү!**

Кайсы ченемдердин негизинде аталган территориялар Өзбекстан ССР территориясына киргизилген?

Түркстан АССР дан 9 уезд, 133 район жана 7 кыштак округу; Бухара республикасынын 9 областы; Харезм республикасынын 23 району.




Улуттук-территориялык чектелүүсүнөн кийин Орто Азия республикалары



Өзбекстан өкмөтүнүн Самарканддан Ташкентке көчүрүлүшү

Коммисарлары Совети (ӨзССР ККС) түзүлгөн. Кийинчерээк бул өлчөм ар дайым өзгөрүп турган. Өзбекстан ССР уюштурулган кезде кыска мөөнөт (1925-жыл февраль-апрель) ичинде Бухара шаары борбор болду. Кийин 1925-жыл апрелден 1930-жылдын сентябрына чейин Самарканд шаары Өзбекстан ССР борбору



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

эсептелген. Бул учурда Ташкентте Борбордун жаңы түзүлгөн Орто Азия республикаларын көзөмөлдөөгө багытталган түрдүү уюмдары (ВКП (б) БК Орто Азия бюросу, Орто Азия Экономикалык Кеңеши, Түркстан фронту, Орто Азия аскердик округу жана б.) жайгаштырылган эле. Самарканд республиканын борборунда жайгашып, жаңы түзүлгөн Өзбекстан ССР территориясынын бардык бөлүмдөрүн бириктирүүгө жана совет уюмдары ишин жандандырууга жардам берди. Жергиликтүү бийлик органдары бекемделип, борбордук өкмөт мекемелери менен байланыштары күчөдү. Өзбекстан борбору 1930-жыл 20-сентябрда республиканын эң маанилүү экономикалык, саясий жана маданий борбору **Ташкент** шаарына көчүрүлдү. Өзбекстан ССР өкмөтүнүн торагасы Файзулла Хожаев бир кечenin өзүндө борборду Самарканддан Ташкентке көчүрүп келтирген эле.

Өзбекстан ССР да 1925-жыл 29-январда алгачкы жолу административдик территориалдык бөлүнүш өткөзүлдү. Алгачкы 7 область (Зарафшан, Самарканд, Ташкент, Фергана, Сурхандарыя, Кашкадарыя, Харезм), өзүнчө Конимех району түзүлдү. Бул кезде ӨзССР курамында 23 уезд жана 241 волост болгон.

**Ой жүгүртүү!**
9-класста алган билимиңе таянып, уезд жана волост сөздөрдүн түшүндүрмөсүн айт.

1926-жыл 29-сентябрда Өзбекстан ССР Советтери Борбордук Аткаруу Комитети V сессиясынын райондоштуруу жөнүндөгү токтому кабыл алынды. Ага ылайык Өзбекстан ССРдагы **7 область,** 23 уезд, 241 волост жана 1163 айыл ордуна жаңы административдик бөлүнүү өткөрүлүп, **10 округ** (Харезм, Бухара, Орто Зарафшан, Самарканд, Ташкент, Хожанд, Кокон, Андижан, Сурхандарыя, Кашкадарыя), өзүнчө казак-каракалпак Канимех району, 87 район жана 1720 кыштак совети түзүлдү.

**Өзбекстан Коммунисттик партиясынын түзүлүшү.** 1925-жыл 6–12-февралда эски Бухара шаарында Өзбекстан Коммунисттик партиясынын I уюштуруу съезди өттү. Анда СССР Борбордук Аткаруу Комитетинин төр агасы **М.И.Калинин** катышты жана сөз сүйлөдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Съездде Өзбекстан Коммунисттик (большевиктер) партиясы легализацияланды. Өзбекстан Компаритясы Борбордук Комитетинин атайын секретарлары кылып **Владимир Иванов**, **Акмал Икрамов** шайланды. Өзбекстан Компартиясы Совет союзу Коммунисттик партиясынын (КПСС) Өзбекстан ССРдагы филиалы саналган. Республиканын саясий турмушунда Өзбекстан Коммунисттик партиясы жетекчи роль ойногон. Өзбек элинин тарыхында XX кылымдагы көптөгөн бактысыздыктар коммунисттик партиянын иш-аракети менен байланыштуу болгон. Өзбекстан партиялык уюму республика, өзбек элинин кызыкчылыгын көздөбөй, Москвада иштелген токтомдорду аткарды.

**Өзбекстан ССР – Советтик Союзу курамындагы улуттук союздаш республика.** Өзбекстан ССР Бүткүлсоюздук Советтеринин III съездинде 1925-жыл 13-май күнү СССР курамына кабыл алынды. СССР 1922-жыл 30-декабрда 4 союздаш совет республикасы (РСФСР, Украина, Белорусия, ЗСФСР) негизинде түзүлгөн эле. 1927-жыл 30-мартта ӨзССР Советтеринин II сеъздинде ӨзССРнын **биринчи Конституциясы** кабыл алынды.

ӨзССР уюштурулгандан соң анын мамлекет башкаруу органдары союздаштардын курамында жана алардан үлгү алган абалда түзүлгөн. Бул союздаш республикалардын Борбордон туруп башкаруунун эң оңой жана жөнөкөй, бекем формасы эле.

Бүткүл Союзда болгон өңдүү Өзбекстанда да эмгекчилердин массалык уюму (профсоюздар) да партия комитеттерине көз каранды болгон. 1925-жыл 21-марттагы Өзбекстан профсоюздарынын I уюштуруу съездинде ал негизделди. Өзбекстан профсоюздары республика совети (Өзсовпроф) Бүткүл союздук Профсоюздары Борбордук Совети (ВЦСПС) жетекчилигинде иш алып барган.

Совет бийлиги жаштарды коммунисттик рухта тарбиялоого дайыма көңүл бурган. Бул иштер менен Бүткүл союздук Ленинчил коммунисттик жаштар союзу нун (ВЛКСМ)Өзбекстандагы органы – **Өзбекстан Ленинчил коммунисттик жаштар союзу** (ӨзЛКСМ) алектенген. Өзбекстан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

комсомолу Самарканд шаарында 1925-жыл апрелде болуп өткөн уюштуруу курултайында негиз салынды.

Өзбекстандагы дыйкандарды идеялык жактан бириктирген уюмдардын бири «Кошчу» союзу болгон. Ал 1920 – 1933-жылдарда иш-аракет көрсөткөн. 1925-жылда 200 000 кишини бириктирген бул союз да акырын большевиктердин кыштактагы зомбулук саясатынын жөлөгүнө айландырылды.

**ӨзССР курамында Тажикстан АССРнын уюштурулушу.** 1926-жыл 1–12-декабрда Душанбеде өткөн Тажикстан АССР Советтеринин I уюштуруу съездинде ӨзССР курамында Тажикстан Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы (Тажикстан АССР) түзүлгөндүгү жөнүндө декларация кабыл алынган. Бул кезде Тажикстан АССР территориясы 135 620 км$^2$, калкы 739 503 киши болгон.

1929-жыл 16-октябрда Тажикстан АССР ордуна Тажикстан ССР уюштурулду, ал ӨзССР курамынан чыкты. Борбордун буйругу менен өзбектердин эзелки журту ӨзССРнын Хожанд округу Тажикстан ССРна берилди.

**Каракалпак автономилык областынын түзүлүшү жана Каракалпакстан АССРнын ӨзССР курамына киргизилиши.** 1925-жыл 12–19-февралда Төрткөлдө дыйкан, батрак жана кызыл аскер депутаттары Каракалпак автономиялык областы Советтеринин I уюштуруу съезди болуп өттү. Съездде Каракалпак автономиялык областы түзүлгөндүгү жана анын Казакстан АССР курамына кириши мыйзамдуу түрдө бекемделди.

**!**

**Өзүңдү сына!**

Өзбекстан профсоюзу - бул...

Өзбекстан комсомолу - бул...

Акмал Икрамов - бул...

Республикалар борборлору - бул...

Каракалпакстан 1925–1932-жылдарда Казакстан, 1932–1936-жылдарда РСФСР курамында, 1936-жыл 5-декабрда Каракалпакстан АССР территориясы Өзбекстан ССР курамына кирди. Бүгүн каракалпак калкы Өзбекстан Республикасынын курамындагы суверендүү Каракалпакстан Республикасында жашап, жаратуучулук иштери менен алектенип жатат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**«Кошчу»** – Кош айдоочу киши, дыйкан. Кошчу дыйкандарды идеялык жактан бириктирип турган союз болгондуктан ушундай аталган.

ВКП (б) – Бүткүл союздук коммунисттер (большевиктер) партиясы. КПСС (Советтер Союзунун коммунисттик партиясынын 1925-1952-жылдардагы наамы.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. «Өзбекстан Советтик Социалисттик Республикасын уюштуруу жөнүндөгү Декларацияга» ылайык түзүлгөн Өзбекстан ССР кайсы территориялардан турат?
2. Өзбекстан ССР борбору эмне себептен алгач Самаркандка көчүрүлүп, андан Ташкентке кайра көчүрүлгөн эле.
3.Өзбекстан Коммунисттик партиясынын негизги милдети эмне болчу?
4. Бүткүл союздук профсоюзу жана комсомол жаштар уюмдары кандай максатта уюштурулган эле?

## 11-§. Өзбекстанда айыл чарбасын коллективдештирүү саясаты жана кулактардын сүргүндөлүшү

**Өзбекстанда жер-суу реформасынын экинчи баскычы.** Орто Азияда улуттук-территориялык чектелүү өткөрүлгөндөн кийин 1925-1929-жылдарда жер-суу реформасынын **экинчи баскычы** иш жүзүнө ашырылды. Реформанын экинчи баскычы биринчисинен айырмаланып, чоң жер ээлигин (официалдуу докементтерде «кулактар» – «муштумзорлор» деп аталган) чектөө жана аларды тап катары жоюу маселесин койду. «Агрардык революциянын» стратегия жана тактикасы Өзбекстан Компартиясынын II съезди (1925-жыл ноябрда тастыкталды. Бул баскыч Өзбекстан ССР БАКнин 1925-жыл 2-декабрдагы «Суу жана сууну национализация кылуу жөнүндө» жана «жер-суу реформасы жөнүндөгү» декреттер менен башталды.

Бул реформа Өзбекстанда жер-жерлерде шарт жана даярдык даражасына карай үч баскычта өткөрүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

| *Баскычы* | **Биринчи баскыч** | **Экинчи баскыч** | **Үчүнчү баскыч** |
|---|---|---|---|
| ***Территориясы*** | Фергана, Ташкент, Самарканд областтары | Зарафшан областы (Бухара жана Орто Зарафшан округдары) | Кашкадарыя, Сурхандарыя, Харезм округдары |
| ***Доору*** | 1925-1926-жылдар | 1927-жыл | 1928-1929-жылдар |

Жер-суу реформасын өткөрүү жөнүндөгү декретке негизделип, Фергана областында 40 десятина, Ташкент жана Самарканд областтарында 50 десятина жана андан ашык сугаттуу жерлери бар чоң жер ээлеринин чарбаларын толугу менен түгөтүү, алардын жерлери мамлекеттин жер фондуна өткөрүлүшү жана дыйкандарга бөлүп берилиши көздөлгөн эле. Жер менен бирге бардык ишчи айбандары (өгүз, ат ж.б), дыйканчылык аспап-шаймандары да конфискацияланды.

Жалданып иштөөчү, батрак, жетим-жесир өңдүү кедей-кембагал дыйкан катмарлары негизинен бай чарбалардын жерлерин ижарага алып, анда иштеген жана тиричилигин өткөргөн. «Кулак» чарбалары адатта жерге өздөрү иштөө берген жана ашыкча жерлерди ижарачыларга тапшырган.

**1925-1929-жылдарда** өткөрүлгөн реформалардын натыйжасында бардык областтарда 5000 ге жакын бай чарбалар жоюлду, 23 000 ден ашуун өзүнө ток чарбалардын «артыкча» жерлери алынды. Ар бир өзүнө ток чарба үчүн **7-10 десятинага** чейин болгон жер анын өзүнө калтырылышы мүмкүн болчу. Бирок алар чыныгы *дыйкандар* болуп, жерлерден үнөмдүү пайдаланышкан жана иштеп чыгарууну кеңейтүүгө аракеттенишкен, ишбилерман жана жөндөмдүү адамдар болгон.

**Ой жүгүртүү!**
Эмне деп ойлойсуң, эмне үчүн жер-суу реформалары жана «кулакташтыруу» саясаты дал 20-жылдарда башталды?

**Коллективдештирүүнүн зордук менен жүзөгө ашырылышы жана колхоз жана совхоздордун уюштурулушу.** Жаңы экономикалык саясат себептүү өз чарбасын оңдоп алган чарбалардын кулак кылынышы натыйжасында 1929-жылы совет коомунда **базар мамилелери** чөйрөсү жоготулду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Кулактар эмгегинен пайдалануу

**1930-жыл 17-февралда** Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитетинин «Коллективдештирүү жана кулак чарбаларын жоюу жөнүндөгү» токтому кабыл алынды. Өзбекстанда 1930-жылы жалпы коллективдештирилүүчү **19 район** Борбор тарабынан белгиленди. Жергиликтүү жетекчилер сан артынан кууп, мыйзамды бузушту. Коллективдештирүү башчылары дыйкандардын жыйналыштарында колхозго кирбегендер суу четтештирелет, өнөр жай товарлары менен камсыздалбайт, аларга чоң салык салынат жана жашоо жайынан сүргүн кылынат, деп коркутушкан. Натыйжада көпчүлүк райондордо коллективдештирүү бир канча жума ичинде жүзөгө ашырылган. Өзбекстанда алгачкы колхоздор (жамаат чарбалары) жана совхоздор (мамлекет чарбалары) уюштурулду.

1931-жылдын жазынан баштап Өзбекстанда жалпы жамаатташтырылуучу райондор кайрадан түзүлдү. Өзбекстан айыл чарбасын коллективдештирүү официалдуу түрдө **1932-жылы** аяктады. Республикадагы дыйкан чарбаларынын 75 пайызы жалпылаштырылган секторго, тактап айтканда колхоз жана совхоздорго бирикти. 1932-жылы республикада 60дан ашуун совхоз бар эле. Жеке дыйкан чарбаларынын бир бөлүгү колхоздордон тышкары калды, бирок аларга экономикалык жактан кысым дагы да күчөдү. Мындай чарбаларга салык ашырылды, мамлекетке зордук менен тапшырылуучу продукциянын көлөмү да колхоздорго караганда 50 пайыз көбөйтүрүлдү. 1939-жылга келип Өзбекстанда жеке дыйкан чарбалары толук жоюлду.

**Өзүңдү сына!**

1939-жыл – бул... 1932-жыл – бул... 1931-жыл – бул...
1930-жыл – бул... 1929-жыл – бул... 1925-жыл – бул...

**Өзбек кыштагынын бактысыздыгы.** Өзбек кыштагы чоң бактысыздыкты башынан өткөрдү. Көп адамдар чарбаларын кароосуз калтырып



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Зомбулук менен уюштурулган коллективдүү чарбаларда жер айдоо. Хива, 1930-жыл

кетишти, малдарын союшту жана сатып жиберишти, көп союлуу олуттуу проблема болду. Ири мүйүздүү малдардын саны 1930-жылы 60 000 баштан кемиди.

Эзелтен топуракка мээрим койгон, дыйканчылык сыр-сыноолорун тыкан өздөштүргөн өзбек дыйкандарына совет бийлиги тарабынан аёосуз чек коюлган. Бабадыйкан жана анын чоң короосу таштап коюлган, үй-бүлө башчылары сүргүн кылынган же камакка алынган. Жүз миңдеген өзбектер четке жөнөп кетүүгө аргасыз болушту.

Кыштактарда үймө-үй жүрүп, данды тартып алуу жөнөкөй абал эле. «Асман алыс, жер катуу» өзбек эл макалы ушул кезде жаралган болсо керек. Шахрисабз району дан даярдоо өкүлү Жалилов бул компаниянын келишпөөчүлүгүнөн аны «Дан даярдоо согуш дегендей сөз. Дан даярдоочулар атышы, камашы жана башка иштер кылышы мүмкүн, Алар өкүмдүк кылат», деп мүнөздөйт.

**Ой жүгүртүү!**
Ойлоп, корутунду чыгар! Дыйкандарды төмөнкүдөй орой опузалашкан: «Эгер дан жок болсо, катыныңды сат, болбосо 5 жылдан камакта отуруп чыгасың».

Өзбекстан Компартиясы БК секретары Кирпанов тарабынан «өтө жашыруун» грифи астында 1930-жылы даярдалган маалыматтарда дан жыйууда өтө күчтүү кыянатчылыкка жол коюлган. Кыштактарда даярдоо мекемесинин өкүлдөрү үймө-үй жүрүп, кедей дыйкандардын акыркы данына чейин, 20 фунт зыгырына чейин тартып алышкан. Үрөөндүк данга тийбестик жөнүндөгү декрет болгонуна карабай, дыйкандар тагдыр өкүмүнө ташталган эле. Ал гана эмес, дан тапшыруу планын аткарган дыйкандар да бир баштан аңтарылып, алардын дандары тартып алынган.

**Өзбекстанда кулакка тартуу саясаты жана анын акыбеттери.** Эзүүчү совет режими 1929–1935-жылдарда бай жана орто дыйкандарды кыштак



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

буржуазиясы иретинде жоюу саясатын жүргүзгөн. Кулак чарбаларын жоготуу компаниясы Өзбекстанда 1930-жыл февралдан баштап күч алды.

ВКП (б) БК Саясий бюросунун 1930-жыл 26-январдагы «Жапырт түрдө коллективдештирүү райондорунда кулак чарбаларын жоюу чаралары жөнүндөгү» токтому жана ВКП (б) БК Орто Азия бюросунун «Кулактарды тап катары жоюуга байланыштуу чаралар жөнүндөгү» көрсөтмөлөрү негизинде Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитети 1930-жыл 17-февралда «Коллективдештирүү жана кулак чарбаларын жоюу жөнүндө» токтом кабыл алган.

Өзбекстанда кулак катары тизмеге катталган өзүнө ток чарбалардын мал-мүлкү толук конфинскацияланып, алардын үй-бүлөлөрү башка өлкөлөргө (Украина, Түндүк Кавказ, Сибирь, Казакстан, Алыскы Түштүк ж.б.) сүргүн кылынган. Республикада кулактар үчүн атайын консентрациялык лагерлер жана көчүрүлгөндөрдүн 17 мажбур эмгек посёлкалары уюштурулду. Посёлкалар 1931-жылдан Кокон, Чуст-Поп, Акдарыя, Икрамов, Гиждувон, Вобкент, Бауман, Денов, Сариазия, Кува, Жаңыжол райондорунда түзүлгөн. Мисалы, Бауман (азыркы Шофиркон) районундагы Жилвон жана Кули Одина кыштак советтери территориясында ошондой 2 «кулактар» посёлкасы курулган. Совет бийлигине каршылык кылган кулактар камакка алынган жана атып ташталган.

Дыйкандардын нааразылыгы күчөп, Фергана жана Зарафшан өрөөндөрү, башка территорияларда массалык нааразылык чыгуулары, совет түзүлүшүнө каршы козголоң болуп, алар куралдуу козголоңдорго чейин жетти. Бир гана Кашкадарыя округунда 1930-жылдын баштарында дыйкандардын 14 нааразылык чыгуулары болуп, аларда 3700 киши катышкан. 1930-жылдын март айында ӨзССРда 240, СССРде 2000ден ашуун куралдуу чыгуулар белгиленген.

Кулактарга каршы күрөш ӨзССРда күн сайын күчөйгөн. 1931-жыл августта 3828 кулак чарбалары жоюлган, 3871 чарба «кулак үй-бүлөсү» катары **Украина, Сибирь жана Түндүк Кавказга** сүргүн кылынган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Расмий маалыматтарда 1933-жылы Өзбекстанда сүргүн кылынган кулак чарбаларынын саны 5500 гө чейин жеткен.

**Ой жүгүртүү!**

Ойлоп, жыйынтык чыгар! 1942-жылда СССР территориясында эмгек сүргүнүндө болгон 1152 өзбекстандык «кулактар» армия катарына чакырылып, фронтко жөнөтүлгөн.

Кулакка тартуу саясаты 1933-жылда жүзөгө ашырылып бүткөн. Бирок 1934–1937-жылдарда да көптөгөн бай дыйкан чарбалары кулак кылынган. Совет бийлиги-жылдарында кулакка тартылып, сүргүндөлгөндөн тирүү калгандарынын эркин тургундук укугун алып, өз журтуна кайтуу жараяны оор болуп, ал болжолдуу 20 жылдан көбүрөөк убакытты, тактап айтканда 1934-1956-жылдарды өз ичине алган.

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Национализация** - (англ. - улут, калк) кээ бир жеке адамдын же бирикмелердин жеке менчик мүлктөрүн мамлекет менчигине айландыруу.

**«Кулактар» (орус. кулачество - муштумзор)** - эзүүчү совет режиминин бай жана орто дыйкандарды кыштак буржуазиясы катары жоготуу саясаты.

**Фунт** - оордук өлчөм бирдиги, 1 фунт 410 гр. га тең болгон.

**Коллективдештирүү** - майда дыйкан чарбаларынан массалык түрдө ири коллективдүү чарбаларды (колхоздор) уюштуруу.

**Концентрациялык лагерь** - (лат. - бир нерсенин топтолушу) бир жерге топтоо, жыйуу. Концентрациялык лагерь бул саясий камалгандар туруучу жай.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Совет өкмөтү бай чарба жана ток чарба ортосундагы айырманы кандай ченемдин негизинде жүзөгө ашырган?
2. Ток чарбанын кандай түрдөгү материалдык байлыктары конфинскациялanган эле?
3. Тартып алынган жерлердин эсебинен эмнелер уюштурулду? Жаңы уюштурулган бирикмелер жергиликтүү элдин кызыкчылыктарына канчалык деңгээлде кызмат кылды?
4. Жер-суу реформасынын акыбеттери эмнелерге алып келди?

## Өз алдынча иш.

Тагдыры кулакка тартуу саясаты менен байланыштуу болгон жакын тууганың (ата-бабаң) өмүрү менен байланыштуу эссе жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 12-§. Өзбекстанда индустриялаштыруу саясатынын турмушка ашырылышы жана кадрлар маселеси

**Мамлекетте индустриялаштыруу саясатына өтүү жана беш жылдык пландардын иштеп чыгылышы.** Мамлекетте айыл чарбасын зордук менен коллективдештирүү жараянында 1928-жылы өнөр жайды индустриялаштыруу да жүзөгө ашырылды. Чынында мамлекеттин борбордук органдары тарабынан 1925-жыл декабрдагы ВКП (б) XIV съездинде СССРде экономиканы өнүктүрүүнүн чечүүчү каражаты катары социалисттик индустриялаштырууга өтүү массалык түрдө жарыяланган эле. Мамлекеттин экономикалык, саясий жана маданий өнүгүшү заманбап өнөр жайды жаратууга түздөн-түз байланыштуу болчу. Бул боюнча кыска мөөнөттө анык жолдорду иштеп чыгуу талап кылынган.

Өзбекстан үчүн өнөр жай курулушун кеңири түрдө тездетүү абдан зарыл эле. Анткени республиканын экономикасы бул доордо да агрардык өзгөчөлүккө ээ боюнча калган. 1927-жылда ӨзССР эл чарбасында айыл чарбасынын салмагы **62,6%,** өнөр жайдын салмагы **37,4 %** ды түзүп, өнөр жай иштеп чыгаруусунун 90 пайызын айыл чарба чийки затын кайра иштөөгө негизделген эле. Экономика чийки зат багытында болгондуктан, республика өнөр жайы бир жактуу адистештирилген болчу. Анын үстүнө индустриялаштыруу саясаты кыштак эсебинен турмушка ашырылды. Айыл чарба продукцияларынын сатып алуу баасы төмөндөтүлдү. Натыйжада дыйкандар жардыланып, мамлекетте азык-түлүк проблемасы татаалдашты.

**Өзбекстанда жаңы өнөр жай ишканаларынын курулушу.** *Биринчи беш жылдык* доорунда (1928-жыл октябрь – 1932-жыл декабрь) Өзбекстанда 289 жаңы өнөр жай ишканасы курулуп, ишке түштү, 79 ишкана кайра уюштурулду.Жеңил өнөр жайынын булгаары, бут кийим иштеп чыгаруу, тигүүчүлүк тармактары жана жип-кездеме иштеп чыгаруу көрсөткүчтөрү ашты. Индустриялаштыруу Өзбекстанда алгач акырындык менен жүзөгө ашты. Ошол доордо Орто Азия республикаларында пахтачылык жана машина куруучулук өнөр жайынын тунгучу болгон **Ташкент айыл чарба**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**машина куруу** заводу курулду. Ташкент токуучулук комбинаты жана Чырчык электр химия комбинатынын курулушу тез көрсөткүчтөр менен алып барылды. Электр станцияларынын кубаты 482 млн киловатка жетти. XX кылымдын 30-жылдарында **Чырчык-Бозсуу** ГЭСтер каскады курулду.

Өзбекстанда өнөр жай ишканаларынын техникалык даражасы өтө төмөн, инженерлер, техниктер жана заманбап техниканы билген тажрыйбалуу жумушчулар абдан жетишпейт эле. Бирок өнөр жай ишканаларына тажрыйбалуу кызматчылар жана тажрыйбалуу жумушчулар РСФСРдын борбордук шаарларынан алып келинди. Борбордун бул усулу Өзбекстандын бүткүл совет доору тарыхында үзгүлтүксүз уланды.



Ф.Хожаев немис делегациясы мүчөлөрү менен Ташкент токуу комбинаты курулушунда. 1934-ж.

**Ой жүгүртүү!**

Ойлоп, корутунду чыгар.

Жергиликтүү улуттар, эң мурда өзбектерден тажрыйбалуу адистер даярдоо ордуна Өзбекстанга, негизинен, европалык калк көчүрүлүп келди. Көпчүлүгү славян калкына таандык болгон мындай кишилер борбор Ташкент, жаңы курулуп жаткан шаарлар жана область борборлоруна жайгаштырылып, алар жакшы маяналуу жумуш, кезексиз квартира менен камсыздалышты. Университет жана институттарга жеңилдик менен окууга кабыл алынышты. айылдардан келген өзбек жигит-кыздары болсо шаарда жайгаша албай, түрдүү кыйынчылыктар жана олуттуу жетишпөөчүлүктөр натыйжасында негизинен «кара иштер» жана турмуштук тейлөө тармагында кызмат кылууга аргасыз болушту

**Жергиликтештирүү же өзбектештирүү саясаты.** Бул доордо эң маанилүү проблемалардан бири кадрлар маселеси эле. Анткени мамлекеттик бийлик жана чарбалык башкаруу органдарында улуттук кадрлар өтө аз болуп, иш жүргүзүү да орус тилинде алып барылган. Республика башкаруу мекемелеринде жоптуу кызматтарды орустар ээлеген. Өзбекстан ССР Калк Комиссарлары Советинин төр агасы Файзулла Хожаев түпкү элдер-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Акмал Икрамов

ден жергиликтүү кадрларды даярдоо жана аларды жогорку кызматтарга көтөрүүдө өз жанын аябады. Анын демилгеси менен ӨзССР БАК алдында **1925-жыл 3-мартта Бобон Мавланбеков** төр агалыгында «Мамлекеттик аппараты жергиликтештирүү Борбордук комиссиясы» түзүлдү. Акмал Икрамов, Рахим Инагамов жана башкалар ага мүчө болушту. Борбордук комиссиянын Самарканд, Зарафшан, Ташкент, Фергана жана башка областтарында да бөлүмдөрү түзүлдү.

Бул комиссия жетекчилерине Өзбекстандагы окуу жайлары, илимий жана маданий-агартуу (калктын билимин жана аң-сезимин жогорулатуу) уюмдары, өнөр жай ишканаларын жергиликтештирүүнүн планын иштөө жүктөлдү.

**1925-жыл 22–30-ноябрда** Самарканд шаарында өткөн Өзбекстан Коммунисттик партиясынин II съездинде «Партия, совет, чарба, профсоюз жана кооператив уюмдарына жергиликтүү элди тартуу» маселеси каралды.Анда мамлекет, чарба, совет, коомдук жана соода уюмдарына жергиликтүү улут өкүлдөрүн тартуу, ал аркылуу шаар жана кыштак эмгекчилеринин мамлекетте социализм курулушуна активдүү катышуусун камсыздоо маселеси талкууланды. Башкаруу жана жетекчилик иштерине жумушчу, дыйкан жана интеллигенттерден жергиликтүү кадрлар даярдоо зарылдыгы айтылды.

**1927-жыл 8-январда** Өзбекстан ССР БАК алдында «Мамлекет аппаратын жергиликтештирүү Борбордук комиссиясы»нын наамы «Мамлекет аппараты жана өнөр жайды Өзбектештирүү Борбордук комиссиясы» деп өзгөртүлдү. 6 июнда комиссиянын Уставы күчкө киргизилди. Комиссия иш-аракетинде өзбек эли көп болгон райондордогу бардык жерде иш жүргүзүүнү **өзбек тилинде** алып баруулары зарыл эле.

Өзбекстан Коммунисттик партиясынын **1927-жыл** 16–24-ноябрдагы III съездинде «Мамлекет аппаратын жергиликтештирүү жана жергиликтүү улут жумушчуларын иштеп чыгарууга тартуу жөнүндөгү» маселе каралды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1928-жыл 18-февралда** ӨзССР БАК жана ХКС нын «Мамлекет аппаратын өзбектештирүү жөнүндө»гү кошмо токтому кабыл алынды. 1929-жылы өзбектештирүү саясаты боюнча уюмдар аралык **өзбектештирүү комиссиясы** иш-аракет көрсөөткөн. Өзбектештирүү Борбордук комиссиясы 1930-1931-жылдарда иш-аракетин уланткан.

**Ой жүгүртүү!**

1927-жыл 16–24-ноябрдагы съездде кабыл алынган токтомдо мамлекет аппаратын улутташтыруу жана өзбектештирүү жөнүндө ушундай дейилген: «Өзбектештирүү түшүнчөсү,Өзбекстан республикасы территориясындагы мамлекет аппараты жана иш жүргүзүүнү өзбектештирүүнү көздөйт, бирок майда улуттарга өз эне тилдеринде кызмат көрсөтүүнү чыгарып таштабайт, тескерисинче талап кылат. Майда улуттар көпчүлүк жашаган райондордо сот органдары, мектептер, өз иштерин алардын эне тилинде алып барылышы зарыл. Майда улуттарды мамлекетти башкаруу, коомдук турмушка тартуу керек. Майда улуттардан кадрлар даярдоо маселесине зор көңүл буруу керек».

**1931-жыл 11-декабрда** СССР БАКнин «ӨзССР аппаратын өзбектештирүү жөнүндөгү» токтому кабыл алынып, Өзбекстан мамлекеттик аппаратын Өзбектештирүү Борбордук комиссиясынын иш-аракети токтотулду. Борбор тарабынан союздаш республикаларда болгондой эле Өзбекстан ССРда да жергиликтештирүү жараянын токтотуп, ал «буржуа улутчулдугу» деп жарыяланды.

**Өзүңдү сына!**

1931-жыл 11-декабрь – бул ...,
1927-жыл 8-январь – бул ...,
1925-жыл 22–30-ноябрь – бул ...,
1927-жыл 16–24-ноябрь – бул ...,
1928-жыл 18-февраль – бул ...,
1925-жыл 3-март – бул ....

***<u>Терминдердин түшүндүрмөсү!</u>***

**Индустриялаштыруу** – Эл чарбасынын бардык тармактарында ири машина иштеп чыгаруу жараянын келтирүү, иштеп чыгаруу тармактарын машина техникасына которуу.

**ГЭСтер каскады (гидроэлектростанция каскады)** – бир дарыя агымында бир-биринен белгилүү аралыкта жайгашкан, жалпы суу чарба режими менен өз ара байланышкан бир канча гидроэлектрстанция.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. ӨзССР эл чарбасында айыл чарбасынын үлүшү жогору болгонунун себептери эмнеде?
2. ӨзССРда индустриялаштыруу доорунда жүзөгө ашырылган иштерде негизинен кайсы тармактарга көңүл бурулду?
3. Кадрларды жергиликтештирүү дегенде эмнени түшүндүң?
4. Өзбекстанда кадрларды жергиликтештирүү саясатынын демилгечилери ким эле? Ал кандай тартипте алып барылды?
5. Өзбекстанда кадрларды жерликтештирүү саясатынын натыйжа жана акыбеттери кандай болду?

## 13-§. Өзбек кыз-келиндерин азаттыкка чыгаруу жараяны жана проблемалар

**«Хужум» аракетинин өткөрүлүшү.** Өзбек аялдары жана кыздарынын турмушу кылымдар бою ислам дини шарияты көрсөтмөлөрү негизине курулган эле. Совет бийлиги орнотулгандан кийин, Чыгыш аялдарын «азаттыкка» чыгаруу, эски жашоо формасына хужум кылуу, аялдардын чачван жана паранжысын таштап, жаңы заман куруп жаткандар катарында тезирээк кошулушу сыяктуу маселелер күн тартибине коюлду. Большевиктер тарабынан Орто Азия республикаларында, Өзбекстанда бул маселе кыска мөөнөт ичинде шашылыч чечилди, натыйжада чоң жоготуулар болду, көптөгөн кыз-келиндер эскилик жана адатка айланган көз карашка ишенүүчүлөр тарапкерлеринин тукуруусу менен өз жакындары тарабынан өлтүрүлдү. Өзбек аялдарын азаттыкка чыгаруу, жаңы турмушка тартуу, чындыгында керек болчу. Бирок большевиктер жана совет бийлиги өкүлдөрү тандаган тез жол менен эмес, акырындык жана баскычтуу жүзөгө ашырылганда чоң курмандар жана жоготуулар болбойт эле.

«Хужум» компаниясы 1926-жыл сентябрда Орто Азия кыз-келиндери кеңешинде жарыяланып, аны 1927-жыл 8-марттан баштоого токтом кылынган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Кыз-келиндердин массалык митинги

**1926-жыл декабрда** «Хужум» компаниясын өткөрүү үчүн Орто Азия республикалары, айрыкча, Өзбекстанда атайын комиссиялар түзүлдү.

1927-жыл 8-мартта массалык митингдер болду. Анда **100 000** ден ашуун кыз-келиндер паранжыларын отко жагышты. Бирок большевиктер партиясынын өзбек кыз-келиндерин азаттыкка чыгарууну тездетүү саясаты жаман акыбеттерге алып келди. «Хужум» га каршы болгондор аялдарга зулум өткөрүштү.

**Эсте сакта!**

Совет өкмөтү «Хужум» компаниясын өткөрүүдөн төмөнкү максаттарды көздөгөн: биринчи, өзбек элинин тарыхый калыптанган улуттук ахлактык чыгышка таандык салт жана баалуулуктарын жоготуу жана руханиятыбызга сокку берүү; экинчи, «кыз-келиндерди азат кылуу», шылтоосунда өнөр жай ишканалары, колхоз жана совхоздордо арзан иштөөчү кошумча жумушчу күчтөрү катары алардан пайдалануу, амалда аларды совет гүлдөрүнө айлантыруу эле.

«Хужум» иш-аракети өткөрүлгөн 1927-1928-жылдарда Өзбекстанда **2500 дөн** ашуун активдүү кыз-келиндер, район жана кыштак советтеринин мүчөлөрү, кыз-келиндер клубдары жана китепканалар мүдүрлөрү, мугалимдер жаңы турмуш жолунда өз жандарын курман кылды. Өкүнүчтүү, бул бактысыздыктардын алды алынбады.

**Кыз-келиндер эмгегинин социалдык-экономикалык проблемалары.** Совет бийлиги өзбек кыз-келиндерин азаттыкка чыгаруу жараянында иштеп чыгарууга тартуу чараларын да жүзөгө ашырды. Мындан көздөлгөн максат, эл чарбасы маселелерин чечүү үчүн жаңы эмгек ресурстар болгон ички күчтөрдү жаратуу эле.

Кыз-келиндер алгач кол өнөрчүлүк кооперациясына тартылды. Кыз-келиндер клубдарында аялдар үчүн атайын бөлмөлөр ачылып, алар мындай жайларда топу жана шейшептер тигишчү. Кийинчерээк кол өнөрчүлүк кооперациясы курамында атайын аялдар артелдери уюштурулду. 1926-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жылы Өзбекстанда 16 ири аялдар артелдери болуп, аларда 814 жергиликтүү кыз-келиндер эмгектенишкен. Аялдар эмгектерине маяна алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушту.

1930-жылда республика кол өнөрчүлүк кооперациясынын 50 дөн ашуун артелдеринде 5000 ден көбүрөөк жергиликтүү аялдар иштейт эле. Алардын көпчүлүгү тигүүчүлүк ишканаларында эмгектенишкен. Кыз-келиндер ири өнөр жай ишканаларына да тартылды. Бул иш жалпылап алганда жагымдуу жараян эле. Бирок көп абалдарда администрация жакшы ойлоп көрбөй, аялдарды оор милдеттерге коюшту. Аялдарды ишке даярындоодо алардын назик жыныс өкүлү -зайып экендиги көңүлгө алынбады. Бул абал алардын ден-соолугуна олуттуу зыян тийгизет болчу.

Колхоз, совхоздор уюштурулгандан кийин аялдарга ылайыктуу эмес кесип – тракторчулукка үйрөтүү күчөдү. 1939-жылда 2500 кыз-келиндерди тракторчулук курсунда окууга зордук менен тартты. Курсту бүтүргөн кыз-келиндердин көпчүлүгү тракторчу болуп иштебейт болчу.

**Өзбек аялдарынын жаңы коомдогу орду жана карама-каршылыктуу жактары.** Өзбек аялдарын коомдун тең укуктуу мүчөлөрүнө айландырууда, эрксиздиктен куткарууда аларды маданий жана социалдык турмушка тартуу олуттуу мааниге ээ. Маданий-тарбиялык иштерди алып барууда аялдар клубдары чоң роль ойноду. Клубдарда аялдарга врачтар түрдүү кеңештер беришип, балдар врачтар кароосунан өтөт эле. Көптөгөн китепканалар, балдар бакчалары ачылды. Кыз-келиндерди кызыктырган жана тынчсыздандырган темаларда маектер өткөрүлдү. 1927-жылы Андижандагы Эски шаар аялдар клубунда 134 мүчө болгон.

Бул доордо өзбек кыз-келиндери жетекчилик кызматтарында иштөө жөндөмдөрүн көрсөтүштү. 1927-жылы республикадагы райондук аткаруу комитеттери мүчөлөрүнүн 20 пайызы, округ аткаруу комтитеттери мүчөлөрүнүн 17 пайызы аялдар эле. Жахон Обидова ӨзССР БАК Президиуму төр агасынын орунбасары, Тажыхан Шодиева Президиум мүчөсү болгон. Бирок кийинчерээк бул 2 белгилүү өзбек аялдары совет бийлиги тарабынан репрессия кылынды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XX кылымдын 30-жылдарында аялдардан белгилүү окумуштуулар, акындар, жазуучулар, инженерлер, врачтар, өнөрпоздор, мугалимдер өсүп чыкты. Халима Насырова, Тамараханым, Сара Эшантураева, Мукаррама Тургунбаева өңдүү өзбек кыздарынын таланты жарк этип көзгө ташталды. Бул өзбек кыз-келиндеринин тең укуктуу коом мүчөсү болуу, маданият жана билимге умтулууларынын натыйжасы эле. Ошентип, совет мамлекетинин аялдар бюросундагы саясаты коммунисттик идеология менен сугарылып, шашкалактык менен турмушка ашса да өзбек аялдары канында кылымдар бою жыйналган акыл-зээн, эпкин жана күжүрмөндүүлүк өңдүү касиеттери менен көп жагымдуу иштерди жүзөгө ашырышты.

***__Терминдердин түшүндүрмөсү!__***

**Паранжы** - аялдардын бетин көрсөтпөө үчүн жамынуучу чүмбөт

**Чачван** - аялдардын бет калкалагыч тору .

**Артел** (итал. - кол өнөрчү) кесип-өнөр ээлеринин биригишип, жамаат болуп иштөө үчүн түзүлгөн уюму формаларынан бири.

**Кооперация** - (лат.- шериктик, жолдош) көпчүлүктүн бир же бир канча эмгек процесстеринде биргелешип иштеши үчүн түзүлгөн эмгек уюмунун өзгөчө формасы.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1.Өзбекстанда «Хужум» кыймылын өткөрүүдө көздөлгөн максат эмне?

2. 1920-жылдарда республикада өткөрүлгөн «Хужум» кыймылы кыз-келиндер турмушуна кандай өзгөрүүлөрдү алып келди?

3. Паранжыдан «азат» кылынган кыз-келиндер алгач кайсы тармактарга тартылды?

4. «Хужум» кыймылы кандай акыбеттерге алып келди?

5. Мамлекет жана коом иштеринде иш-аракет алып барган кыз-келиндердин тагдыры кандай болду?

## 14-§. Өзбекстанда совет бийлиги жүргүзгөн маданий саясат

**Совет бийлигинин билим берүү жана илим тармагындагы иштери.** Жаш муунду окутуу, ал үчүн шарттар жаратуу эл массасынын, анын өкүлдөрү үчүн актуалдуу болуп келген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ой жүгүртүү!**

Элге агартуу ишин таратуучу жана коомдук ишмер Абдулла Авлоний билим жана тарбия жөнүндө ушундай жазган: «Тарбия биз үчүн же өмүр – же өлүм, же көмөк – же кыйроо, же бакыт – же балакет маселеси саналат».

Большевиктер тарабынан Өзбекстанда алгачкы-жылдарда совет мектептери жана техникумдарды ачууга өзгөчө көңүл бурулду. Жадид мектептери жабылды. Эски жана вакф мектептери жоюлду. **Түркстан мамлекеттик университети** жана **Өзбекстан мамлекеттик университетинен** кийин республикада көптөгөн институттар түзүлдү. Бирок университет жана институттардагы студенттер арасында өзбектер азчылыкты түзгөн. Жогорку окуу жайларында негизинен славян тилдерине таандык кишилер окуган. Аларда сабак берген мугалимдер арасында жергиликтүү улут өкүлдөрү аз болгон.

Бул доордо Өзбекстанда илим тармагында ийгиликтерге жетишилди. 1932-жыл 14-октябрда ӨзССР БАК Президиумунун Өзбекстан илимий текшерүү жайларына жетекчилик кылуучу ӨзССР Илимдер комитети түзүлдү. 1934-жылы ага Атажон Хашимов төр ага кылып шайланды.

1940-жыл 9-январда ӨзССР Илимдер комитети СССР Илимдер академиясынын ӨзССР филиалына (O‘zFAN- ИА) айланды.

**Эсте сакта!**

Орто Азияда жогорку билимдин бешиги, Түркстан мамлекеттик университети (азыркы Өзбек Улуттук Университети) бир канча жогорку окуу жайларына негиз болду, 1940-жылы республикада 30 жогорку, 100 гө жакын орто атайын окуу жайлары иштеп турду.

**Эл агартуусу жана сабатсыздыкка каршы күрөшүү.** 1934-жыл 10–17-январда Ташкентте өткөн Өзбекстан КПнын VI съездинде ВКП (б) XVII съезди тарабынан коюлган милдеттерге таянып, **экинчи беш жылдык** доорунда (1933–1937-ж.) республиканын социалисттик маданиятын өнүктүрүүдөгү негизги жолдорду белгилеп чыкты. Ушул максатта ӨзССР Советтеринин 1935-жыл 10–17-январда Ташкентте



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

болуп өткөн V курултайы ӨзССР Эл Комиссарлары Советине 8 жаштан тээ 15 жашка чейин болгон балдарды милдеттүү жети-жылдык билим алууга тартуу, республика шаар жана кыштактарында жаңы мектеп имараттары куруу программасын иштеп чыгууну сунуштады.

Эл агартуу керектөөсү үчүн өтө көп акчалай каражат бөлүштүрүлдү – биринчи беш-жылдык доорунда **395, 5 млн рубль** каражат ажыратылган болсо, экинчи беш-жылдык үчүн **1,16 млрд рубль** каражат сарпталды. Бул ири каражаттар экинчи беш-жылдык доорунда 35 000 окуучу орунга ээ 539 жаңы мектеп курууга мүмкүнчүлүк жаратты. Кичинекей мектептер бири-бирине кошулуп, чоңойтурулду жана толук комплекс даражасына жеткизилди.

Экинчи беш-жылдык доордо жалпы билим берүү мектептериндеги окуучулардын саны тездик менен өсүп, 931 800 гө жетти, алардын 725 миңге жакыны кыштак мектептеринде окуйт эле. Республика мектептеринде окуу **18 тилде** алып барылган. Өзбек тилинде окутулуучу мектептердин саны он жыл ичинде 10 жолу ашкан.

**Ой жүгүртүү!**

Билим берүү 18 тилде алып барылуусунун негизги себептери эмнеде болчу? Бүгүнкү күндө мамлекетибизде билим берүү канча тилде алып барылат?



Кыз-келиндердин сабатсыздыгын жоюу курстары

Бул кезде Өзбекстанда сабатсыздык жана чала сабатдыкты жоюу иштерин акырына жеткизүү милдети турган. 1937-жылы сабатсыздыкты жоюу мектептеринин саны 413 гө жетти. Бул мектептерде 28 700 киши иштеп чыгаруудан ажырабаган түрдө окуп сабатын ачышты.

Кыз-келиндер ортосунда сабатсыздыкты жоюу жагдайында чоң ийгиликтер болду. Алар үчүн көп жайларда атайын сабат мектептери ачылды. 1937-жылы 139 000 кыз-келиндер окууну жана жазууну үйрөнүштү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Алиппенин өзгөртүрүлүшү.** Совет бийлигинин алгачкы он жылдыктарында Өзбекстанда орфография **3 жолу** өзгөртүлдү. Бул абал түпкү элди сабатсыз кылууга, кылымдык баалуулуктарынан айырып, совет маданияты рухунда тарбиялоого жана орусташтыруу саясатын жүзөгө ашырууга болжолдонгон эле.

Ислам дини аймакка кирип келген соң, кылымдар бою жаралган чыгармалар араб алиппесиндеги эски өзбек тилинде жазылганы белгилүү. Ахмад Яссавий, Саккакий, Лутфий, Алишер Наваий, Бабур өңдүү белгилүү акындар 500-800-жылдар мурда өзбек тилинде, араб орфографиясында чыгармаларын жазышкан. Большевиктер мындай адабиятты четке кагып, совет адабиятын жана пролетардык маданиятты жаратууга умтулушту. 1921-1922-жылдарда алгач араб орфографиясы реформаланып, жөнөкөйлөштүрүлдү. Кийин өзбек жазуусун латындаштыруу маселеси күн тартибине коюлду.

**Ой жүгүртүү!**

Мурунку класстарда алган билимиңе таянып, жергебиздин территориясында болгон жазуулардын атын үзгүлтүксүз катары менен эсептөөгө аракеттен!

**1929-жыл** май айында Самаркандда өткөн Өзбекстан жазуучулары, орфографисттери жана жетекчи интеллигенттери конференциясында өзбек жазуусун араб графикасынан латын графикасына өткөрүү жөнүндө токтом кабыл алынды. Токтом 10-августта ӨзССР Агартуу эл комиссарлыгы коллегиясы тарабынан тастыкталгандан кийин, 1-декабрда Өзбекстанда араб алиппесинен **латын жазуусуна** өтүлдү.

Бирок тез эле жазууну латындаштыруу үчүн иштетилген чоң каражат бекер кылынып, кириллицага өткөрүү жөнүндө жаңы токтом кабыл алынды. **1940-жыл 8-майда** ӨзССР Жогорку Совети III сессиясында математик окумуштуу Ташмухаммад Кары-Ниёзовдун доклады боюнча латын жазуусунан кирилл (орус графикасы) негизиндеги өзбек жазуусуна өтүү жөнүндө токтом кабыл алынды. Өзбекстандан тышкары Орто Азия республикалары жана Азербайжан да орус графикасына өткөрүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ой жүгүртүү!**

Дүйнө тарыхы сабагынан алган билимиңе таянып, кирилл алиппесине качан, кимдер тарабынан негиз салынгандыгын эсте. Бул жазуу Россия территориясына кандай кирип келген?



Ф.Хожаев араб алиппесинен латындаштырууга өтүү жөнүндө сүйлөп жатат

Совет бийлиги латын графикасына өтүү аркылуу араб тилинде жаралган ислам дининин негизи Курани карим жана хадистерге ошондой эле башка китептерди жоготууну көздөгөн, кириллицага өтүү менен түркий тилдүү совет республикаларын латын орфографиясынан пайдаланып жаткан Түркия жана башка мамлекеттердин таасиринен сактап калмакчы, өзбек эли менен боордош түрк эли ортосунда байланыштарды жоготмокчу.

**Жаңы түрдөгү өзбек адабияты жана улуттук искусствосунун өнүгүшү.** Социалдык турмушта эпкиндүү карама-каршылыктар өкүм сүргөн бул татаал доордо адабият жана искусство улуттук, адамгерчиликтүү, элчилдик өңдүү принциптерге туруктуулугун сактап калды. Бул доор республикадагы чыгармачыл инсандар үчүн түрдүү изденүүлөр, көз караштары боюнча бир-бирлеринен айырмалануучу далай багыттардын катуу кагылыштарга толгон, ошондой эле көптөгөн курмандыктар жана бактысыздык менен аяктаган тагдырлар жана ошону менен бирге жаңы таланттар дүйнөгө келген жана бүчүр жазган доор болду.

Өзбек жазуучу-акындарынан Фитрат, Чолпон, Абдулла Кодирий, Садриддий Айний, Хамза жана башкалар чыгармалары менен улуттук баалуулуктарды сактоо жана коргоого умтулушту. XX кылымдын 30-жылдары жазуучу жана акындардын катары кеңейди. Адабият майданына Гафур Гулам, Айбек, Хамид Алимжан, Зульфия, Абдулла Каххар, Усман Насыр, Миртемир, Айдын Сабирова, Уйгун, Камил Яшин, Гайратий, Султан Жура, Амин Умарий сыяктуу бир топ таланттуу жаштар кошулушту.

Өзбек улуттук драматургиясы жана музыкасы, театр жана кино, сүрөт өнөрү жана прикладдуу искусствосу да жандандыруучу булак болуп, ага кызмат кылды. Өзбек өнөрпоздорунун бүткүл мууну бул доордо калыптанды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өзүңдү сына!**

Кирилл алиппеси – бул ...
Латын алиппеси – бул...
Түркстан мамлекеттик университети - бул...
Илимдер академиясы – бул...
Адабият өкүлдөрү – бул...
Эл агартуусу – бул...

Өзбек улуттук музыкасын өнүктүрүүдө өзбек композиторлорунан Токтосун Жалилов, Юнус Ражабий, Мухтар Ашрафий, Мутаваккил Бурханов чоң эмгектеништи. Сонун режиссёрлор жана актёрлор Маннон Уйгур, Аброр Хидоётов, Сара Эшантураева, Раззок Хамраев, Алим Хожаев, Шукур Бурханов жана башкалар аркылуу өзбек театр искусствосу гүлдөп-өстү. Комил Ёрматов, Наби Ганиев, Рахим Пирмухаммедов өңдүү киноматография ишкерлери өсүп чыкты. Бий өнөрү жана ырдоодо Халима Насырова, Тамараханым, Мукаррама Тургунбаева, Лутфиханым Саримсакова, Мухиддин Кары Ёкубов, Камилжон Атаниёзов, Карим Закиров жана башкалар жогорку чеберчиликке жетишишти. Өзбек музыка жана вокал искусствосунун өнүгүшүндө 1936-жылы Ташкентте ачылган мамлекеттик консерваториясы маанилүү роль ойноду.

***Терминдердин түшүндүрмөсү:***

**Пролетар -** (лат. кембагал, жарды тургун) жашоо булагы өз ишчи күчүн иштеп чыгаруу каражаттары ээлерине сатуу болгон жалданма, жумушчу табы.

**Консерватория** - (итал. баш калка) атайын музыкалык жогорку окуу жайы. Алгач Италияда жетим жана кароочусу жок балдарга болжолдонгон баш калка. Анда түрдүү өнөрлөр катары музыка да окутулган.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Советтер Түркстан элге билим берүүсүн уюштуруу, өнүктүрүүгө кандай көз караште болушту?
2. Өлкөнүн элге билим берүү системасындагы ката, кемчиликтер, татаалдыктар жана проблемалар жөнүндө эмнелерди айта аласың?
3. Республика жогорку окуу жайларын калыптандыруу кандай максаттарда жүзөгө ашты?
4. Алиппе боюнча өзгөрүүлөр кандай максатта жүзөгө ашкан? Анын акыбети жана натыйжалары кандай болду?
5. 1930-жылдарда жетишип чыккан белгилүү өзбек окумуштууларынын иш-аракети жөнүндө эмнелерди билип алдың?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

6.Өзбек искусствосун жогорулатууга олуттуу салым кошкон белгилүү өнөрпоздордон кимдердин атын тилге алууга болот?
7.Үйгө тапшырма. Төмөнкү жадыбалды толтур.

| Элге билим берүү | Жогорку билим берүү | Алиппе реформасы | Адабият | Искусство |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

## 15-§. Совет бийлигинин Өзбекстандагы репрессиялык саясаты: анын мааниси жана акыбеттери

**Өзбекстанда алгачкы репрессиялардын башталышы.** Совет режими өз бийлигин бекемдеп алгандан кийин, анын өзгөчөлүктөрү улам айкын көрүнө баштады. Бул абал айрыкча улуттук республикалардагы жетекчилерге мамиледе ачык көрүндү. Администрациялык-буйрукчулдук системасы жана анын жетекчи өзөгү саналган Бүткүлсоюздук коммунисттер (большевиктер) партиясы-ВКП (б) бул кезде «социализм негиздерин» курууга катуу кириштти жана коомдун бардык тармактарында башкаруучулук ордун ээледи.



2012-жылда басмадан чыккан китеп

XX кылымдын 20-жылдарынын экинчи жарымы жана 30-жылдардын башында Өзбекстан ССРда *он сегиздер тобу* (Абдурахим Хожибоев, Инамжан Хыдыралиев, Мухтаржан Саиджанов ж.б) *инагамовчылык* (ӨзССР Эл агартуу комиссары Рахим Инагамов ж.б.) *косымовчулук* (ӨзССР Жогорку судунун төр агасы Садулла Косимов ж.б.), *бадриддиновчулук* (ӨзССР Жогорку сотунун прокурору Шамситдин Бадриддинов ж.б.), «улуттук уюмдашуучулар» жана «улуттук көз карандысыздыкчылар» (Минавваркары Абдурашидханов башчылыгындагы 87 киши), «наркомпрос» иши (ӨзССР Агартуу эл комиссары Маннон Рамзий, анын орунбасары Боту ж.б), «баатыр кепчилер» (Кокондо Ашуралы Захирий башчылыгындагы 19 киши) жана башка саясий иштер кураштыруу на-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тыйжасында өзбек элинин көптөгөн эң мыкты перзенттери репрессияланды. Бул доордо коммунисттик партия катарын «тазалоо» компаниясы натыйжасында Өзбекстан Компартиясы мүчөлөрүнүн 25,6 пайызы (фиркадан) партиядан чыгарылды.

Жетекчилерге шектенүү менен кароо, «Эл душмандары» жана «буржуа улутчулдарын» аныктоо жана камакка алуу, түрдүү "оппозициялык" топтордун жүзүн ачуу күчөдү.

**Эсте сакта!**

Өзбекстандагы түзүлүшкө оппозицияда тургандар жана ага каршылык кылгандар куугунтукталды. Натыйжада массалык репрессиялар жана адилетсиздиктин алгачкы күчтүү толкуну Өзбекстан бойлой жүз берди. Дал ушул кезде «он сегиздер тобу»,«инагамовчылык»,«косымовчулук»,«бадриддиновчулук»,«улуттук уюмдашуучулар» жана «улуттук уюмдашуучулар»,«наркомпрос», «баатыр кепчилер» иши өңдүү саясий иштер ойлоп табылган эле.

**Укук жана агартуу тармагында репрессиялыкты күчөтүү.** Улуттук жетекчилерди кызмат орундарынан четтетип, аларды "идеялык" жактан талкалаган совет режими XX кылым 20-жылдардын акырында жекече жоготууга киришти. Бул жагынан алганда, Өзбекстанда укук жана агартуу системасында өткөрүлгөн репрессиялар, бөтөнчө характерлүү болуп саналат. Борбордун кысымы менен **1929-жыл 17-февраль 2-мартта** Самаркандда өткөрүлгөн Өзбекстан Коммунисттик партиясынын IV съездинен кийин жазалоо механизми ишке түшүрүлдү.

ӨзССР Жогорку сотунун төр агасы **Садулла Касимов** 1929-жыл мартта кызмат ордунан бошотулуп, камакка алынды. С.Косимов жана анын 6 максатташы үстүнөн СССР Жогорку соту кезектен тышкары сессиясы 1930-жыл Самарканд шаарында сот жараянын өткөрдү. Борбордон келген жазалоо органдары (сот төр агасы: Васльев Южин жана прокурор Р.Катанян) ишке атайын саясий түс бериштi. С.Косимов жана анын тарапкерлери «басмачыларды» колдоп-кубаттоодо, «революцияга каршы улутчул



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

уюмдар» мүчөлөрү менен байланышта болгондукта, ислам динин коргоодо айыпталып, аларга «косимовчулук» жалаасы жабылды. Совет соту С.Косимов, Б.Шарипов, Н.Алимов, Спиридиновду атып өлтүрүүгө, калган 3 кишини 10-жыл мөөнөткө камакка алууга өкүм чыгарды. Алардын мал-мүлкү конфискацияланып, мамлекеттин эсебине өткөрүлдү.

Көп өтпөй кезектеги иш – бадриддиновчулук ойлоп табылды. 1932-жыл 5-май – 15-июнда Ташкент шаарында СССР Жогорку соту аскердик коллегиясынын жылдырылган сессиясы ӨзССР Жогорку сотунун мурунку прокурору **Шамсутдин Бадриддинов** жана анын 5 максатташы үстүнөн сот жараяны өткөрүлдү. Бул жолу да прокурор армян Р.Катанян болуп, ал түрк элдерине карата жек көрүүсү менен таанылган. Бадриддиновго «Улуттук уюмдашуу» уюмунун мүчөлөрү жана «басмачылар» менен байланыш түзгөн, Мунавваркары жана Садулла Косимовдун жакын досу жана шериги деген айыптоо коюлду. Ш.Бадриддинов биринчи атууга өкүм кылынып, кийин 10 жыл камак жазасы менен алмаштырылды. Анын 5 максатташы да узак мөөнөткө камак жазасына өкүм кылынды.

Совет режими сот органдарындагы улуттук жетекчилерди репрессиялоо менен бирге жазалоо кылычын агартуучуларга да көтөргөн эле.

1930-жыл августта Самарканд шаарында ӨзССР Агартуу эл комиссарлыгында бир топ жетекчилер камакка алынды. «Наркомпрос» ишинде ӨзССР Агартуу эл комиссары **Маннон Рамзий** Маннон Абдуллаев анын орунбасары Боту – Махмуд Ходиев, ошондой эле, Олтой – Боис Кориев, Нодир Саидов жана башкалар бар эле. Алар агартуу системасын «улутчулук уусу» менен уулагандыкта айыпталып, бул абал «агартуу фронтунда косимовчулуктун көрүнүшү» катары караланды. Боту жана анын тарапкерлери 10 жылдык камак жазасына тартылды. Бирок алар, кийинчерээк, камакта атып ташталды.

**Мунавваркары жана анын максатташтарынын жок кылынышы.** 1929-жыл 5-ноябрда Ташкентте агартуучу **Мунавваркары Абдурашидхонов** башчылыгындагы 38 киши камакка алынды. Көп өтпөй камакка алынгандар 87 кишиге жетти. Алар «Улуттук уюмдашуу» жана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Улуттук көз карандысыздык» уюмдарынын мүчөлөрү катары айыпталды. Тергөө жараяны кийинчерээк, Москвага көчүрүлдү. Бул совет режиминин жадидтер «улутчулдугу» айыбын ачууга астейдил киришкенин далилдейт.

1931-жыл 25-апрелде Москвада өткөн сот жыйналышында Мунавваркары башчылыгындагы улуттун 15 мекенчил «Улуттук көз карандысыздык» мүчөлөрү атып өлтүрүүгө, калган 72 киши узак мөөнөттүү камак жазасына өкүм кылынды. Өзбек элинин 15 перзенти Москва тегерегинде атып ташталды. Камактан да эч ким Ташкентке кайтпады.

**1936 – 1938-жылдардагы чоң террор жана Өзбекстанда мамлекет ишмерлери, интеллигенттер, окумуштуулар жана аскерлердин репрессияланышы.** Ошондо тоталитардык режимде буйрукчул жана авторитардык башкаруунун күчөшү себеп укук бузуучу окуялар жөнөкөй абалга айланды. Совет зулумдук түзүлүшү бүткүл мамлекеттегидей Өзбекстанда да массалык репрессияларды күчөттү. Ири мамлекеттик, коомдук ишмерлери, партия, чарба жетекчилери, интеллигенттер, дин адамдары, аскерлер менен бирге жөнөкөй кишилер, колхозчулар да репрессияланды.


Чолпон

Өзбекстанда саясий репрессия **1937-жыл жазында** бөтөнчө күчөдү. ӨзССР ККС төр агасы Файзулла Хожаев, Өзбекстан Компартиясы БК биринчи секретары Акмал Икрамов, калк комиссарлары, областтар, шаарлар жана райондордун жетекчилери, көптөгөн чарба өкүлдөрү камакка алынып, тергөөдөн кийин СССР Жогорку суду аскердик коллегиясынын жылдырылган сессиясы токтомуна ылайык атып ташталды.

Өзбекстандагы саясий элита «Улутчулдук жана совет бийлигине каршы күрөш алып барууда», ошондой эле, куралдуу козголоңду даярдоодо айыпталды. XX кылым өзбек маданиятынын 3 жаркын-жылдыздары Фитрат, Чолпон жана Абдулла Кодирий бир күндө – 1938-жыл 4-октябрда Ташкент шаары тегерегинде атып ташталды. Камакка алынган көптөгөн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мекендештерибиз массалык түрдө 4-октябрда өлүм жазасы менен жазаланып өлтүрүлгөн. Таланттуу акын Усман Насыр камакканада курман болду

**Ой жүгүртүү!**
Ойлоп, корутунду чыгар!



«Сөзүмдүн аягында калыс соттордон сураймын: Мен түрдүү жалаа, киши жана жасалмалар менен, байкоосуздуктар аркылуу экинчи акталбай турган болуп караландым. Эч болбогондо алардын, каралоочу кара көздөрдүн көөнү үчүн болсо да, мага эң жогорку болгон жазаны бере көрүңүз. Көңүлүндө кири жок, капачылыгы,тескеричилик максаты болбогон жөнөкөй жигитке бир топ кордуктан өлүм таңсыгыраак. Бир канча адамдардын каалашынча, руханий өлүм менен өлтүрүлдүм. Эми дене өлүмү мага коркунучтуу эмес. Адилеттүү соттордон мен ушуну күтөмүн жана ушуну сураймын....Мен тууралык аркылуу баш кетсе «эх» дей турган жигит эмесмин».
*Абдулла Кодирийдин сот жараянындагы сөзүнөн.*

ХКСР аскердик иштер инспектору, өзүнчө Өзбек атчан аскерлер полкунун командири жана комиссары, 19-тоолуу атчан Өзбек дивизиясы командири кызматында иштеген **Миркомил Миршарапов** совет режими тарабынан Майкопдо 1937-жыл 28-октябрда камакка алынды. Ал Өзбек дивизиясын улутташтыруу жана бул дивизия жардамында Өзбекстанды СССРдын курамынан ажыратып алуу жана эгемендүү мамлекетти курууга умтулгандыкта айыпталды. Алгачкы Өзбек дивизиясы таратып жиберилди, ошондой эле М.Миршарапов башчылыгында 18 өзбек аскердик командирлери жана аскерлери Ташкент тегерегинде 1938-жыл 10-октябрда атып ташталган.



Миркомил Миршарипов

Кыскасы, 1937-1938-жылдарда ойлоп табылган жасалма айыптоолор боюнча Өзбекстанда **41000** киши камалып, алардан **37000** ден көбү жазаланды, **6920** киши атып өлтүрүүгө өкүм кылынды. Жалаң мамлекет жана коомдук ишмерлери, жазуучу, акын жана окумуштуулардан **5758** киши камакка алынып,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алардан **4811** киши атып ташталган. Бул маалыматтар республикабыз масштабында кызыл террор канчалык кең өлчөмдө аёосуз түрдө турмушка ашырылгандыгынын айкын далили эсептелет.

**«Шейиттер эстелиги» эскерүү архитектуралык комплекси жана «Репрессия курмандары эстелиги» музейи.** Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүккө жетишкенден кийин репрессиялангандардын көпчүлүгү укуктук жактан акталды. Өзбекстан Республикасынын биринчи Президенти Ислам Каримов (1938-2016) демилгеси менен 2000-жыл 12-майда Ташкент шаары Юнусабад районундагы Бузсуу каналы боюнда **«Шейиттер эстелиги»** эскерүү архитектуралык комплекси ачылды.



*«Шейиттер эстелиги» эскерүү архитектуралык комплекси*

***<u>Терминдер түшүндүрмөсү!</u>***

**Фирка** - (араб. - группа, топ, партия) максаты, идеясы, көз карашынын окшоштугу жагынан бириккен кишилер тобу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ал эзүүчү совет режими доорунда репрессияланган шейиттерди эскерүүсүнө арналып орнотулган болуп, улут үчүн жанын курман кылгандардын көпчүлүгү ушул жерде атып ташталган эле.

?

**Суроо жана тапшырмалар:**

1.«Он сегиздер тобу» жана «косимовчулук» өндүү саясий иштерди ойлоп чыгаруу жана алардын иш-аракетине саясий түс берүүдөн көздөгөн максаттары эмне эле?

2. Эмне себептен XX кылымдын 30-жылдарынын экинчи жарымында республика жетекчилиги репрессияланды, аларга кандай «айып» коюлган?

3. Алдыңкы өзбек интеллигенттерин репрессиялоо эмне үчүн керек болуп калды?

4. Тоталитардык система башкаруучуларынын адам укуктары жана эркиндиктери маселесиндеги жүзү каралыгын, арамзалыгын сен кандай түшүндүрөсүң?

5. Сен жашап жаткан шаар жана райондо репрессиялангандардан кимдерди билесиң, алар жөнүндө сүйлөп бер.

6. Репрессияга учураган саясий ишмерлер жана жазуучуларды атайын устундарда талда.

| **Саясий ишмерлер** | | |
|---|---|---|
| Аты | Коюлган айып | Жазалоо түрү (камак же атуу) |
| | | |

| **Адабиятчылар** | | |
|---|---|---|
| Аты | Коюлган айып | Жазалоо түрү (камак же атуу) |
| | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ҮЧҮНЧҮ ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАН ЭКИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ ЖЫЛДАРЫНДА (1939 – 1945-жыллар)

## 16-§. Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы жана Өзбекстандын согуш иримине тартылышы

**Согуштун башталышы, себептери жана мүнөзү.** Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышында фашисттер Германиясы жана милитаристтик Япониядан тышкары согуштан мурунку Улуу Британия (Англия), Франция жана СССРдин саясий  жетекчилери алдында да чоң жоопкерчилик бар эле.

**1939-жыл 23-августта** И.В. Сталиндин сунушу менен Москвада СССР жана Германия ортосунда 10 жыл мөөнөткө чабуул кылбастык жөнүндө бүтүмгө кол коюлду. Бул бүтүм тарыхта Молотов-Риббентроп пакты наамы менен белгилүү. Бүтүмдүн жашыруун бөлүмүндө эки мамлекеттин болочок чек аралары жана таасир чөйрөсү белгиленди. Польша, Балтика боюу жана Финляндияда Советтер Союзунун таасир чөйрөсү күчөдү.

1939-жыл 1-сентябрда **Адольф Гитлер** башчылыгындагы Германия мамлекети **Польшага** чабуул кылды. Бул чабуул менен **экинчи дүйнөлүк согуш** башталды. 3-сентябрь күнү Франция жана Англия мамлекеттери Германияга каршы согуш жарыялады. 17-сентябрда СССР жана Германия ортосундагы чабуул кылбастык жөнүндөгү бүтүмдүн жашыруун статьяларына ылайык СССР кошуундары Польша территориясына бастырып кирди. Польшаны бөлүп алуу жараяны башталды. 19-сентябрь күнү кызыл армия кошуундары Вильнюсту басып алды. 22-сентябрда Брест-Литовскиде Польшаны кыйратуу операциясынын аякташы катары советтик жана немис кошуундарынын бириккен пароды өткөрүлдү. 28-сентябрда СССР жана Германия ортосунда **достук жана чек аралар жөнүндөгү** келишимге кол коюлду. Андан соң кызыл армия бөлүктөрү Батыш Украина жана Батыш Белоруссия территориясын басып алды жана алар расмий түрдө СССРге кошулду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1940-жыл июлда кызыл армия Латвия, Литва, Эстония территорияларын басып алды, ошондой эле Латвия, Литва жана Эстония республикалары зордук менен Советтер Союзунун курамына киргизилди. Бул кезде Молдавия АССРга туташ Бессарабия да совет кошуундары тарабынан ээленди жана августта СССР курамында **Молдовия ССР** (мамлекет курамындагы 15-союздаш республика) түзүлдү.

**Совет-фин согушунда өзбекстандыктардын катышышы.** 1939-жыл 30-ноябрь – 1940-жыл 12-мартта **совет-фин согушу** болуп өттү. Согуш СССРдин коңшу Финляндияга чабуулу менен башталды. Бул окуядан соң **1939-жыл 14-декабрда** Улуттар Лигасы СССРди агрессиячы мамлекет деп жарыялап, аны Лига мүчөлүгүнөн чыгарды. Согуштун натыйжасында СССР Выборг шаары жана Ладога көлү тегерегиндеги территорияларды колго киргизди.

Ташкент жөөлөр окуу жайынын бүтүрүүчүлөрү болгон дивизия командири **А.Толстов,** дивизия штабы башчысы **В.Русских,** өзбекстандык жоокерлер **А.Магалов, А.Тупиков, Ф.Утешев** жана башкалар бул согуштарда катышышты.

**Ой жүгүртүү!**

Ойлонуп, корутунду чыгар!

Бул окуялар өз доорунда совет тарых таануучулугунда такыр бөлөкчө туюнтулган. Совет мамлекетинин баскынчы саясаты атайын жашырылган. Кийинчерээк, Германия тарабынан СССРге капыстан чабуул кылынгандан кийин, СССР эми агрессор мамлекеттен фашизмге каршы күрөшүп жаткан мамлекеттердин бирине, антифашисттик коалициясынын уюштуруучусу жана жетекчиси болгон мамлекетке айланды.

**Фашисттик Германиянын СССРге чабуулу жана Өзбекстандын согуш иримине тартылышы.**1941-жыл 22-июнь күнү таңкы саарда гитлерчилер Германиясы өз ара чабуул кылбоо жөнүндөгү келишим болгонуна карабай, капысынан СССРге бастырып кирди. Советтер Союзу элдери үчүн оор сыноолордон турган согуш башталды. Ошол күнү мамлекетте аскердик абал жайылтылгандыгы жөнүндө указ жарыяланды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Согуш бүткүл мамлекет чарбасын, анын жашоосун баштан-аяк өзгөрттү. 1941-жыл 30-июнда СССР ККС төр агасы жана ВКБ (б) БК Башкы секретары И.В.Сталин төр агалыгында Мамлекеттик Коргоо Комитетинин (МКК) түзүлүшү менен мамлекеттеги бүткүл саясий, аскердик жана чарбалык бийлик анын колуна өттү. Мындан тышкары И.В.Сталин 19-июлда СССР Коргоо калк комиссары, 8-августта СССР Куралдуу күчтөрү Жогорку Башкы командачысы кызмат ордун ээледи. Согуштун алгачкы күндөрүндө кабыл алынган атайын токтомдор жана көрсөтмөлөрдө мамлекет чоң коркунучта калганын, аны коргоо үчүн тезинен бардык экономикалык-руханий күчтөрдү коргоо кызыкчылыгына баш ийдирүү, эл чарбасын толук аскердик изге салуу керектиги белгиленди. Узак улантылган согуш кыйынчылыктары Өзбекстан эмгекчилерин да оор абалга салды.


Усман Юсупов

Экинчи дүйнөлүк согуш доорунда республикада жетекчилик кылган Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитетинин биринчи секретары **Усман Юсупов** өзбекстандыктарды фашизмге каршы күрөшкө мобилизациялоого башчы болду.

**Өзбекстанда материалдык жана руханий күчтөрдүн согушка мобилизацияланышы.** 23-24-июнь күндөрү Самарканд, Бухара, Андижан, Наманган, Фергана, Нукус жана республиканын башка шаарларында көп миң кишилүү митингдер болуп өттү. Ар күнү согушка жөнөө каалоосу менен аскердик комиссарлыгына келип турган арыздар агымы өзбекстандыктардын улуттук мекенчил руху жогорулугунун айкын үлгүсү болду. Бул арыздарды түрдүү кесиптеги жана ар түрдүү улутка таандык кишилер, эркектер жана аялдар, жаштар жана карыялар, партиялуу жана партиясыздар беришет эле. Архив документтеринин көрсөтүшүнчө, согуштун алгачкы күндөрүндө республиканын шаар жана район аскердик комиссарлыктарына ыктыярлуулардан **14** минден ашуун арыз түшкөн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзбекстан калкына адатка айланган мекенчилдигинин зор үлгүлөрүнөн бири фронтко жалпы элдик жардам көрсөтүү эле. Өзбекстандыктар согуштун алгачкы күндөрүнөн эле коргоо фондун уюштуруу аракетинде жигердүү катышышты. Коргоо фондуна жумушчулар, колхозчулар, интеллигенттер бир күндүк иш акылары, коммунисттик ишембиликтерде иштеп табылган акчалар, тургундардын жеке фонддору, кымбат баалуу байлыктары, мамлекет заёмдору, буюмдар жана азык-түлүк продукциялары тапшырылат болчу. Жалпылап айтканда, согуштун алгачкы күндөрүндө республика калкынан **30 млн рубль** акча, облигация жана кымбат баалуу байлыктар түштү. Өзбекстан калкы согуш-жылдарында коргоо фондусуна жалпы **649,9 млн рубль** акча, **22 кг** алтын жана күмүш тапшырды.

**Ой жүгүртүү!**
Бардык тармактын өкүлдөрү коргоо фонду үчүн мүмкүнчүлүгүнө карай өз байлыктарын тапшырышкан. Мисалы, белгилүү өзбек бийчиси Тамараханым коргоо фондуна 50 миң рубль тапшырган.



**Бардыгы фронт үчүн, бардыгы жеңиш үчүн!** Өзбекстан экономикасы аскердик абалга ылайык тездик менен фронт кызыкчылыгына баш ийдирилди.

**Өзүңдү сына!**
Адольф Гитлер – бул... У.Ю.Юсупов – бул...
Совет-фин согушу – бул... И.В.Сталин – бул...
Молдовия ССР – бул... Молотов-Риббентроп пакты – бул...

Фронт арты райондору катары Өзбекстанга да өзгөчө маани берилди. Согуштун алгачкы күндөрүндө немис кошуундары эпкиндүү мамлекет ичкерисине аракет кылмакчы эле. Фронт жакынындагы шаар жана кыштактардан калк, өнөр жай ишканалары, мекемелер жана башка материалдык байлыктарды Чыгышка көчүрүү башталды. Орто Азия жана Казакстан республикасына эвакуацияланган 308 мекемелердин 100дөн ашыгы Өзбекстанга жайгаштырылды. Алып келинген мекемелерди өтө кыска мөөнөттөрдө ишке түшүрүүгө жетишишти. 1941-жылдын акырына чейин ушундай ишканалардан 50 ишке түштү. Мисалы, Москва областы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Агрессия** - басып алуудан турган зордук-зомбулукка негизделген аракет.
**Эвакуация** - (лат. бошотуу, кенен кылуу) адамдар, уюм, мекемелерди, көркөм жана башка баалуулуктарды согуш, табигый кырсык сыяктуулардын коркунучунан сактоо максатында бир жайдан башка жайга көчүрүү.

Химки шаарынан көчүрүлгөн заводдун негизинде 1941-жыл октябрда **Ташкент авиация заводу** курулду. Бул завод фронт үчүн кыруучу самолёттор иштеп чыгарган.

Эл чарбасын кайра курууга байланыштуу уюштуруу ишин республика жетекчилери башкарышты. Согуш доорунун өтө кыйын, абдан чукул шарттарында алар жоопкерчиликтен коркпой, эң татаал тапшырмаларды тездик менен жана өз алдынча чечишти. Өзбекстан жетекчилиги Борбордун каардуулугун жеңип, эл комиссарлыктары жана ишкана директорлорунун укуктарын кеңейтиришти, башкаруу аппаратын кыскартышты.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1.Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышына түрткү болгон факторлор эмнелер эле?
2. Совет-фин согушунун мүнөзү эмнеде? Бул согуш СССР үчүн кандай мааниге ээ эле?
3. Өзбек элинин коргоо фондусуна кошкон салымын кандай түшүндүрөсүң?
4. Согушта дүйнө калкынын канча бөлүгү катышты? Өзбекстанда согушта катышпаган калктын иш-аракети кандай болду?
5. Согуштун башталышы менен мамлекеттин ичкерисинде кандай өзгөрүүлөр болду?

## 17-§. Өзбекстандын өнөр жайы жана айыл чарбасы фронт кызматында

**Согуш-жылдарында Өзбекстандын өнөр жайы.** 1941-жыл сентябрь–декабрь айларында республика өкмөтү эл чарбасын аскердик



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

изге салуу, кайсы ишкана качан ишке түшүрүлүшү жөнүндө, ички ресурстарды толук мобилизациялоо жөнүндө анык тапшырмаларды белгиледи. Кадрлар, өнөр жай чийки заты, отун, станоктор, шаймандар жетишпестигине карабай, 1941-жыл декабрда Ташкенттеги 63, республика территориясындагы **230** өнөр жай ишканалары коргоо продукцияларын иштеп чыгара баштады. Көчүрүлгөн заводдор да кубатын ашырышты.

1941-жыл 14-декабрдан аскердик ишканалардын кызматкерлери согушка мобилизациялангандардын катарына кошулду, ушул ишканаларга бириктирилди. Эмгек тартибин бузгандар жазага тартыла турган болду. Өз каалаганындай ишканадан кетип калгандарга 5 жылдан 8 жылга чейин камак жазасы белгиленди.

Өзбекстанда 1942-жылы жаңы өнөр жай продукциясын иштеп чыгаруу 2 эсеге көбөйдү. 1943-жылда өнөр жайдын республика эл чарбасындагы салмагы 75 пайызга ашты. Аскердик иштеп чыгаруу кубатын жогорулатып баруу зарылчылыгы өнөр жай курулушун улам көбөйтүүнү талап кылат эле.

Согуш-жылдарында Өзбекстанда **7 ири** гидроэлектр станциясы, Окковок, Кибрай, Салар жана Фарход ГЭСтери курулду, жаңы көмүр жана нефт кендери ачылды, эскилеринен көбүрөөк пайдаланыладыган болду. 1944-жыл марта Бекобод Орто Азияда алгачкы заманбап металлургия комбинаты – Өзбекстан металлургия заводун биринчи жолу ишке түшүрүлдү.


Фархад ГЭСи

**Өзбекстандын курал-жарак арсеналына айландырылышы.** Согуш доорунда аракеттеги армия зарыл нерселердин баарын: техника, курал-жарак, ок-дары, азык-түлүктөрдү үзгүлтүксүз алып турду. Өзбекстан союздун негизги согушчан арсеналдарынын бири катарында 2000 ден ашык самолёт, 22 млн минамёт, 500 000 наряд, миллиондогон гимнастёрка, санитар поезддер, пахталуу кийим-баш, өтүк, аскерлер үчүн башка кийимдер жана продукцияларды фронтко жеткизип берди. Оор эмгектин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жүгү аялдар, карыялар, өспүрүмдөргө жүктөлдү. Бирок бул эч кимди токтотподу. Фронтту өз убагында камсыздоо маанилүү болду.

Өзбекстан тылдын өтө кыйын шарттарында Советтер Союзу элдери менен бирге жеңишти жан аябаган эмгектери менен камсыздашты жана тарыхта болуп көрбөгөндөй эл каармандыгын көрсөтүштү.

**Айыл чарбасындагы абал.** Бардык кыйынчылыктарга карабай өзбек дыйкандары фронтту зарыл продукциялар менен камсыздоо үчүн кыжырмөндүүлүк менен эмгектеништи. 1941-жыл мамлекетке **1,6 млн тоннадан** көп пахта тапшырылды. Жашылча-жемиш, бахча эгиндери, мөмө, пила, жүн, эт тапшыруу милдеттери ашыгы менен аткарылды.Дан жана техникалык өсүмдүктөрдү көбөйтүү аракетинин натыйжасында 1942-жыл жазда кошумча 220 500 гектар жер өздөштүрүлдү. Согуш-жылдарында пахта жетиштирүүнү ашыруу эң маанилүү милдет кылып коюлган.

Колхозчу дыйкандар жана бүткүл Өзбекстан эмгекчилеринин күчтөрү менен Жогору Чырчык, Түндүк Фергана, Сох – Шахимардон, Үчкоргон каналдары, Касансай жана Рудасай суу сактагычтары курулду. Каттакоргон суу сактагычы сууга толтурула баштады. Самарканд, Фергана, Ташкент областтарында кызылча үчүн үнөмдүү жерлер ажыратылып, 1943-жыл 1,5 млн центнерден ашык кызылча мамлекетке тапшырылды. Кант кызылчасын кайра иштөөчү Зирабулак, Красногвардейск, Кокон жана Жаңыжол канд заводдору курулду. Согуш-жылдарында Өзбекстан бүткүл мамлекетте иштеп чыгарыла турган канттын **чейрек бөлүгүн** берет болчу.


Батыш фронтко азык-түлүк жана кийим-кече алып барган делегация (ондон экинчиде делегация жетекчиси Хасан Исламов)

Согуш жылдарында Өзбекстан айыл чарба калкы эң татаал жана оор шарттарда эмгектенип, 4 млн тоннадан ашык пахта чийки заты, 82 млн пуд дан жана башка продукцияларды мамлекетке жеткизди. Бул фашизм үстүнөн жеңишке кошулган ылайыктуу салым эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Калктын турмушу жана кыйынчылыктары.** Согуш Өзбекстандагы ар бир үй-бүлөнү материалдык жактан да кыйын абалга түшүрдү. Шаарларда азык-түлүккө карточка системасы уюштурулуп, жумушчу жана кызматчыларга күнүнө 400-500 граммдан, үй-бүлө мүчөлөрүнө 300-400 граммдан нан берилди. Жетекчилер болсо атайын азык-түлүк (паёк) менен камсыздалып турган. Кыйынчылыктар коомдун социалдык рухий абалында чеккиндүүлүктү пайда кылды, бирок фашизм үстүнөн жеңишке ишеним такыр солгундаган жок.




Ш. Шомахмудовдордун үй-бүлөсү



**Эсте сакта!**

Түрдүү улуттарга таандык 15 баланы перзенттикке алган темирчи уста Шоахмад Шомахмудов жана анын аялы Бахри Акрамовалар үй-бүлөсү жогорку адамгерчилик касиеттерин көрсөтүп көпчүлүккө үлгү болду. Согуштан майып болуп кайтып келген Хамид Саматовдор үй-бүлөсү 13 баланы, колхозчу аял Фатима Касымовалар үй-бүлөсү 10 баланы бооруна алып, мээрим менен алардын жүрөгүн-жылытты, дилин жаркытты.

Айрыкча, согуш-жылдарында өзбек айылдарында абал оор болгон. Колхоздордо чоңдор жана 12 жаштан ашкан балдар үчүн мажбур жумуш күнү нормасы 1,5 эсе ашырылган. Белгиленген эмгек нормасын аткарбаган колхозчулар аёосуз жазаланган. Кыштактарда түрдүү оорулар жана ачарчылыктын натыйжасында он миңдеген кишилер көз жумду. Согуш-жылдарында ачарчылык ири өнөр жай борборлоруна да тараган.



**Терминдердин түшүндүрмөсү!**

**Гимнастёрка** – Тик же кайырма жакалуу, үстүнөн кур байлануучу үстүнкү көйнөк (официалдуу аскердик кийим)

**Миномёт** – (*орусча* – ыргытуу, атуу) мина атуучу курал.

**Санитардык поезд** – медициналык кызмат көрсөтүүчү кызматкерлери жана шаймандар менен камсыздалган поезд.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Согуш жылдарында эмгек тартибин бузгандарга расмий мамиле кандай болду?
2. Согуш жылдарында өзбек элинин көчүрүп келтирилген элдерге жасаган мээримдүүлүктөрү эмнелерде көрүндү?
3. 1943-1944-жылдарда Өзбекстанга көчүрүп келтирилген калктын өкүлдөрү кимдер эле? Алар эмне үчүн көчүрүлгөн эле?
4. Согуш жылдарында Өзбекстанда айыл чарбасындай кандай өзгөрүүлөр болду?
5. Согуш жылдарында эмгекке тартылган балдардын иш-аракетин кандай түшүндүрөсүң?

## 18-§. Өзбекстандыктардын фронттогу эрдиктери жана баатырдыктары

**Өзбек дивизияларынын түзүлүшү.** Согуштун биринчи күндөрүнөн эле Өзбекстанда эл аскерлеринин отряддары түзүлө баштады. Кийин бул отряддар жалпы аскердик билим берүү бөлүмдөрүнө кошулду. Өзбекстанда фронт үчүн улуттук аскердик бөлүмдөр жана согушчан резервдерди даярдоо иши башталды.

1941-жылы жайында Самаркандда 19-Өзбек тоо-атчан дивизиясы кайра түзүлүп, анын негизинде 221-моторлоштурулган дивизия түзүлдү. Дивизияда бул кезде чоң тажрыйбага ээ өзбек офицерлеринен полковник Исмаил Бекжанов, майор Сабир Рахимов жана башкалар бар эле. Дивизия аскерлери 17-механизациялашкан корпус катарларында Ельна жакынындагы душманга каршы күрөштөрдө алгачкы жолу катышышты.

1941-жылы 13-ноябрда Мамлекеттик Коргоо Комитетинин «Улуттук аскердик кошулмалар түзүү жөнүндөгү» токтому чыгып, анда Өзбекстанда 5 кавалерия дивизиясы жана 9 өзүнчө окчулар бригадасы уюштуруу зарылдыгы, дивизиялар курамы жергиликтүү элдерге таандык 40 жаштан чоң болбогон ден-соолугу чың жана бакубат кишилер менен толтурулушу, мүмкүнчүлүгү болушунча жетекчилер курамы да жергиликтүү улут өкүлдөрүнөн болушу белгиленди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Согуштун алгачкы баскычтарында, айрыкча 1941-1942-жылдарда улуттук аскердик бөлүктөрдө, анын ичинде өзбек дивизиялары жана бригадаларында курал-жарак жана ок-дары жетишпеген. Өзбек аскерлеринин баарында эле согуштун алгачкы айларында жөнөкөй мылтык (винтовка) да болбогон. Бул абал большевиктер жана совет режиминин согуш доорунда деле жергиликтүү элдерге, айрыкча түрк элдер жана мусулмандарга карата ишеними жоктугу, ошондой эле шовинисттик саясатынын дагы бир коркунучтуу көрүнүшү саналат.

**Согуштун алгачкы күндөрүндөгү салгылашуулар.** Өзбекстандык аскерлер Брест калаасы, Киев, Смоленск, Одесса, Севастополь, Ленинград, Москва жана башка көптөгөн шаарларды коргоодо жоомарттыктын жана чыдамдуулуктун үлгүлөрүн көрсөтүштү. Москванын баатыр коргоочулары катарларында Өзбекстанда түзүлгөн аскердик бөлүктөр да бар эле.

Москваны коргоодо өзбек элинин атактуу кыздары да кайраттуулук менен согушушту. Алардын катарында 28 фашистти атып өлтүргөн снайперчи **Зебо Ганиева** да болуп, ал жоомарттыгы жана эрдиги үчүн Кызыл Туу ордени менен сыйланды. «Москва коргоосу үчүн» атайын медаль менен сыйлангандар арасында Өзбекстан аскерлеринен 1 753 киши болгон.

1942-жылы 27-мартта СССР Жогорку Совети Президиумунун указы менен 26 офицер жана жөнөкөй аскерлерге Советтер Союзунун Баатыры деген жогорку наам берилген. Алардын катарында биринчи өзбек баатыры андижандык Кочкор Турдиев да бар эле.


Зебо Ганиева

**Түп бурулуш жана андан кийинки согуштар.** Сталинград согушу экинчи дүйнөлүк согушта түп бурулушту баштап берди. Кавказ үчүн болгон согуштарда Ташкентте түзүлгөн Сабир Рахимов командачылыгындагы дивизия 3 ай улантылган согуштарда душмандын 8 000 аскер жана офицерин кырыш ташташты. Гвардиячы генерал-майор С.Рахимов 1945-жыл 26-мартта Польшадагы Гданск (Дансиг) шаарын штурм кылуу убагында курман болгон. Өз-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бек элинин атактуу перзентине 1965-жыл 9-майда Советтер Союзунун Баатыры наамы ыйгарылды.



**Эсте сакта!**
Өзбекстандыктар экинчи дүйнөлүк согушу фронтторунда болгон аёосуз күрөштөрдө активдүү катышып, эрдик жана жоомарттыктын үлгүлөрүн көрсөтүштү. Эң соңку тарыхый изилдөөлөрдө белгилүү болгондой, согуш-жылдарында **1,5 млн** өзбекстандыктар фашизмге каршы оттуу салгылашууларда катышкан эле. 1939-жылы республика калкы 6,5 млн болгон. Демек, ар бир төрт өзбекстандыктын тикеден-тике бирөөсү аракеттеги армия катарында кызмат кылган. Алардан **500 000** киши согуш аянттарында курман болгон же дайынсыз жоголгон.

Өзбекстандык аскерлер 1943-жыл жайында болгон Курск жана Орёл районундагы согуштарда, Днепр дарыясын кечип өтүүдө алдыңкы катарларда болушту. Днепр үчүн жүргөн согуштарда баатырдык көрсөткөндүгү үчүн 26 өзбек жигитине Советтер Союзунун Баатыры наамы берилди. Алардын катарында бухаралык **Шариф Эргашев** жана **Халлок Аминов** бар эле. Белоруссияны бошотуу үчүн болгон салгылашуулардын биринде 1943-жыл ноябрда Гомель шаарынын тегерегинде таланттуу өзбек акыны **Султан Жура** 33 жашында баатырларча курман болду.

Өзбекстандык аскерлер 1944-1945-жылдарда Белоруссия, Украина, Молдавия, Балтика бою республикалары жана Россия Федерациясынын батыш областтарын бошотууда катышышты. Өзбекстандыктар европадагы Каршылык көрсөтүү аракети катарларында Польша, Болгария, Венгрия, Румыния, Чехословакия, Италия, Греция, Австрия, Югославия, Франция жана башка мамлекеттерди фашизмден бошотууда активдүү катышышты, партизан кошулмаларында согушушту. 1945-жыл 9-майда гитлерчилер Германиясы таптакыр багынды. Берлинди ээлеген аскерлер арасында Советтер Союзунун Баатыры наамына татыктуу болгон ташкенттик Ботир Бабаев жана



Сабир Рахимов



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Солих Умаров, маргиланлык Тожиали Бабаев да болгон. Өзбекстандык аскерлердин 1706 оосу «Берлинди ээлегендиги үчүн» медалы менен сыйланды.

**Япония милитаристтерине каршы күрөштө өзбекстандыктардын салымы.** Японияга каршы согуш 1945-жыл августта совет кошуундарынын чабуулу менен башталды. Өзбекстандык аскерлер Квантун армиясын кыйратууга чоң салым кошушту. Алардын арасында лейтенанттар Н.Латипов, А.Каримов, У.Донёров, ефрейтор У.Асанов жана башка баатыр өзбек уулдары бар эле.

Манжуриядаги япон кошуундары советтик армия тарабынан кыйратылгандан кийин, Япония **1945-жыл 2-сентябрда** сөзсүз багынгандыгы жөнүндөгү документке кол койду. Ушундай түрдө экинчи дүйнөлүк согушу аяктады.

Өзбекстан уулдары жана кыздарынын кужүрмөн фронттордо көрсөткөн эбегейсиз жоомарттык жана эрдиктери СССР жана европадагы көптөгөн мамлекеттер өкмөттөрү тарабынан жогору сыйланды. Өзбекстандын 120 000 жоокерлери  түрдүү советтик орден жана медалдары менен сыйланды. Өзбекстандык 280 аскер Советтер Союзунун Баатыры сыйлыгына ээ болду, алардан 75и өзбек болчу. 52си өзбекстандык аскерлер үч түрдүү даражадагы «Шухрат» ордени менен сыйланышты.

**!**

**Өзүңдү сына!**

Шариф Эргашев – бул...

Зебо Ганиева – бул...

Сабир Рахимов – бул...

Халлок Аминов – бул...

**Аскердик туткундар жана алардын тагдыры.** Экинчи дүйнөлүк согушунда фашисттик Германия жана милитаристик Япония үстүнөн жетишкен улуу жеңиш өсүп-өнүгүүнү жактоочу адамзатка өтө кымбатка түштү. Расмий маалыматтарга караганда, экинчи дүйнөлүк согушта 50 млн. дон ашуун киши курман болгон. Бул согушта эң чоң жоготууга жолуккан СССР болуп, ал 27 млн кишиден ажырады. Талкалануулардан көргөн зыян жана согуш жүргүзүү үчүн сарпталган каражаттар өлчөмү 4 трилион долларды түзду



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Аскердик туткундардын абалы

Кээ бир маалыматтарга караганда, согуш жылдарында Германияга туткунга түшкөндөрдүн жалпы саны 6,2 млн кишини түзгөн. Совет-герман согушунда 5,7 млн кишиден артык советтик аскерлери Германия концлагерлеринде туткундукта болушкан. Туткунга түшүүгө аргасыз болгон совет жоокерлеринин арасында көптөгөн түркстандык туткундар да болгон. Ошондой туткундардын бири жана мурунку легионер, кийинчерээк Германияда жашаган намангандык тарыхчы окумуштуу **Баймырза Хайиттин** пикирлерине караганда, 1941-жыл жайынан 1942-жылдын жазына чейин 1,7 млн түркстандык жоокерлер немистерге туткунга түшкөн жана алардын көпчүлүгү аскердик туткундар концлагерлеринде болушкан. 1942-жыл жайында алардан 400 000 киши гана тирүү калган. Фашист конслагерлеринде аскердик туткундар өтө оор абалда жашаган, ачарчылык жана түрдүү ооруулардан алардын көпчүлүгү каза болушкан.

Түркстандык мигранттардан **Мустафо Чокай** жана ташкенттик өзбек **Вали Каймхон** демилгеси менен 1942-жылы мартта **Түркстан легионуна** негиз салынган. Легионду саясий жана идеологиялык жактан башкаруу Улуттук Түркстан Бирдиги Комитетине жүктөлдү. Вали Каймхон комитеттин президенти эле.

Согуш аракеттери доорунда аскердик туткундукта болгондор, айрыкча Түркстан легиону катышуучуларынын тагдыры да абдан оор болгон. Согуш бүткөндөн кийин, алар бардык жайда куугунтукталган, СССРге кайтарылган аскердик туткундардын көпчүлүгү атайын лагерлерге жайгаштырылып, түрдүү кыйноолорго дуушар болушту.

Бул кыйноолордон аман калган аз сандагы кишилер гана, кийинчерээк, эркиндикке чыгарылды. Алардан шофиркондык **Абдулла Расулов** өңдүү мекендештерибиз немис жана совет концлагерлеринен аман чыгып, Өзбекстанга кайтышты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


«Азалуу эне» айкели

**Жеңиш майрамынан Эскерүү жана Кадырлоо күнүнө чейин.** Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүккө жетишкенден кийин, **1995-жылы** 33 томдуу «Эскерүү» китеби (кийинчерээк ага кошумча түрдө дагы 2 том чыккан) жана Өзбекстан элинин согуш-жылдарында тылдагы эрдиктери баяндалган жалпылаштырылган атайын том өзбек жана орус тилдеринде басмадан чыкты.

Ташкентте 1999-жылы май айында **Эскерүү жана Кадырлоо** майданы курулуп, анда **«Азалуу эне» айкели,** ошондой эле сейилбактын түндүк жана түштүк жагында бой тарткан айвандар текчелеринде экинчи дүйнөлүк согушунда курман болгон өзбекстандык бардык жоокерлердин аты-жөнү жазылган металл текчелер орнотулду.

**Жеңиш майрамы** белгилене турган 9-май күнү **Эскерүү жана Кадырлоо** күнү деп жарыяланып, Ташкенттен тышкары, Каракалпакстан Республикасы, бардык областтардын борборлору жана райондорунда Эскерүү майдандары курулуп, бул майдандарда да «Азалуу эне» айкели орнотулду

**Ой жүгүртүү!**

«Улуу жеңиштин 72-жылдыгына байланыштуу борборубузда, бардык шаар жана кыштактарыбызда көптөгөн чаралар, согуштун катышуучулары менен жолугушуулар, эскерүү жөрөлгөлөрү өткөзүлүүдө... Биз «Өзбек элине тынчтык жана амандык керек» деген чакыруунун маанисин терең түшүнгөн абалда, тынчтык үчүн ар бирибиз жооптуу экендигибизди унутпастан, ар дайым сергек, кыраакы жана кабардар болуп жашообуз керек».

*Өзбекстан Республикасы Президенти Шавкат Мирзиёевдин 2017-жыл 19 майда сүйлөгөн сөзүнөн.*

***Терминдердин түшүндүрмөсү:***

**Ефрейтор** - катардагы солдатка берилүүчү алгачкы аскердик наам жана ушундай наамы бар аскер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

?

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Согуштун алгачкы күндөрүндө фашисттик баскынчыларга каршы салгылашууларда өзбекстандык жоокерлер көрсөткөн эрдиктери жөнүндө сүйлөп бер.
2. Өзбекстандык жоокерлер Москва үчүн салгылашууларда кандай эрдик көрсөтүшкөн?
3. Согушта түп бурулуш жасоого өзбекстандык жоокерлер кандай салым кошушту?
4. Сабир Рахимовдун эрдигин билесиңби?
5. «Түркстан легиону» иш-аракетине байланыштуу эмнелерди билип алдың?
6. «Эскерүү жана Кадырлоо күнү» илгери кандай аталат эле? Бул күн жөнүндө эмнелерди билесиң?
7. Төмөнкү жадыбалды толтур..

| **Согуштар** | **Катышкандар** | **Алардын тагдыры** |
|---|---|---|
| Сталинград | | |
| Берлин | | |
| Япония | | |
| Днепр | | |
| Гданск | | |

### Өз алдынча иш

Өзүң жашап жаткан шаар, райондогу согуштун катышуучулары, алардын эрдиктери жөнүндө реферат жаз.

## 19-§. Өзбекстан илими жана маданияты – жеңиш үчүн кызматта

**Өзбек адабияты жана искусствосу фашизмге каршы күрөштө.** Согуш жылдарында Өзбекстан акындары, жазуучулары, сүрөтчүлөрү, музыканттары жараткан чыгармаларда мекенчилдик касиеттери негизги орунда турду. Хамид Алимжон, Гафур Гулам, Абдулла Каххар, Айбек, Садриддин Айний, Максуд Шайхзода, Султон Жура, Амин Умарий, Ойдин жана башка жазуучулар, ошондой эле акындардын ырлары жана дастандарында, публицистикалык чыгармаларында фашизмдин кыл-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мыштык жүзү ачылып, элибиздин согушчандык руху колдоп-кубатталды, душманды жеңип алууга болгон ишеним бышыкталды.



Искусствонун өкүлдөрү госпиталдарда

Согуш-жылдарында Өзбекстан искусство чеберлери 30 концерт бригадаларына бөлүнүп, фронттогу жоокерлерге 35 000 жана госпиталдарда 26 000 концерт көрсөтүштү. Фронт бригадалары курамында Тамарахaным, Халима Насырова, Сара Эшантураева, Мукаррама Тургунбаева, Аброр Хидоётов, Алим Хожаева, Гавхар Рахимова, Карим Закиров, Мухиддин Кориёкубов өңдүү таанымал өнөрпоздор болгон.

Театрлардын репертуарларында аскердик жана тарыхый чыгармалар көп болгон. Театрлар сахнасында Хамид Алимжандын «Муканна» Уйгун жана Иззат Султандын «Алишер Наваий», Хамид Алимжан, Уйгун жана Сабир Абдулланын «Өзбекстан кылычы», Айбектин «Махмуд Торобий», Максуд Шайхзоданын «Жалолиддин Мангуберди» өңдүү жана башка драмалык чыгармалары тартууланды.



Т. Кори-Ниёзий

**Өзбекстан ССР Илимдер академиясынын түзүлүшү жана иш-аракети.** СССР Илимдер академиясынын Өзбекстан филиалы согуштун биринчи күндөрүнөн баштап өтө маанилүү эл чарба жана коргоо проблемаларын чечүүгө активдүү киришти. Ошол максатта институттардын илимий-изилдөө иштери планына олуттуу өзгөрүүлөр киргизилди. СССР Эл Комиссарлары Советинин төр агасы Л.В. Сталиндин 1943-жыл 4-ноябрда, экинчи дүйнөлүк согушунун эң кызуу баскычында Ташкентте **Өзбекстан ССР Илимдер академиясы** (ӨзССР ИА) түзүлдү. Таанымал өзбек математик окумуштуусу Тошмухаммад Ниёзович Кори-Ниёзий (1897-1970) академиянын президенти кылып шайланды. Мурда болгон Тил, адабият жана тарых институту болсо Өзбек тили жана адабияты, ошондой эле Тарых жана археология институттарына ажыра-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тылып, жаңы түзүлгөн ӨзССР ИА курамына киргизилди.

Өзбекстан окумуштуулары экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында өздөрүнүн натыйжалуу иш-аракети менен мамлекеттин илимий интеллектин өнүктүрүүгө, жан аябаган эмгеги менен мамлекеттин экономикалык, ошондой эле аскердик кудуретин ашыруу жана бышыктоого чоң салым кошушту. Бул иште аларга согуш-жылдарында Өзбекстанга көчүрүп келтирилген РСФСР жана башка союздаш республикалардын окумуштуулары да кыйла көмөктөшүштү. Жеке гана Ташкенттин өзүнө мамлекеттин белгилүү илимий кызматкерлеринен 375 киши келген, алар республика шарттарын мүмкүн болушунча согуштун керектөөлөрүнө көбүрөөк жайылтуунун жолдорун издеп табууга, илимий проблемаларды чечүүгө жана жергиликтүү илимий кадрларды даярдоого жардам беришкен болчу.

**Өзбекстандын Россия, Белорусия жана Украина интеллектуалдык элитасын сактап калуудагы ролу.** Бул доордо республикабызга Москва, Ленинград, Киев, Минск, Воронеж жана башка шаарлардан 31 жогорку окуу жайы жана 7 аскердик академия эвакуацияланды. Көчүрүп келинген жогорку окуу жайлары, көптөгөн илимий-изилдөө институттарынын республикада болушу Өзбекстандагы бардык жогорку окуу жайларынын бүткүл окуу жана илимий изилдөөчүлүк иш-аракетин Борбор даражасына дагы да жакындаштыруу мүмкүндүгүн берди.

Согуш-жылдары Өзбекстан, айрыкча, Ташкент шаары миңдеген илим, адабият жана искусство өкүлдөрү үчүн көмөк бешиги болуп кызмат өтөдү.

**Ой жүгүртүү!**
7-класста алган маалыматтарыңды эсте! В.Греков, С.Толстов, А.Якубовский өңдүү окумуштуулардын мамлекетибиздин тарыхындагы кызматтары кандай болгон? Алардын белгилүү пикирлерин эсте!

Бул доордо фашисттер басып алган территориялардан окумуштуулардан тышкары 200 дөн ашуун белгилүү жазуучу жана акындар, сынчылар жана адабият таану чулардан Анна Ахматова, Алексей Толстой, Владимир Ян, Александр Дейч, Никита Погодин, Якуб Колас, Янка Купала, Лидия Бат, Виктор Жирмунский жана башкалар бар эле. Алар Өзбекстандын адабий жашоосуна тартылып, чыгармачылык кылуулары үчүн бардык шарт жа-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ратып берилди. Өзбек акын жана жазуучулары алар менен шериктештикте «Биз жеңебиз» аттуу альманах жана «Өзбекстан акындары фронтко» аттуу антология жаратышты.

Кыскасы, согуш-жылдарында Өзбекстан эли жогорку адамгерчилик үлгүлөрүн көрсөтүп, убактылуу басып алынган территориялардан республикага көчүрүп келинген калкты, айрыкча, балдар жана интеллектуалдык элитаны сактап калууда жан аябаган кайраттуулук кылышты.

**Суроо жана тапшырмалар:**

?

1. Өзбекстан Илимдер академиясынын түзүлүшү жөнүндө сүйлөп бер.
2. Өзбекстанга Батыштан кандай илимий мекемелер көчүрүп келтирилди?
3. Жогорку билим берүү тармагында абал кандай болчу?
4. Согуш-жылдары чыгармачылык менен алектенген жазуучу жана акындардан кимдерди билесиң? Ушул-жылдарда кандай чыгармалар жаратылды?
5. Үйгө тапшырма. Төмөнкү жадыбалды толтур.

| Өзбек жазуучулары | Көчүп келген жазуучулар | Өзбек окумуштуулары | Көчүп келген окумуштуулар |
|---|---|---|---|
| | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТӨРТҮНЧҮ ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАНДЫН СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ ЖАНА ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОБЛЕМАЛАРЫ (1945–1959-жылдар)

## 20-§. Өзбекстан эл чарбасынын согуштан кийинки абалы.

**Өнөр жайды кайра куруу.** Экинчи дүйнөлүк согуш бүткөн болсо да, бирок согуштун оор акыбеттери республика турмушунун бардык тармактарында, ошондой эле, өнөр жайда да сезилип турчу. Өзбекстан өнөр жайын калыбына келтирүү, калкты азык-түлүк жана өнөр жай товарлары менен камсыздоо үчүн күйүүчү заттар, электр энергиясы, ошондой эле, тажрыйбалуу жумушчу жана инженер-техник кызматчыларга талап байкалат болчу. Бул татаал милдеттерди чечүү үчүн Өзбекстандын географиялык абалы, улуттук каада-салттары, эл кызыкчылыгын көңүлгө алып, анын эл чарбасын өнүктүрүүнүн так программаларын иштеп чыгуу зарыл эле. Бирок мындай болгон жок. Борбордун кызыкчылыгынан келип чыккан абалда Өзбекстан экономикасын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү пландары түзүлдү.

Борбордун чоң пландарында Өзбекстанга жеке гана чийки зат жеткизип берүүчү четки бир өлкө катары каралган. Дал ушул нерсе Өзбекстан экономикасынын чындыгында бир жактуу өнүгүшүнө алып келди. Мында чийки затты кайра иштөө ишканалары өтө аз болуп, бул болсо социалдык программаларды жүзөгө ашырууга жолтоо болот эле.

1945-жыл акырында Өзбекстандын машина жасоо өнөр жайы айыл чарбасы жана ирригация керектөөлөрү үчүн машина жана шаймандар иштеп чыгарууга өткөрүлдү. Өзбекстан металлургия заводунда 1946-жылы жаңы прокат цехи ишке түштү.

**Өзбекстанда пахта монокультурасы жана анын акыбеттери.** 1946-жыл 5-февралда СССР өкмөтү «1946–1953-жылдарда Өзбекстанда пахтачылыкты калыбына келтирүү жана дагы да өнүктүрүү планы, чаралары жөнүндө» токтом кабыл алды. Бул токтом Өзбекстанда пахта монокультурасын биротоло жайылтууга каралган эле. Совет өкмөтүнүн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көрсөтмөсү менен азык-түлүк эгиндеринин сугарма аянттары **чигит** эгүү үчүн ажыратылды. Ушундай калыпта пахта эгүүчү аянттар көбөйтүрүлдү. 1946-жылы ӨзССР үчүн пахта эгин аянты 779 000 гектар кылып белгиленди. Ошол-жылы республикада 218 000 гектар сугарма аянт пахта эгүү үчүн бошотулган. Ошондуктан пахта жетиштирүү-жыл сайын өстү. Бирок пахтанын сатып алуу баасы ашырылган жок. Азык-түлүк продукцияларын жетиштирүү кыскарып, азык-түлүк маселеси курчуду. Экология бузулуп, калктын саламаттыгы начарлады.

**Эсте сакта!**
Өзбекстанга жеке гана чийки зат жеткизип берүүчү өлкө катары каралышы анын экономикасын бир жактуу өнүктүрүүгө алып келди. Айрыкча, республика союздун негизги пахта базасы болуп кала берди. Эл чарбасы (өнөр жай, айыл чарбасы ж.б.у.с.) башка тармактардын өнүгүшү пахтачылыктын кызыкчылыгына баш ийдирилди. Беш-жылдык пландарды түзүүдө өнөр жайды башкаруунун экономикалык усулдары төгүнгө чыгарылды.

1948-жылы «Ташсельмаш» заводу пахта терүү машиналарынын алгачкы партиясын иштеп чыгарды. Арадан бир-жыл өткөндөн кийин «Ташавтомаш» заводу ишке түшүрүлүп, тракторлор, пахта терүүгө ылайыкташтырылган машина жана трактор прицептерин (тиркөөгүчтөрүн) иштеп чыгаруу жолго коюлду. Ушул заводдун базасында 1969-жылы **Ташкент трактор заводу (ТТЗ)** курулду. Бирок бүткүл техниканын машина-трактор станциялары (МТС) колунда жыйналганы терс акыбеттерге алып келди.


Пахта пункту

**Кол өнөрчүлүктүн абалы.** 1947-жыл декабрда мамлекетте азык-түлүк жана өнөр жай товарларына карточка системасы жоюлду. Ар-жылы кеңири керектөөчү товарлардын баасы арзандаштырылып турду. Бирок элдин жашоо даражасы жакшыланбаган. Совет бийлиги тарабынан кол



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өнөрчүлөрдүн укуктары, эркин иш-аракети чектелген. Алар кооперативдик артелдерге бириктирилди. Согуштан кийинки -жылдарда кол өнөрчүлүк кооперациясы курамында бир канча жүз артелдер иш жүргүзгөн. Жеке түрдө кол өнөрчүлүк менен алектенүүгө тыюу салынган.

**Ой жүгүртүү!**

1.Согуштан кийинки жылдарда Өзбекстанда айыл чарба жана өнөр жай бир жактуу өнүктү. Бул жараяндардын мамлекетибиз бүгүнкү өнүгүүсүндөгү өзүнө жараша оң жана терс жактарын чагылдырууга аракеттен.

2. «1945-жылы Өзбекстанда 850 000 тонна пахта жетиштирилген болсо, 1950-жылы анын өлчөмү 2 222 000 тоннага жетти». Ойлоп көр,-жылдык планга канча өлчөмдө пахта тапшыруу кошуп барылган?


Мырзачөлдө

**Мырзачөл жана башка территорияларда дың жана боз жерлердин өздөштүрүлүшү.** Өзбекстанда пахтачылыкты өнүктүрүү үчүн жаңы жерлерди өздөштүрүү, ирригация курулуштарын кеңейтүү, сугаруу системаларын жакшыртуу керек эле. КПСС БК жана СССР Министрлер Советинин 1956-жыл 6-августта «Пахта жетиштирүүнү көбөйтүү үчүн Өзбекстан ССР жана Казакстан ССРдеги Мырзачөлдүн дың жерлерин сугаруу жөнүндө»гү токтому кабыл алынды. Анда пахта эгилүүчү аянттарды Өзбекстан ССРда 200 000, Казакстан ССРда 100 000 гектар кеңейтирүү пландаштырылды. Мырзачөлдү кеңири масштабда өздөштүрүү иштери башталды.

**Өзүңдү сына!**

ТТС – бул...

1946-жыл – бул...

Пахта монокультурасы – бул...

МТС – бул...

Мырзачөл жерлерин өздөштүрүү иштеринде түздөн-түз жетекчилик кылуу үчүн атайын «Главголодностепстрой» уюму түзүлдү. 1955-1959-жылдардын ичинде Өзбекстанда 160 000 гектардан ашыгыраак



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жаңы жер өздөштүрүлдү. 1961-жылы Мырзачөл шаарчасы Гүлстан шаарына айландырылды.

Ошондой эле, 1956-жылы Өзбекстанда пахта сатып алуу бааларын ашыруу, үстөмө сыйлыктар төлөөнүн жаңы тартиби, МТСтерге төлөнө турган натура акы ставкаларын 40% азайтуу, суу үчүн төлөнүүчү акыны жоготуу, минералдык жер семирткичтердин баасын төмөндөтүү жайылтылды.

Өзбекстанда дың жана боз жерлерди өздөштүрүү, ошондой эле пахта эгиндери аянтын улам кеңейтирүү кийинки жылдарда да улантылды.

***Терминдердин түшүндүрмөсү!***

**Прокат цехи** - айлануучу эки үбөлүк (вал) арасынан сыгып өткөрүү жолу менен түрдүү формадагы металл продукциялар иштеп чыгаруу, прокат пайда кылуу.

**Монокультура** - алмаштырып эгүүгө көңүл бурулбай, талаада бир түрдүү эгинди көп-жылдар бою бир эле жерде өстүрүү

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Согуштан кийин Өзбекстан экономикасын өнүктүрүү планы эмненин негизинде түзүлгөн эле?
2. «Өзбекстан экономикасын бир жактуу өнүктүрүлүшү» дегенде эмнени түшүндүң?
3. Пахта монокультурасы эмне?
4. Мырзачөлдү өздөштүрүү кандай максатта жүзөгө ашырылган болчу?
5. Өнөр жай ишканалары кандай максаттарда кайра жасалгаланды?
6. Кол өнөрчүлүктүн өнүгүшүнө эмнелер жолтоо болду? Сенин оюнча, жеке тартиптеги кол өнөрчүлүктүн тыюу салынышына эмне себеп болгон болушу мүмкүн?

## 21-§. Интеллигенттердин репрессияланышы жана совет коомунда жеке адамга сыйынуучулук жүзүнүн ачылышы

**Өзбекстан интеллигенттери репрессияланышынын жаңы баскычы.** Согуш аяктагандан кийин арадан көп өтпөй ӨзССР бойлой дагы бир жалпы репрессия толкуну жүрдү. XX кылымдын 40-жылдарынын акыры жана 50-жылдардын баштарындагы репрессиялар **маданият**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**жана илим ишмерлерине** каршы багытталды. Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитети Борбордун жол-жоболоруна таянган абалда көз карашы, чыгармачылыгы коммунисттик партия идеологиясынан айырмаланган чыгармачыл интеллигент өкүлдөрүнө каршы чабуул башташты.

Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитети бюросу 1950-жыл 1-сентябрда «Өзбекстан ССР Илимдер академиясынын иши жөнүндөгү» маселени көрүп, академия окумуштууларынан чыгыш таануучу жана тарыхчы **Абдусамад Бобохожаев**, адабият таануучу жана философ **Вахид Захидов,** экономист **Алим Аминов,** тил таанучу **Алим Усманов** жана башкаларды адилетсиз түрдө каралашты.

Акыры, 1952-жыл февралда Өзбекстан Компартиясы БКинин идеологиялык маселелерге арналган X пленуму (жалпы жыйналыш) болуп өттү. Анда Өзбекстан Компартиясы БК биринчи секретары Амин Ниёзов «Республикада идеологиялык иштин абалы жана аны жакшылоо чаралары жөнүндө» доклад жасады. Докладда Өзбекстан интеллигенттеринин бир тобу (жазуучулар, окумуштуулар, акындар ж.б.) туура эмес түрдө улутчулдукта айыпталды. Өзбек элинин репрессияланган бул өкүлдөрүнүн чыгармаларын жана «Алпамыш» дастанын окууга тыюу салынды. Докладда ӨзССР ИА курамындагы Тарых жана археология, Чыгыш таануучулук, Өзбек тили жана адабияты институттарынын окумуштуулары каардуу түрдө, адилетсиз сындалды. Аталган пленум жана анда кабыл алынган токтомдор Өзбекстандын руханий жашоосуна күчтүү сокку болду.

**Ой жүгүртүү!**

9-класс адабият сабагында окуган «Алпамыш» дастаны окуяларын эсте. Ой жүгүртүп көрчү, эмнеге бул доордо «Алпамыш» дастанын окууга тыюу салынды.

Чыгармачыл интеллигенттерден Саид Ахмад, Шукрулло, Мирзакалон Исмоилий, Шухрат, Максуд Шайхзода, Миркарим Осим, Неъмат Тошполат, Ёнгин Мирзо, Хамид Сулайманов, Мухиддин Кориякубов жана башкалар (12 киши) «советтерге каршы улутчулдук иш-аракетин» жүргүзгөндүктө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

айыпталып, **1951-жылда** камакка алынды жана 25 жылга камалышты. Алар «калктар атасы» жана «калктар жол башчысы» И.В. Сталиндин көзү өткөндөн бир канча-жыл өткөн соң, 1955-жылы совет режими тарабынан акталып, камактан бошотулушту жана Өзбекстанга кайтышты. Ошол кезде өзбек элинин ар-намысы болгон Айбек репрессияга учурады.

**Эсте сакта!**
Сталин коммунисттик партия жана совет өкмөтүн жетектеген 30 жылдан ашуун убакыт ичинде (1922-1953) мамлекетте анын жеке өзүнө сыйынуучулук күч алды. Жеке адамга сыйынуучулук шартында бийлик жогорку даражадагы баалуулукка айланат, аны башкарып жаткан бир же бир канча адамдар кудайга айландырылат.

1956-жыл 25- февралдагы КПСС XX съездинин жабык жыйналышында КПСС БК Биринчи секретары **Никита Хрущёв** жеке адамга сыйынуу жана анын акыбеттери жөнүндө доклад жасады. Докладда Сталинге сыйынуу караланды жана анын акыбеттерин жоготууга умтулуу башталды.

Бул доордо репрессиялангандарды актоо жараяны да башталды. Өзбекстан боюнча атылган жана камакка алынгандардан **40 000** ге жакын киши акталды. Репрессияланып, камакка ташталган жана сүргүнгө жиберилген мекендештерибиздин бир бөлүгү Өзбекстанга кайтты. Бирок аларды актоо иши да коммунисттик идеологиянын стандартынын негизинде жүзөгө ашырылды. Эзүүчү совет режими өзүнө макул болгондорду гана граждан (тургун) катары актады. Ошону менен бирге 1953-жылдан кийин да башкача пикир жүргүзүүчүлөр куугунтукталган жана алардын «эң өткүрлөрү» ар дайым репрессияланып турду.

**Өзбекстан саясий башкаруусундагы өзгөрүүлөр жана жетекчилердин алмашуусу.** 1950-жыл апрелде Өзбекстан Компартиясы БКинин биринчи секретары **Усман Юсупов** өз милдетинен бошотулуп, Москвага СССР Пахтачылык министри кызмат ордуна дайындалды. Бирок И.В.Сталин өлүмүнөн кийин бул министрлик жоюлуп, Усман Юсупов 1953-1954-жылдарда Өзбекстан ССР Министрлер Советинин төр агасы болду. Амин Ниязов доорунда Өзбекстан интеллигенттерине карата репрессиялык саясаты жүрдү. Ал Маргиланда туулган болуп,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өзүнүн жердеши Юлдаш Ахунбабаев өлүмүнөн кийин көп өтпөй 1947–1950-жылдарда Өзбекстан ССР Жогорку Совети Президиумунун төр агасы кызматында иштеген эле.

**Ой жүгүртүү!**
Ойлон жана корутунду чыгар.
«Ички иштер эл комиссарлары (НКВД) иш-аракетинде өтө чоң кемчилдик жана укукту бузуучулук абалдарга жол коюлууда. Массалык камакка алуулар күчөйгөн, көп абалдарда алар жетиштүү даражада негизделбеген. Ички иштер эл комиссарлыгында, анын райондордогу бөлүмдөрүндө, жадагалса эң көп камакка алуу үчүн мелдеш жарыяланды. Бул болсо жетиштүү түрдө негизделбей камакка алуу үчүн кең жол ачты».
*Өзбекстан КП (б) БК биринчи катчысы Усман Юсуповдун Москвага Сталинге жазган каты.*


Сабир Камолов


Амин Ниязов


Нуриддин Мухитдинов

Нуриддин Мухитдинов 1951–1953 жана 1954-1955-жылдарда Өзбекстан ССР Министрлер Совети төр агасы, ошондой эле 1957–1961-жылдарда КПСС БК Президиумунун мүчөсү, ошондой эле КПСС БКнин идеология секретары сыяктуу жооптуу кызматтарда иштеген эле. Ал өзбек интеллигенттеринин акталышына демилгечи болгон. Пахта сатуу баасын ашырууну Борбордун алдына көндөлөң коюп, аны чечүүгө жетишти.

Сабир Камолов ташкенттик болуп, ал болгону 15 ай ичинде республика партия уюмун башкарды. Бул доордо Өзбекстанда кадрларды жергиликтештирүү жараяны массалык түрдө жүзөгө ашырыла башталды, ислам динине эркиндиктер берилди. Бул абал Борбор жетекчилигине (Н.Хрущёв, М.Суслов ж.б.га) жакпай, ал өзүнүн кызматынан алып ташталды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Суроо жана тапшырмалар:**

1.Интеллигенттердин кандай тобу куугунтукталып, репрессия кылынды?
2. Жеке адамга сыйынуу дегенде эмнени түшүндүң?
3.Эмнеге улуттун интеллигент жана лидерлери репрессияга учураган?
4. Өз.ССРнин жетекчилик кызматтарында иштегендер эмнеге сындалган?
5. Репрессияга кабылгандар боюнча төмөнкү жадыбалды толтур.

| Репрессияланган жылы | Акындар | Жазуучулар | Окумуштуу-лар |
|---|---|---|---|
| | | | |

6. Өзбекстан ССР жетекчилери иш-аракети боюнча төмөнкү жадыбалды толтур

| Өзбекстан ССР жетекчилери | А.Ниёзов | Н.Мухитдинов | С.Камолов | У. Юсупов |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

## 22-§. Өзбекстанда өнөр жайдын бир жактуу өнүгүшү

**Өнөр жай тармагындагы абал.** Ошол учурда СССР территориясынын курамдыкбөлүгү ӨзССР Борбордо иштелген экономикалык саясатты кынтыксыз жүзөгө ашырууга аргасыз эле. Согуштан кийинки беш-жылдыктарда (1946-1950-жылдардагы төртүнчү, 1951-1955-жылдардагы бешинчи беш-жылдык доорунда) мамлекет өнөр жайды өстүрүүгө чоң өлчөмдө капитал каражаттар ажыратты. Бирок алардын көпчүлүгү оор өнөр жайына сарпталды.

**Эсте сакта!**
Өзбекстанда оор өнөр жай негизинен пахтачылыкты өнүктүрүүгө, тактап айтканда, Борбордун кызыкчылыгы үчүн кызмат кылган. Ошону менен бирге өнөр жай курулушунда мурунку көрсөтмөлөр сакталып калган. Бул абал өнүккөн мамлекеттерде иштеп чыгарууга кеңири колдонулуучу жаңы технологиялар, илим жана техника ийгиликтеринен пайдаланууну көздөбөйт болчу.

Өзбекстанда көптөгөн ири химия ишканаларынын курулушу пайдадан көрө көбүрөөк терс акыбеттерге алып келди. Көп ишканалар (Чырчык электрохимия комбинаты, Наваий химия комбинаты ж.б.) Янгийул



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

биохимия заводу калк тыгыз жашоочу жайда болуп, алардын айлана-чөйрөсүн булгады жана экологиялык кырдаалды татаалдаштырды. Атмосферага зыяндуу заттар чыгарылышы натыйжасында табиятка, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүнө зыяны тийди. Эң чоң зыянды бул жерде жашоочу инсандар көрдү.

Жеңил өнөр жайында да түрдүү шайкешсиздик абалдары жана карама-каршылыктар бар болчу. Жеңил өнөр жайда иштеп чыгаруу пландары аткарылбай, калктын керектөө товарлары менен камсыздоо деңгээли союзга салыштырмалуу бир канча ирет кем болгон.

**Ой жүгүртүү!**
Оор жана жеңил өнөр жайларына эмнелер кирээрин эсте. Жеңил өнөр жайга көңүл буруу төмөндөшүнүн себептерин түшүндүр.

**Транспорт жана андагы проблемалар.** Өзбекстан өнөр жайынын өсүүсү менен бирге транспорт да өнүктү. Транспорт тармагы аркылуу бардык өнөр жай борборлору бирдиктүү комплекске айланды.

1947-жылда 600 км ден турган Чоржуй - Конгирот темир жолу курулду. Ошол-жылы Ташкентте алгачкы жолу троллейбустар каттоосун баштады. Кийинчерээк, **Конгирот – Бейнов** темир жол курулушу көлөмдүү түрдө алып барылды. Бул темир жол магистралы Каракалпакстанды Казакстан менен түз байланыштырып, Орто Азиядан Борборго алып баруучу экинчи поезд жолун жаратты.

**Ой жүгүртүү!**
Биринчиси кайсы экендигин эсте. Ал качан, эмне максатта курулган?

Бул доордо автомобиль транспорту да өнүктү. Эски жолдор оңдолду, жаңы асфальт жана бетон төшөлгөн жолдор курулду. Автомобиль база жана парктары заманбап жаңы машиналар эсебинен көбөйдү. 1959–1968-жылдарда Ташкент чоң айлана автомобил жолу далбоорлонду жана курулду.

Өзбекстан аба жолдорунда XX кылым 50-жылдары ортолорунан баштап жогорку тездик жана учуулар доорун ачкан ТУ-104 маркадагы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жолоочу ташуучу самолёттор пайда болду. Аба транспорту кызматкерлери кийинки жылдарда жаңы самолёттордун көпчүлүгүн өздөштүрүштү. Кээ бир шаарларда заманбап аэропорттор курулду. Бул Өзбекстан шаарларын бир-бирине байланыштырды, ошондой эле, мамлекеттин борбору Москва, башка республикалар жана мамлекеттер борборлору ортосунда үзгүлтүксүз учуулар жолго коюлду.

Бирок транспорт тармагында да далай проблемалар болгон. Темир жолдор жана автомобиль жолдору курулушу башка республикалар, атап айтканда, Түркмөнстан, Тажикстан, Казакстан территорияларынан өткөрүлүп, экономикалык жактан алар Борборго көз каранды кылып койду. Мындай саясаттын оор натыйжалуу окуя экендиги СССР талкаланып, аймакта эгемендүү мамлекеттер түзүлгөндөн кийин айрыкча байкалууда.

Мындан тышкары темир жолдор тармагын электрлештирүү, жүк жана жолоочулар ташууну башкаруунун автоматташтырылган системасын жаратуу иштери акырындык менен алып барылды. Ошондой эле, транспорттун бардык түрлөрүндө жолоочуларды кызматтык жактан тейлөө жагдайында олуттуу кемчиликтер болгон.

**!** **Өзүңдү сына!**

Чоржуй - Конгирот – бул...

Конгирот - Бейнов – бул...

Ташкент чоң айлана жолу – бул...

Химия ишканалары – бул...

**Кадрларды даярдоо маселелери жана орусташтыруу саясаты.** Борбордун улуттук саясатында кадрлар маселеси маанилүү орун ээлейт. Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитетинин экинчи секретарлары, Өзбекстан ССР Министрлер Советинин төр агасы, ошондой эле Өзбекстан ССР Жогорку Совети Президиумунун төр агасынын биринчи орунбасарлары, Мамлекеттик коопсуздук комитети жана маанилүү министрликтердин жетекчилери, область жана шаар партия уюмдарынын экинчи секретарлары Москвадан жиберилген өкүлдөрдөн (негизинен славян жана армяндар) болуп, алар чоң укук жана жеңилдиктерге ээ болуп, республикадагы кадрлар тагдырын өз каалоолору менен чечишкен. Мындан тышкары Борборго баш ийүүчү кызмат орундары да бар эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитетинин биринчи секретары, республика өкмөтү жана мамлекет органларынын жетекчилери, область партия комитеттеринин биринчи секретарлары жана областтык аткаруу комитеттеринин төр агалары негизинен жергиликтүү улут өкүлдөрүнөн дайындалса да бул кандидаттарды Кремль сунуштайт эле. Сырттан караганда Өзбекстанды өзбектер башкарып жаткандай өңдөнчү, чындыгында бийликти башкаруу тизгини Москванын колунда эле. Бул абал совет бийлигинин алгачкы-жылдарында жайылтылган жана совет түзүлүшү кризиске жолуккан доорго чейин улантылган.

Мындай саясат жергиликтүү калктын кызыкчылыктарына зыян жеткизди. Алдыңкы өнөр жай тармактары үчүн адистер Борбордон чакырылган. 1959-жылда республика калкынын курамында өзбектердин салмагы 62 пайыздан ашуун болсо да андагы өзбек жумушчуларынын ченеми болгону 43 пайызды түзгөн. Союзга баш ийген ишканалар негизинен Россия жана башка республикалардан чакырылган адистер жана жумушчулар менен камсыздалган. Мындай ишканаларда иш акысы жергиликтүү өнөр жай ишканалардагыга караганда 2-3 эсе жана андан да көп болгон. Кадрлар саясатындагы мындай абалдар жана орусташтыруу саясаты жергиликтүү калктын материалдык жана руханий мүмкүнчүлүктөрүнө зыян келтирип, республикада социалдык кырдаалдын, улуттар аралык мамилелердин татаалдашына өбөлгө жаратты.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1.Согуштан кийинки жылдарда өнөр жайды өнүктүрүүдө кандай карама-каршылыктар бар эле?

2. Борбор Өзбекстанда оор өнөр жайын өнүктүрүүдөн кандай кызыкчылыкты көздөгөн?

3.Республика өнөр жайынын борборго көз карандуулугу эмнелерде көрүнөт?

4.Өзбекстанда жетекчилерди кызматка дайындоо тартиби кандай болгон?

5.Жаңы темир жана автомобиль жолдору курулушу жөнүндө эмнелерди билесиң? Аларды куруудан көздөлгөн максат эмне эле?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БЕШИНЧИ ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАН БЕКЕМ ӨНҮГҮҮ ДООРУНДА (1959 – 1983-жылдар)

## 23-§. Өзбекстандын саясий турмушундагы өзгөрүүлөр жана советтердин партия органдарына көз карандуулугу

**Өзбекстанда саясий жетекчиликтин өзгөрүшү.** Ошол доордо советтик коомдун саясий системасына партия, түрдүү даражадагы Совет органдары, профсоюз уюмдары, комсомол (жаштар уюмдары) кирет. Системанын негизги түркүгү партия эсептелген. Ал өзүн жетектөөчү жана багыттоочу күч эсептеп, Советтер жана коомдук уюмдарга өз басымын зордук-зомбулук менен өткөрүп келген эле.



Шараф Рашидов

1959-жыл 15-мартта Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитетинин биринчи секретары кызмат ордуна Шараф Рашидов (1917-1983) шайланды. Ал бул кызматта өмүрүнүн акырына чейин жемиштүү иштеди.

Шараф Рашидов атактуу мамлекеттик, саясат жана коомдук ишмери ошондой эле белгилүү жазуучу болгон. 1917-жыл 7-ноябрда Жиззахта туулган. Ал 1950-1959-жылдарда Өзбекстан ССР Жогорку Совети Президиумунун төр ага-сы катарында өзүнөн жакшы таасирлер калтырды. Ал таланттуу уюштургуч жана чебер жетекчи эле. Ш.Рашидов жетекчилигинде Өзбекстан экономикасын жана маданиятын өнүктүрүүдө белгилүү ийгиликтер колго киргизилди.



Ташкент метрополитенинин курулушу

Пахтачылыкты өнүктүрүү, жаңы жерлерди өздөштүрүү, 1966-жылдагы жер титирөөдөн кийин Ташкентти кайра



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

калыбына келтирүүгө ал көп күч-кубатын, кайратын жумшады. Ташкент метрополитендин курулушу анын демилгеси менен башталган. Метрополитендин биринчи кезеги (9 аялдама) 1977-жылы  ноябрда ишке түштү.

**Ой жүгуртүү!**
Өзбекстан Республикасы Президенти тарабынан 2017-жыл 27-мартта «Шараф Рашидов туулганынын 100-жылдыгын белгилөө жөнүндөгү» токтому кабыл алынгандыгынын олутуулугу жана мааниси эмнеде деп ойлойсуң?

1959–1970-жылдарда **Ёдгор Насриддинова** 1970–1978-жылдарда **Назар Матчанов,** 1978–1983-жылдарда **Иномжон Усмонхожаев** Өзбекстан ССР Жогорку Совети Президиумунун төр агасы кызматында иш алып барышкан.


Иномжон Усмонхожаев

1959–1961-жылдарда **Ориф Алимов** 1961–1971-жылдарда **Рахманкул Курбанов** 1971–1984-жылдарда **Нормухаммади Худойбердиев** Өзбекстан ССР Министрлер Советинин төр агасы кызматтарында эмгектениште.

**Эсте сакта!**
Ёдгор Насриддинова Кокондо туулган болуп, комсомол жана партия органдарында жетекчи кызматтарда иштеген. Ал Өзбекстанда эле эмес, СССРде, бүткүл Чыгышта парламент төрайымы болгон **биринчи аял** болуп саналат. Ё.Насриддинова 1970–1974-жылдарда СССР Жогорку Совети Улуттар Советинин төрайымы кызматында да иштеген.



**Калктын материалдык абалындагы жагымдуу-жылыштар.** XX кылымдын 60–80-жылдарында мурунку доорлорго караганда калктын турмуш даражасы жакшырды,  өзбек үй-бүлөлөрдө телевизор, муздаткыч, кир жуугуч машиналары, ошондой эле жеңил автомобилдер пайда

**Өзүңдү сына!**
Шараф Рашидов – бул ...
Ёдгор Насриддинова – бул...
Назар Матчанов – бул ...
Иномжон Усмонхожаев – бул...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

болгон. Жашоо зеригерлик болбой, жыргалчылык менен ырыкаттанып жашоо пайда болду. Өзбек элинин той-аземдери да шаан-шөкөттүү өтө баштады. Бирок бул доордо да руханиятка күчтүү зыян жеткен. Айрыкча, Өзбекстан экономикасы Борбордун кызыкчылыгына толук баш ийдирилген.

**Ой жүгүртүү!**

Оку жана корутунду чыгар!

СССР Конституцисынын 6-статьясында КПССтин совет мамлекетиндеги башкаруучулук ролу укуктук жактан бекемделген эле. Бул статьяда коммунисттик партия коомдун жетектөөчү жана багыттоочу күчү деп жазылган эле. Конституциянын бул статьясы коомдо партиянын жетекчилик ролун камсыздап берди, анын совет жана коомдук уюмдар үстүнөн бийлик жүргүзүүлөрүнө негиз болуп кызмат өтөдү.

Бул доордо Өзбекстанда түрдүү өнөр жай ишканалары курулган, жаңы шаар жана посёлкаларга негиз салынган. Мырзачөл, Сурхон-Шерobod жана Каршы чөлүнүн өздөштүрүлүшүнүн натыйжасында эгин аянттары кеңейген.

**КПССтин жетекчилик ролу жана бийликтин жер-жерлердеги саясий органдары.** Советтик коомдо мамлекеттик башкаруу органдары түрдүү даражадагы Советтер болгон. Жогорку Советтен баштап кыштак советтерине чейинки болгон органдар эмгекчилердин кызыкчылыгын коргоосу керек эле. Чынында болсо андай болбогон.

1977-жыл 7-октябрда кабыл алынган СССРдин жаңы Конституциясы улуттук республикалар укугун официалдык түрдө чектеди жана Борборго кеңири укуктарды алып берди. Бул конституция КПСС БК Башкы секретары жана СССР Жогорку Совети Президиумунун төр агасы **Леонид Ильич Брежнев** (1906-1982) жетекчилигинде даярдалды жана мамлекетте өнүккөн социалисттик коом куруу теориясын алга сүрдү.

**Советтер жана коомдук уюмдар укуктарынын чектелгендиги.** Өзбекстанда да дал бүткүл союзда болгондой эмгекчилер депутаттары район, шаар, область Советтери, ошондой эле республика Жогорку Совети экинчи даражалуу маселелерди да партия комитеттеринен уруксат албай



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чече албайт болчу. Чарба жетекчилери өз проблемалары менен Советтердин аткаруу комитеттеринен четтеп, партия органдарына кайрылышаар эле. Калктын социалдык-турмуштук маселелерге байланыштуу арыз жана сунуштары да партия комитеттери тарабынан каралат болчу.

Партия органдары комсомол жана башка коомдук уюмдарга да укукка каршы келе турган түрдө кордук көрсөтүп келген. Өз кезегинде комсомол жана башка уюмдар партия конторaларынын көрсөтмөлөрүн аткарууга мажбур болушкан. Буйруктарды аткарбаган жетекчилер өз кызматтарынан бошотулган.

Совет бийлиги доорунда партия номенклатурасы (партия органдары менен келишип дайындалуучу кызматтар) деп аталган тартип-эреже бар болгон. Бул эрежеге ылайык жооптуу кызматтарга жеке гана партия мүчөлөрү, тактап айтканда коммунисттер дайындалган. Ошону менен бирге түрдүү даражадагы Советтер, комсомол ошондой эле коомдук уюмдардын жетекчилери коммунисттик партия жетекчилиги (Борбордук Комитет, область, шаар жана район партия комитеттери) курамына киргизилген. Ушундай жол менен партия органдары бул уюмдар менен кошулуп, аларды өзүнө баш ийдирип алган.

?

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Советтик коомдун саясий системасына кайсы уюмдар кирген? Алардын иш-аракетиндеги кандай маселелерде тоскоолдуктар болгон?
2. 1977-жылкы Конституциянын Өзбекстан социалдык-саясий турмушунда таасири кандай болду.
3. Администрациялык-буйрукчул системасынын өкүмдүүлүгү күч алганын эмнелерден көрүүгө болот?
4. Коомдук уюмдары укуктарынын чектелиши кандай акыбеттерге алып келди?
5. Ш.Рашидовдун тоталитардык системада өкүм сүргөн чөйрөдөгү саясий жана социалдык иш-аракеттери жөнүндө эмнелерди билип алдың?

## Өз алдынча иш

«Шараф Рашидов - өзбек элинин жалындуу перзенти» темасында эссе жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 24-§. Өзбекстанда күйүүчү заттар жана тоо-кен өнөр жайынын пайда болушу жана элдин улуттук курамындагы өзгөрүүлөр

**Өзбекстандын казылма байлыктарынын Борбордун кызыкчылыгына кызмат кылдырылышы.** Өзбекстан минералдык чийки зат түрлөрүнө абдан бай территория эсептелген. Республикада көптөгөн пайдалуу казылмалар: алтын, уран, жез, коргошун, коло, вольфрам, табигый газ, нефть, ташкөмүр жана башка кендер табылып, ишке түшүрүлдү. Өкүнүчтүүсү, бул кендерде казылган пайдалуу казылмалар, айрыкча, алтын жана уран, табигый газ Борбордун кызыкчылыгына кызмат кылды. Бул кен байлыктарынан алардын чыныгы ээлери болгон өзбек эли дээрлик пайдаланбады.

**Ой жүгүртүү!**

Ойлоп, корутунду чыгар.

Өзбекстандын жер асты кен байлыктарынан кымбат баалуу ресурстарды тартып алган союз ишканалары алынган пайданын болгону 1 пайызын жергиликтүү бюджетке өткөргөн.

Бул талоончулук механизми экономиканы түп тамырынан курутуп, өзбек элинин кызыкчылыгына таптакыр каршы болгон. Алтын, уран, баалуу түстүү металлдар, табигый газ жана башка стратегиялык чийки зат өтө жашыруун түрдө Өзбекстандан тышкарыга бекерге алып кетилет болчу.


Бухарадагы Газли шаарчасы

**Табигый газ кендеринин ачылышы.** Өзбекстандын табигый газы бар болгон райондордо активдүү геологиялык-изилдөө иштерин алып барууга XX кылымдын 50-жылдарынын башынан эле киришишкен. Ошол доордо Жаркоргон, Коровулбозор, Сарыташ табигый газ кендери ачылган. Бухара-Хива геологиялык аймактарында **Газли** жана **Жаркок, Түндүк** жана **Түштүк Муборак, Учкир, Уртабулок** жана **Култак** сыяктуу ири табигый газ кендеринин, ошондой эле, Гисар тоолорунун түштүк-батыш райондорунда Одамтош конденсат кени,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Устюртта** келечектүү газ катмарларынын табылышы абалды кескин өзгөртүп, Өзбекстанды дүйнөдөгү эң ири газ запастары бар аймактарынан бирине айландырды.

1956-жылы Бухара областында дүйнөдө эң ири жана чоң **Газли** нефть-газ кенинин табылышы Өзбекстанда табигый газ казып чыгаруунун тездик менен өнүгүшүнө негиз болду. Дүйнөдөгү эң ири газ кендеринин бири эсептелген бул кендин жалпы запасы 500 млрд $м^3$ газ болгон. Бул жерде «көгүлтүр от» жаратуучулары – газчылар жашоочу **Газли шаарына** тезинен негиз салынды. Табигый газ казып алуу көрсөткүчтөрү эбегейсиз ашырылды. 1960-жылда 0,4 млрд $м^3$ табигый газ иштеп чыгарылган болсо, 1975-жылда 33, 7млрд $м^3$ га жетти. Союз өкмөтүнүн Өзбекстанда газ иштеп чыгарууну ашыруудан максаты аны РСФСРдин өнөр жай борборлоруна көбүрөөк ташып кетүү болчу.

Бүткүлсоюздук газ казып чыгарууда Өзбекстандын үлүшү 1960-жылдагы 1 пайыздан 1975-жылда 20 пайызга жогорулады. Бул салыштырмалуу үстөмдүк кийинчерээк да ар дайым көбөйүп турду.

Бирок ӨзССРде үй-жай фондун газдаштыруу салмагы абдан төмөн эле, бул абал айрыкча республиканын көпчүлүк эл жашай турган кыштактарында айкын көрүнгөн. Ал гана эмес Советтер Союзунун европа бөлүгүнө жана социалисттик мамлекеттерге газ жеткизип берип жаткан Бухара областынын өзүндө да абал абдан аянычтуу болгон. Өзбекстандын газы негизинен республикадан тышкарыга жөнөтүлчү.

**Кызылкумда алтын жана уран кендерин өздөштүрүү.** XX кылымдын 50–60-жылдарында Өзбекстанда алтын иштеп чыгаруу өнөр жайы бир топ өнүктү. Алтын жана уран ажыратып алуучу комплекстер, фабрикалар, алтын руда комбинаттары жана жез рудасын кайра иштөөчү комбинаттар ишке түшүрүлдү.

Учу-кыйыры жок Кызылкум чөлү борбордук райондорунда алтын жана уран казуу өнөр жайынын пайда болушун талап кылды. 1958-жыл 3-септябрда Наваий кен-металлургия комбинатына пайдубал коюлушу менен **Наваий шаарына** негиз салынды. Комбинат Өзбекстандын 5 областында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жайгашкан 5 кен башкармасы жана алардын негизинде курулган Наваий, Советабад (азыркы Нурабад), Зарафшан, Үчкудук шаарлары, Мурунтоо, Красногорск, Зафарабад, Шалкар шаарчаларына негиз салынган. Дүйнөдө эң ири Мурунтоо алтын кени 1961-жылы ишке түшүрүлүп, алгачкы накта куйма алтын (999,9 пробалуу) 1963-жылы даярдалган.

ӨзССР алтын жана уран казып алууда дүйнөнүн алдыңкы орундарынан бирин ээледи. XX кылымдын 70–80-жылдарында республикада – жылына болжолдуу 50 тонна тегерегинде накта алтын куймасы даярдалган. ӨзССР алтын жеткизип берүү боюнча мамлекет алтынынын жарымынан көбүн берген. Эң соңку изилдөөлөрдүн көрсөткөнүнө караганда, бул доордо ар жылы Өзбекстанда жер асты кендеринен болжолдуу **5,5 млрд доллар** баасында пайдалуу казылмалар алынган. Бул кезде алтын запастары боюнча журтубуз дүйнөдө жетинчи орунду ээлеген.

**Жаңы өнөр жай шаарларынын негизделиши жана демографиялык жараяндардагы өзгөрүүлөр.** Өзбекстанда заманбап кен-металлургия өнөр жайына негиз салынышы анын индустриалдык көрүнүшүн өзгөрттү. Көптөгөн жаңы шаарлар жана посёлкалар (шаарчалар) курулду. Айрыкча, союзга баш ийген жана «жабык шаарлар» деп аталган Наваий, Зарафшан жана Үчкудук сыяктуу шаарларга башка аймактардан жумушчу күчү тезинен алып келинди. Жабык шаарлар жергиликтүү бийликке баш ийбеген. Аларда жашыруун ишканалар жайгаштырылган, алар жеке гана Борборго маалымат берген. Иштеп чыгарууда алек болгон бүткүл эл келгиндилерден болуп, жергиликтүү эл жабык шаарлардан түрдүү шылтоолор менен чыгарылып жиберилген.

Социалдык адилеттүүлүктүн принциптеринин бузулушун жабык шаарлар мисалында айкын көрүүгө болот. Бул жерде Борбордон көчүрүп келинген кадрлар кезексиз үй-жай жана түрдүү жеңилдиктер менен камсыздалган. Чынында, кыштактардан келген өзбек жигит-кыздары үй-жайга ээ болуу үчүн эң кара иштерди аткарууга мажбур болушкан жана көпжылдар бою үй-жай алууга кезекте турушкан. Ошону менен бирге жергиликтүү жаштар дайыма кемсинтилген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзбекстанда кылымдар бою калыптанган жана аймактын түпкү жергиликтүү элдери өкүлдөрүнөн турган элдин көп улуттуу курамы совет бийлиги-жылдарында, айрыкча XX кылымдын 60–80-жылдарында европалык түрдүү элдер жана башкалар эсебинен дагы да кеңейе берди. Бул учурда Өзбекстанда 127 улут жана элеттер жашаган. Бул жерде жергиликтүү калктан тышкары түрдүү аймактардан көчүп келген орустар, татарлар, украиндер, корейстер жана башка элдер жашайт эле. Ири өнөр жай ишканаларында иштөөчү өзбектер саны бул кезде өтө азайып кетти.

**Ой жүгүртүү!**
Бүгүнкү күндө мамлекетибизде канча улут жана элет жашайт? XX кылымдын 80-жылдарындагы 127 санынын өзгөрүшүнүн факторлорун эсептөөгө аракеттен.

**Суроо жана тапшырмалар:**
1.Өзбекстан табигый байлыктарынан жергиликтүү калк пайдалана албаганынын себептери эмнеде эле?
2. Газ кендеринин ачылышы качан ылдамдашты? Буга түрткү болгон факторлорду эсепте.
3. Жаңы түзүлгөн шаарларды айт. Алар кандай максатта уюштурулган?
4. «Жабык шаарлар», «көгүлтүр от» сөз айкаштарын түшүндүргүлө.
5. Жаңы өнөр жай шаарлары пайда болушу менен социалдык адилеттүүлүктүн принциптери бузулду. Муну кандай туюнтасың?

## 25-§. Өзбекстанда экологиялык кырдаалдын татаалданышы жана Арал кырсыгы

**Экологиялык тең салмактуулуктун бузулушу.** Жаратылыш жана айлана-чөйрөнү коргоо маселеси, негизинен, инсандын иш-аракетинин натыйжасында, тактап айтканда инсандын табыгый жараяндарга кийлигишүүсү кеңейип жана терендешип баруусу себептүү пайда болот. XX кылымдын 60–80-жылдарында бул проблема бүткүл адамзат үчүн чоң коркунуч туудурду. Инсандын чарбалык иш-аракети жылдан-жылга күчөйө баштады, дың жерлер өздөштүрүлдү, электр станциялары жана



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

завод-фабрикалар курулду, жаңы шаарлардын саны көбөйдү. Жаңы жерлердин өздөштүрүлүшү, өнөр жай жана айыл чарба ишканалары, транспорт аракетинин көзөмөлдөн четке чыкканы табигаттагы тең салмактуулукту бузуп, жагымсыз экологиялык кырдаалды жаратты.

Окумуштуулар бүткүл дүйнөдө экологиялык тең салмактуулук бузулган, мунун кооптуулугу ядролук согуш коркунучунан калышпайт, деп турган кезде совет бийлиги, коммунисттик партия биздин мамлекетте экологиялык проблема жок, деп бул эскертүүнүн алдын алууга эч кандай чара көрбөдү. Өзбекстан окумуштуулары жана кең коомчулукка бул жөнүндө сүйлөөгө жол койбоду. Өзбекстандагы бардык ири өндүрүштөр – металлургия, газ-нефть, энергетика, химиялык ишканалары союз министрликтери жана мекемелер карамагында болгон. Экологияны негизинен ошол ишканалар бузду. Бирок Борбор республика калкынын саламаттыгын эмес, кем каржылап, көп киреше алууну ойлогон.

Ири өнөр жай шаарларындагы ишканалар айлана-чөйрөнү уулуу газдар жана таштандылар менен булгады. Айрыкча, химия заводдору жана комбинаттары экологиялык кырдаалга өтө чоң терс таасирин көрсөткөн. Ал заводдордун кооптуу жагы, Өзбекстан чындыгында калкы тыгыз жашоочу аймактардан эсептелет эле. Химия заводдору негизинен калкы көп Наваий, Чырчык, Фергана шаарларында курулган. Зарафшан, Үчкудук, Алмалык, Бекабад жана борбор Ташкент шаарынын да экологиялык абалы жаман болгон.



Пахтаны дефолияциялоо

Борбордун көрсөтмөсү менен Өзбекстан пахтазарында гозо зыянкечтерине каршы күрөштө өтө уулуу химиялык заттар иштетилди. XX кылымдын 80-жылдары ортолорунда республикада 90 000 тонна пестициддер айыл чарбасында колдонулду. Уулуу заттар менен иштөө берүү аянттардын болжол менен жарымында самолёттордо аткарылды. Бул абал аба жана сууну уулап, калктын саламаттыгы, табият, жаныбарлар дүйнөсүнө чоң зыян жеткизди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Уулуу даражасы жогору химиялык зат – бутифос козону дефолияциялоо (жалбырагын төгүү) үчүн Өзбекстанда 20-жыл бою иштетилди. Дефолияция негизинен самолёттордо аткарылды. Көп абалдарда бутифос ар гектар пахта аянтына белгиленген өлчөмдөн 2-3 эсе көп иштетилген. Уулуу бутифостун дефолияцияда кеңири колдонулушу айлана-чөйрөгө жана адамдардын ден-соолугуна терс таасирин көрсөттү. Өзбекстан жетекчилиги 1981-жылы республикада бул химиялык заттан пайдаланууга тыюу салса да, айрым чарбалар бул усулдан кийинчерээк да пайдаланышты.

**Эсте сакта!**

Азыркы учурда Арал деңизи 3 бөлүккө бөлүнгөн: биринчиси - кичүү жана тайыз түндүк бөлүгү; экинчиси - салыштырмалуу чоңураак аянтка ээ жана тайыз түштүк бөлүгү; үчүнчүсү - эң терең батыш бөлүгү.

**Арал деңизинин кургашы жана анын коркунучтуу акыбеттери.** XX кылымдын 60-жылдарынан эгин аянттарынын кеңейтирилишинин натыйжасында деңизге Амударыя жана Сырдарыядан куюла турган суу өлчөмү улам азайды. Акыбетте Арал деңизинде суу үстү тездик менен төмөндөп, ал кургай баштады. Деңиз суусунун шордогону күчөйүп, балык жана башка суу жаныбарлары азайды.

Арал деңизинин кургашы Борбордук Азия аймагы жана коңшу мамлекеттердин экологиясына эбегейсиз даражада терс таасирин тийгизди.

**Арал бою аймагында оор кырдаалдын жаралышы.** Арал бою (Төмөнкү Амударыя) аймагы территориялык жайгашуусу боюнча **Өзбекстан** жана **Казакстан** территорияларынан түзүлгөн. Арал деңизинин кургашы натыйжасында бул жерде оор экологиялык кырдаал жаралды. Амударыянын төмөнкү агымында балыкчылык, мехчилик, аң улоочулук чарбалары жок болуп кетти. Пахтачылык жана мал чарбачылыгы 1980–1985-жылдарда жыл сайын 30 млн рублдан ашыгыраак зыян көрдү.

Арал бою аймагында жаралган оор кырдаал жергиликтүү калктыөтө кыйын абалга салды. Бул жерде түрдүү оорулар жана жаш балдардын өлүмү көбөйдү. Майып төрөлгөн балдардын саны да арбып, бир жашка чейин болгон балдардын арасында өлүм ар миң балага карата 1980-жылдагы 46,5 ден 1986-жылда 72 ге жетти. Аялдардын 60 пайызы аз кандуулук




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ооруусуна чалдыккан болчу. Арал боюнда ич келтеси 30 эсе, жугуштуу сарык оорую 7 эсе ашты, айрыкча рак ооруусу көбөйдү.

Арал бою аймагында жаралган оор экологиялык кырдаалда, айрыкча, деңизге жакын болгон **Муйнок, Конгирот, Чимбой** шаарлары жана тегерегиндеги айылдардын калкы көп азаптанды. Балыкчылык менен атагы чыккан муйноктуктардын көпчүлүгү 10-15 жыл ичинде жумушсуз жана начар абалга түштү. Кыйынчылыктарга карабай өз жеринде калган жергиликтүү калк татаал проблемалуу кысталаңда калды.

**Аралкум – дүйнөдөгү эң жаш чөл.** Арал чөлү (Аралкум) Орто Азияда сугаруунун тездик темпте өнүгүшүнө байланыштуу деңизге куюлуучу Амударыя жана Сырдарыя суу көлөмүнүн азайуусу, табигый буулануунун жогорулугу аркылуу Арал деңизинин 40 000 км$^2$ ден ашуун бөлүгү кургактыкка айланышынын натыйжасында XX кылымдын акырында жаралды. Кургактык типтүү кум-шор топурактуу чөл өзгөчөлүгүнө ээ.



Арал деңизинин көрүнүшү

СССР жоюлгандан кийин жаңы түзүлгөн Өзбекстан жана Казакстан мамлекеттеринин жетекчилери жолугушуп, проблемаларды чечүүгө киришишти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ой жүгүртүү!**

«Борбордук Азия территориясы бойлой сугаруу системаларын тез темпте куруу, көптөгөн калк жашоочу пункттарына жана өнөр жай ишканаларына суу берүү менен тең бирдей кең көлөмдөгү кырсык - Аралдын жок болушу себебине да айланды. Жакын эле күндөргө чейин чөл, ээн талаалардан тартып алынган жана сугарылган жаңы жерлер жөнүндө ыгы жок коочдук менен айтылчу. Ал кезде ошол суу Аралдан тартып алынгандыгы, анын «жансыздантып коюлгандыгы» кыялга келбейт эле. Эми Арал бою экологиялык бактысыздык территориясына айланды».

*Өзбекстан Республикасынын биринчи Президенти Ислам Каримов сөзүнөн.*

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Арал деңизине суу баруусунун азайганына эмнелер себеп болгон?
2. Химия заводдору негизинен, Өзбекстандын кайсы шаарларында курулду? Бул шаарларда химия заводдорунун курулушунун терс жактары эмнеде?
3. Азыркы күндөгү Аралды мүнөздөп бер.
4. Арал аймагында негизинен оорулардын кандай түрлөрү кеңири тараган?
5. Арал тегерегинде жайгашкан райондор калкынын арасында жумушсуздуктун күчөшүнө эмне себеп болгон?
6. Аралкум топонимин түшүндүрүп бер.
7. Арал деңизинин кургашы негизинен кайсы мамлекеттердин социалдык-экономикалык турмушуна терс таасирин тийгизген?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АЛТЫНЧЫ ГЛАВА. ӨЗБЕКСТАНДА СОВЕТ БИЙЛИГИНИН КРИЗИСИ ЖАНА ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ҮЧҮН АРАКЕТТЕР (1984 – 1991-жылдар)

## 26-§. Өзбекстанда пахта иши жана анын акыбеттери

**СССР жана Өзбекстан ССР саясий жетекчилигиндеги өзгөрүүлөр.** Мамлекеттин саясий турмушунда 1982–1985-жылдарда көптөгөн өзгөрүүлөр болду. Саясий жетекчиликтеги мындай өзгөрүүлөрдөн Өзбекстан да четте калган жок.

1982-жыл ноябрда КПСС БК Башкы секретары, СССР Жогорку Совети Президиумунун төр агасы **Леонид Брежнев** дүйнөдөн кайтты. Ал мамлекет жана партияны 18-жыл бою башкарган. 1982–1984-жылдарда **Юрий Андропов,** 1984-1985-жылдарда **Константин Черненко** Советтер Союзуна жетекчилик кылды. 1985-жыл 11-мартта **Михаил Горбачёв** КПСС БК Башкы секретары, 2-июлда **Андрей Громыко** СССР Жогорку Совети Президиумунун төр агасы кызматтарына шайланды. 1985-жылдан мамлекетте кайра куруу саясаты башталды.



**Эсте сакта!**
1983-жыл октябрда Өзбекстан Компартиясы Борбордук Комитетинин биринчи секретары Шараф Рашидов дүйнөдөн кайтты. Ал республиканы чейрек кылымга жакын башкарган эле. 1983-1988-жылдарда Иномжон Усманхожаев, 1988-1989-жылдарда Рафик Нишанов Өзбекстанга жетекчилик кылды.



Р.Нишанов

XX кылымдын 80-жылдарында совет режими, анын саясий системасы жана чарба жүргүзүү усулдары өзүнүн өнүгүү мүмкүнчүлүктөрүн түгөттү. Өзбекстан экономикалык чоң чийки зат жана табигый байлыктар запасына ээ болгонуна карабай, СССРдин борбордук территорияларынан бир топ артта калган. Дал ошондой шартта Өзбекстандын ошол кездеги саясий жетекчилигинде кайраттуулук, жүрөктүүлүк, туруктуу чечкиндүүлүк, Советтер Союзу айланасында республика туткан ордун ачык-айрым айтып



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өтүү үчүн эрдик жетишпеди. Бул жетекчилер Борбордун тапшырмаларын тезирээк «орундатуу» республиканын СССРдин багуусунда экендиги жөнүндөгү жалгандарды кайталоодон башкага өтүшкөн жок.

**Пахта иши – совет режиминин Өзбекстандагы соңку репрессиялык саясаты.** ӨзССРнин социалдык-саясий турмушунда 1984-жыл 23-июндагы Өзбекстан Компартиясы БКнин XVI пленуму манилүү роль ойноду. Москва демилгеси, көрсөтмөсү менен уюштурулган бул пленумда кабыл алынган документтер Өзбекстанда өзбек элин негизсиз жаманатты кылуу компаниясын баштады. Пленумда Москвадан атайын жиберилген КПСС БК секретары Ю.К. Лигачёв ж.б. катышып, Кремль көрсөтмөлөрү ырааттуулук менен аткарылышын талап кылышкан.



«Пахта иши» боюнча тергөө

Дал ушул пленум токтомдору менен Борбор тарабынан Өзбекстанда **«пахта иши»** деп аталган саясий репрессиялар башталды. Кийинчерээк бул репрессия Өзбекстан ССРнын ошол кездеги мурунку жана биринчи жетекчилерин да четтеп өтпөдү.

СССР Башкы прокурору алдында маанилүү иштер боюнча атайын тергөөчүлөр тобу түзүлүп, алгачкылары 1983-жыл баштарында Өзбекстанга жиберилген.Тергөө тобунун негизгилеринен бири **Т.Х.Гдлян** жана **Н.В.Иванов** жетекчилигинде 1983-жыл апрелде түзүлгөн. Алар кийинчерээк Борбордон республикага келген «десантчыларга» таянып, Өзбекстанда кезектеги репрессияны жүзөгө ашырды.

**Ой жүгүртүү!**
30 - жана 50-жылдардагы репрессияны эсте. 80-жылдар репрессиясы кайсы жактары менен алдыңкыларынан айырмаланат?

1983–1987-жылдар Москва, Ленинград (азыркы Санкт-Петербург), РСФСРдын башка шаарларынан 1000ге жакын «десантчы» Өзбекстандын партия, совет, администрациялык-чарбалык органдарына жогорку жетекчилик кызматтарына ишке жиберилген. Ошол кезде «десантчылар»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жана 3000 ден ашуун тергөөчүлөргө жергиликтүү жетекчилер, республика укук-тартип органдарынын кызматчылары чоң жардам берген.

1985–1990-жылдарда Өзбекстанда «пахта иши» деген жалаа менен жалпы 40 000 киши тергөө кылынды. Алардын көпчүлүгү тергөө изоляторлорунда прокурор санкциясысыз отурду. 5000 киши жасалма айыптоолор менен кылмыштуу деп табылып, жоопко тартылды. Тергөө жараянында адам укуктары тепселип, туткундарга денелик жана рухий кыйноо өткөрүлдү. Алардын үй-бүлө мүчөлөрү, тууган-уруктары камакка ташталды. Кадрларды алмаштыруу саясаты аянычтуу көрүнүштө болду.

**Пахта ишинин өзбектер ишине айландырылышы жана маңызы.** Борбордук басма сөздө жарыяланган макалаларда өзбек эли жаманатты кылынып, пахта ишине атайын саясий түс берди жана ал «өзбектер ишине» айланды. Бул саясий компанияны Өзбекстандын ошол кездеги жетекчилери колдоп-кубатташты.

**!** **Өзүңдү сына!**

Т.Х.Гдлян жана Н.В.Иванов – бул...

Михаил Горбачёв – бул..

Иномжон Усмонхожаев – бул...

Рафик Нишанов – бул..

Борбордон жиберилген коммунисттик мансапкорлор Өзбекстандын партия жана бийлик системасында негизги орундарды ээлеп, өзбек элине каршы репрессияны күчөтүштү. Репрессиянын кылычы эң мурда Өзбекстандын мурунку жетекчиси, маркум Шараф Рашидов эстелигине каршы көтөрүлдү. «Шараф Рашидовчулук» деген жасалма сөз ойлоп табылып, андан Ш.Рашидовду өлүмүнөн кийин жаманатты кылуу жана атак-даңкын жерге урууда пайдаланылды.

Ошентип, совет режиминин пахта иши акыбетинде Өзбекстанда миңдеген кишилер адилетсиз түрдө жазаланды. Эл чарбасы тармагында кошуп жазуу, паракордук жана коррупцияга таандык кылмыштарга СССРдин дээрлик бардык территорияларында жол коюлган болсо да «тажрыйба майданы» катары Өзбекстан тандалды жана кылмыш ишине байланышкан кишилерден тышкары көптөгөн айыпсыз адамдар жазаланды. Коммунисттик идеологиянын репрессия кылычы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

муну менен чектелбей, пахта ишин өзбектер ишине айландырууга аракеттенди. Эмгекчил, ак көңүл, берешен жана боорукер өзбек калкы кылмыштуулукта айыпталды. Репрессия саясатын жүзөгө ашырууда Борбор жетекчилиги, өкүлдөрүнөн тышкары Өзбекстандын ал кездеги саясий жетекчилиги, калкыбыз арасынан чыккан жана тергөөчүлөр менен шериктештик кылган, алардын арамза иштерине көмөктөшкөн кээ бир коркок жана чыккынчылар да активдүүлүк көрсөттү. Бул – тарыхтын ачуу чындыгы.

***Терминдердин түшүндүрмөсү:***

**Изолятор** – (ажыратуу, жекелетүү) казарма, лагерь, жугуштуу ооруу сакталуучу жана ушул өңдүү убактылуу ажыратып коюла турган өзүнчө бөлмө, жай.

**Санкция** – (лат. туруктуу, өтө олуттуу токтом) документ, токтомдордун жогорку орган тарабынан бекитилиши, ошол бекитүү натыйжасында документ, токтомдун мыйзамдуу күчкө ээ болуусу.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. XX кылымдын 80-жылдарда СССР мамлекетинде кандай саясий өзгөрүүлөр болду?
2. Өзбекстан экономикалык жактан СССРдин борбордук территорияларынан артта калып кеткенинин себептерин түшүндүр.
3. «Пахта иши», «Өзбектер иши», «Шараф Рашидовчулук» аталыштарды түшүндүрүп бер.
4. Жергиликтүү жетекчилер жана «десантчылар» иш-аракетин мүнөздө.
5. Өзбекстанда кадрларды алмаштыруу саясаты кандай принциптердин негизинде жүзөгө ашырылды?
6. Ш.Рашидовдон кийин Өзбекстан ССРын кимдер башкарды?

## 27-§. Кайра куруу саясаты жана анын кризиси. Фергана кырсыктары

**Кайра куруу жана анын баскычтары.** КПСС БК Апрель (1985-жыл) пленуму совет коомунун турмушунда бардык тармактарды терең реформалоо жолун жарыялады. Кайра куруунун негизги курамдык бөлүктөрү деп социалдык турмушту демократташтыруу жана түпкү экономикалык реформа өткөрүү белгиленди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Фергана. 1989-жыл жайы

**Кайра куруунун биринчи баскычы** (1985-1986-жылдар) административдик-уюштуруу чараларын салтуу усулдарда өткөрүлгөндүгү менен түшүндүрүлөт. Аталган баскычта илимий-техникалык өнүгүүнүн ийгиликтерин иштеп чыгарууга жайылтуу негизинде коомдо түпкү экономикалык өнүгүүнү тездештирүү жана анын негизинде инсан факторун активдештирүү болжолдонгон эле.

**Кайра куруунун экинчи баскычы** (1987–1989-жылдар) коомдун бардык жактарында комплекстүү түрдө реформалоону күн тартибине койду. Айрыкча, 1987-жыл январь жана 1988-жыл июнда бул милдеттер дагы да конкреттештирилди жана анын негизги максаты совет коомун толук демократташтыруудан тургандыгы баса белгиленди.

Кайра куруу ашкерелик, демократия жана пикирлердин түрдүүлүгүнүн белгилүү мааниде күчөшүнө мүмкүндүк жаратты. Бирок мамлекетте түпкү демократиялык өзгөрүүлөрдү турмушка ашыруу, башталган реформаларды аягына чыгаруу мүмкүн болбоду.

**Өзбекстанда социалдык-саясий кризистин курчушу.** Ошондой шартта Өзбекстандын ал кездеги жетекчилиги Борбор алдында өзүнүн жөндөмсүз жана алсыздыгын көрсөттү. Республика жетекчилиги Борбордон качуу жана аны четке кагуу саясатынын ордуна көбүрөөк ага жакындашуу жана бекем биригүү жолун тандады.

Ошол кездеги Өзбекстан саясий жетекчилиги социалдык-маданий тармакта улуттуулуктун ар бир көрүнүшү «интернационализм» манызына жат экендигин далилдөөгө умтулду. Бул нерсе өзбек тили, ислам дини, улуттук үрп-адат жана салттар, жөрөлгөлөр, Нооруз майрамына мамиледе айкын көрүндү.

**Кайра куруу саясатынын кыйрашы.** Мамлекетте болгон кайра куруу коомдун социалдык жана саясий түзүлүшүндө бир кыйла өзгөрүүлөрдү жаратты. КПССтин совет коомундагы жетекчилик жана башкаруучулук



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

абалына зыяны тийди, шайлоо системасын өзгөртүү жөнүндө мыйзам кабыл алынды.

Кайра куруу аткарылышы саясий жактан курулай келжиреөчүлүккө айланып, түпкү демократиялык өзгөрүүлөрдү жүзөгө ашыруу жана башталган реформаларды акырына чейин жеткизүү мүмкүнчүлүгүн бербей туруп жеңилди. Бул абалдын себептери төмөнкүчө эле:

*Биринчиден,* кайра куруунун анык жана ырааттуу, илимий жактан бышык иштелген программасы жок эле. Демократия жана ашкерелик сыяктуу ураандар жөнүндө көп айтылса да, чындыгында партиянын саясий жетекчилиги эски көз караштa болуп, жетекчиликтин демократияга туура келбеген администрациялык-буйрукчул усулдарынан пайдаланууну уланткан.

*Экинчиден,* мамлекеттеги партократ жетекчилик «номенклатураны» сактап калууга таламдаш эле. Анткени мамлекетти эски усул менен башкаруу оңой болчу.

*Үчүнчүдөн,* кайра курууда улуттук республикалардын суверенитети жөнүндө айтылса да союзду жаңыланган абалда сактап калуу көздөлгөн болчу. Кремль союздаш республикалардын СССРден ажыралып, эгемендүү мамлекет түзүүлөрүнө астейдил катуу каршы турду.

*Төртүнчүдөн,* М.С.Горбачёв идеясы негизинде кайра курууну турмушка ашыруу мүмкүн эмес эле. Анткени социализм тегерегиндеги менчиктик мамилелер, социалдык тармактагы саясат, улуттук, диний саясат, жеке партиялуу жетекчилик, эзүүчүлүк башкаруу усулу эч качан демократия, ашкерелик менен келише албаган.

**Фергана кырсыгы жана анын маңызы.** Борбор тизгинди колдон чыгарбастыктын бардык мүмкүнчүлүктөрүн ишке салып жаткан учурда 1989-жылы май-июнь айларында Кувасайда жаштар ортосундагы зөөкүрдүк өрөөндө улуттар аралык кагылышты (месхети түрктөрү менен жергиликтүү жаштар ортосунда) жаратты. Ал Фергана өрөөнү жана Ташкент областына жайылып, коркунучтуу түс алды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1989-жыл 7-8-июнда **Кокон** шаарында жергиликтүү калк катышкан тынч чыгууга аскердик бөлүм солдаттары тарабынан октор атылып, натыйжада 50 дөн ашуун чыгууга катышкандар курман болду. Расмий маалыматтарга караганда, 1989-жыл 3-12-июнда Фергана областында болгон улуттар аралык кагылыштарда жана чыгуучулардын аскерлер тарабынан ок атылышы натыйжасында 103 киши өлгөн, 1011 киши жараланган жана 757 үй-жай өрттөлүп, кыйратылган.

Фергана кырсыгынан кийин Өзбекстандын Ислам Каримов башчылыгындагы жаңы саясий жетекчилиги бул маселеде принциптүү орун ээледи. Өзбекстандагы социалдык-экономикалык абалды үйрөнүп, ага туура баа берип, Ислам Каримов басма сөз конференцияларынын биринде «Өзбекстан дагы бир Ферганага чыдап тура албайт», деп баса белгиледи.

**Өзбек тилине мамлекеттик тил статусунун берилиши.** 1989-жыл 21-октябрда республика Жогорку Советинин XI сессиясы **«Өзбекстан ССР мамлекеттик тили жөнүндө»** Мыйзамды кабыл алып, өзбек тилине мамлекеттик тили статусун берди. Мыйзамдын кабыл алынышы өзбек калкы жана республикада жашоочу башка калктардын маданий, руханий жана саясий турмушунда болгон маанилүү окуя эле.

Мыйзам өзбек тили жана маданиятынын өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк жаратты. Ошону менен бирге анда республика территориясында жашоочу башка элдердин тилдерин өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү да белгилеп берилди.

1990-жыл июнда Фергана өрөөнүнүн **Ош** жана **Өзгөн** шаарларында (Коңшу Кыргызстан территориясында) кыргыздар менен өзбектер ортосунда этникалык чыр-чатак чыкты. Бул жаңжал (Ош кыргыны) натыйжасында миңдеген күнөөсүз өзбектер каза болду. Борбор татаал этникалык кырдаалдан өз максаттары жолунда пайдаланууга умтулду, эзелтен боордош болгон түрк элдерин бир-бирине каршы койду. Дал ошондой татаал шартта өзбек эли кылымдар бою сыноодон өткөн өзүнүн сабырдуулугун, чыдамдуулугун, боорукердигин көрсөттү, түрдүү саясий



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

күчтөр, арамзалар азгырууларына кулак салбады. Өзбекстан өкмөтү бул маселеде ырааттуу саясат алып барды, бүткүл аймакта тынчтыкты сактоодо маанилүү роль ойноду.

***Терминдердин түшүндүрмөсү:***

**Интернационализм** – Калктардын, улуттардын эркиндиги жана тең укуктуулугун сактоо үчүн калктар жана социалдык топтордун өз ара достук жана кызматташтык принциби.

**Партократиялык** – партия бийлөөчүлүгүнө негизделген.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Кандай себептер СССРди кризис кырдаалга алып келди?
2. «Кайра куруу» саясаты дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Эмне үчүн «кайра куруу» саясаты кыйрады?
4. Өзбек тилине мамлекеттик тил статусу берилгенине канча болду? Өзбек тилинин мындай статуска ээ болушу кандай мүмкүнчүлүктөрдү жаратты?
5. Фергана кырсыгынын башка территорияларга да таралышына эмнелер себеп болгон?
6. Фергана кырсыгы эмне себептен келип чыкты, анын акыбеттерин билесиңби?

## 28-§. Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишүү босогосунда



Ислам Каримов

**Өзбекстан ССР саясий жетекчилигиндеги жаңы өзгөрүүлөр.** 1989-жыл 23-июнь тажрыйбалуу экономист, партия өкүлү Ислам Каримов Өзбекстан Компартиясы БКнин биринчи секретары кылып шайланды. Ал өзү шайланган пленумдагы сөзүндө Өзбекстандын союзда туткан ордун, ролун ачык-айкын көрсөттү, маданий мурасты, тарых чындыгын калыптандыруу, улуттук үрп-адаттарды, салттарды өнүктүрүү объективдүү зарылчылык экендигин белгиледи.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Бирлик» калк аракети жана «Эрк» демократиялык партиясынын социалдык-саясий чектелгендиги жана каталары.** Бул доор Өзбекстан социалдык-саясий турмушунда олуттуу өзгөрүүлөр, айрыкча, коомдук уюмдардын активдешүүсү жана саясий маданияттын кескин жогорулашы байкалды. 1988-жыл ноябрда **«Бирлик» кескин аракети** (жетекчиси профессор Абдурахим Пулатов) коомдук уюм катары түзүлдү. О.э., аракет алдында Өзбекстан жаштарынын эркин уюмшмасы (1988-жыл ноябрда негизделген) жана «Тумарис» аялдар аракети да иш жүргүзгөн. Алар XX кылым 80-жылдардын акыры жана 90-жылдардын баштарында республика социалдык-саясий турмушунда чоң роль ойноду. Аракеттин «Бирлик», «Тумарис» жана башка гезиттери жарым ачык абалда басмадан чыкты жана Өзбекстан калкынын арасына таратылды.

«Бирлик» эл аракети активдеринин бир тобу кийинчерээк, модерн акын Мухаммад Солих (Салой Мадаминов) башчылыгында саясий партия түзүү аракетин башташты. 1990-ж. 30-апрелде **«Эрк» демократиялык партиясынын** уюштуруу курултайында программасы, уставы кабыл алынды. Партия тарабынан 1990–1992-жылдарда басып чыгарылган «Эрк» газетасы Өзбекстан эли арасында белгилүү болуп кетти.

!

**Өзүңдү сына!**

«Тумарис» – бул... Ислам Каримов – бул...
«Бирлик» – бул... Мирахмад Миркосимов – бул...

Бул аракет жана партиялар ашкереликти кеңейтүү, саясий жана социалдык-экономикалык реформаларды активдештирүү, өзбек калкы улуттук баалуулуктары, айрыкча салт жана жөрөлгөлөрүн кайра калыбына келтирүү, о.э. республика турмушунда Борбор үстөмдүүлүгүнө чек коюу, Өзбекстандын толук маанидеги саясий жана экономикалык эгемендүүлүгүнө жетишүү талаптары менен чыкты. Бирок бул аракет жана партиялардын жетекчилери кийинки-жылдарда Өзбекстан Президенти жана Өзбекстан Жогорку Кеңеши саясатына оппозициялык жолуна өтүп, бул болсо коомдогу тургундар ынтымактуулугуна жана бирдиктүүлүгүнө салакасын тийгизди. Ушундан кийин 1992-жылдан «Бирлик» жана «Эрк» Өзбекстан территориясында өзүнүн саясий иш-аракетин токтотту.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өзбекстан ССРда президенттик башкаруусунун жайылтылышы.** 1990-жыл 24-марттагы Өзбекстан ССР Жогорку Советинин он экинчи чакырык I сессиясында Өзбекстанда президенттик башкаруусу уюштурулду жана Өзбекстан Компартиясы БКнин биринчи катчысы **Ислам Каримов** Өзбекстан ССР Президенти болуп шайланды. Союздаш республикалар ортосунда биринчи болуп Өзбекстанда **президенттик башкаруусу** жайылтылды.

**Ой жүгүртүү!**
Ислам Каримов дал бир убакытта Министрлер Кабинетинин төр агасы кызматында 2005-жыл январга чейин иштеди. 8-класста Мамлекет жана укук негиздери предметинен алган билимиңе таянып, эмнеге 2005-жылга чейин бул кызматта отурганын түшүндүр.

Президенттик башкаруунун пайда болушу жана өнүгүшү республикада төмөнкү баскычтардан турат:

**Биринчи баскыч** 1990-жыл март – октябрь айларын түзөт. Анда 1990-жылы мартта Өзбекстан ССР Президенти кызматын уюштуруу о.э. «Өзбекстан ССР Конституциясына (Негизги Мыйзамы) өзгөртүү жана кошумчалар киргизүү жөнүндөгү» Мыйзам кабыл алынып, Өзбекстан ССРнин биринчи Президенти шайланды. 1990-жыл июнда Өзбекстандын Эгемендүүлүк декларациясы кабыл алынды жана И.Каримов төр агалыгында Конституция комиссиясы түзүлдү.

**Экинчи баскыч** 1990-жыл ноябрь – 1991-жыл август айларын ичине алат. 1990-жыл 1 ноябрда «Өзбекстан ССРде аткаруу жана башкаруу бийлигинин түзүлүшүн жакшыртуу, ошондой эле Өзбекстан ССР Конституциясына (Негизги Мыйзамы, 1978-жылы кабыл алынган) өзгөртүрүү жана кошумчалар киргизүү жөнүндөгү» Мыйзам кабыл алынды. Мыйзамга ылайык Өзбекстанда президенттик бийлиги менен Министрлер Советинин аткаруу жана башкаруу бийлиги кошуп жиберилди. Өзбекстан ССР Министрлер Совети Өзбекстан ССР Президенти алдындагы Министрлер Кабинетине (Вазирлар Махкамасига) айландырылды. Өзбекстан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ССР Президенти Ислам Каримов дал бир убакыттын өзүндө Министрлер Кабинетинин төр агасы болду..

**Үчүнчү баскыч** 1991-жыл сентябрь – 1992-жыл январь айларын камтып, Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүккө жетишкенден кийин 1991-жыл 29-декабрда биринчи жолу жашыруун добуш берүү жолу менен өткөрүлгөн түздөн-түз жалпы жана альтернативалуу негиздеги президенттик шайлоодо Ислам Каримов 5 жыл мөөнөткө **Өзбекстан Республикасынын Президенти** кылып шайланды. Бул баскыч 1992-жыл 4-январда «Өзбекстан Республикасынын вице-президенти кызматын түгөтүү, Өзбекстан Республикасы Конституциясына (Негизги Мыйзамы) өзгөртүү киргизүү жөнүндөгү» Мыйзам кабыл алынышы менен бүттү.

**Эгемендүүлүк Декларациясы жана анын мааниси.** Өзбекстанда, кийинчерээк башка союздаш республикаларда президенттик кызматтын жайылтылышы Борбор үчүн күчтүү сокку болду. Бирок ошого карабай Москва жана анын республикалардагы жөө күлүктөрү бүткүл мүмкүнчүлүктөрүн ишке салып союзду сактап калуу жолунан барды. Бирок тарыхтын өкүмү башкача эле.

1990-жыл 20-июндагы Өзбекстан ССР Жогорку Советинин он экинчи чакырык II сессиясында Эгемендүүлүк Декларациясы кабыл алынды. Эгемендүүлүк Декларациясы Өзбекстандын эгемендүүлүккө карай ташталган өтө олуттуу, салмактуу кадамы болду. Эгемендүүлүк Декларациясы Өзбекстан улуттук мамлекет эгемендүүлүгүнүн укуктук жана саясий негиздерин жаратуу үчүн чоң кызмат кылды. 14-декабрда Өзбекстан ССР курамындагы Каракалпакстан АССР суверенитети жөнүндө Декларация кабыл алынды.

**Жаңы союз келишими жана ГКЧП.** Өзбекстандагы мындай окуялар, Советтер союзу курамындагы 1990-жыл март–май айларында Литва, Латвия жана Эстониянын чыгып кетүүсү СССРдин мамлекет бүтүндү-гүнө олуттуу таасирин тийгизди. 1990-жылы СССРда коммунисттик партиянын бийлөөчүлүгүнөн баш тартты жана улуттук аракет күчөдү. Балтика бою мамлекеттери өз эгемендүүлүктөрүн жарыялашты. **1990-**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**жыл 12-июнда** РСФСРдын мамлекет суверенитети жөнүндө Декларация кабыл алынды. 1991-жыл 17-мартта биринчи жолу СССРде жалпы элдик референдум өткөрүлүп, Борбор тарабынан союзду сактап калуу үчүн катуу аракеттенди.

1991-жыл 23-апрелде Москва жакынындагы Ново-Огарёвода СССР Президенти М.Горбачёв ошондой эле 9 союздаш республикалар - РСФСР, Украина, Белоруссия, Өзбекстан, Казакстан, Азербайжан, Тажикстан, Кыргызстан жана Түркмөнстан мамлекет жогорку конторалары жетекчилеринин жолугушуусунда «Мамлекеттеги абалды бир калыпка келтирүү жана кыйын ал-абалды жөнгө салууга карата кечиктирилгис чаралар жөнүндө кошмо билдирүү» кабыл алынды. Билдирүүдө жаңы союз келишим документи долбоорун даярдоо ишин жакын убакыт ичинде аяктоо белгиленди. Кошмо билдирүү **«9+1»** (тогуз республика + Борбор) деген наамды алды. Жараяндар татаал өттү, талаш-тартышуулар көпкө улантылды. «Эгемен Мамлекеттер союзу жөнүндө келишим» долбоору Өзбекстан басма сөзүндө 28-июнь жана 16-август күндөрү жарыяланды. 20-августта жаңы союз келишимине кол коюлушу керек эле.

Москвада 1991-жыл 19–21-августтагы окуялар, КПСС БК Башкы катчысы жана СССР Президенти С.С.Горбачёвдун бийликтен четтетилип, вице-президент **Геннадий Янаев** башчылыгындагы жогорку эшелон жетекчилери тарабынан **Чукул Кырдаал Мамлекеттик Комитети (ГКЧП)** түзүлгөнү, бирок тез арада анын РСФСР президенти **Борис Ельцин** жетекчилигиндеги демократиялык күчтөр тарабынан бастырылышы СССРдин келечеги жоктугунан далалат берчү.

**Ой жүгүртүү!**
Билдирүүнүн «9+1» деп аталышынын себебин түшүндүр. Эсте! 1940-жыл августтан СССР 15 союздаш республикадан турат эле.

Козголоң кыйрагандан кийин СССР курамындагы союздаш республикалар эгемендүүлүктөрүн, суверенитеттерин жарыялашты. КПСС жана СССР кризиске учурады. КПСС саясий партия катары 1991-жыл 29-августта өз иш-аракетин токтотту. 1991-жыл 25-декабрда СССР мамлекети да эл аралык укук субъекти катарында жоюлду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүгүнүн жарыяланышы.** Өзбекстан али Союздун курамында болуп, СССРдин конфедеративдүү мамлекетке айланышына көпчүлүк үмүт кылып турган бир кезде олуттуу саясий окуя болду. Өзбекстан өзүн СССРден эгемендүү деп жарыялады. **1991-жыл 31-августта** Өзбекстан Республикасы Жогорку Кеңешинин он экинчи чакырык кезектен тышкары VI сессиясында Өзбекстан Республикасынын Мамлекет Эгемендүүлүгү жөнүндө президент И.А.Каримовдун доклады угулду. Сессияда **«Өзбекстан Республикасынын Мамлекет Эгемендүүлүгү негиздери жөнүндө»** Мыйзам кабыл алынды. Бул мыйзам 17 статьядан туруп, анда суверендүү Өзбекстан Республикасынын негизги белгилери аныктап берилди. Мыйзамда 1-сентябрь Өзбекстан Ресбупликасынын Эгемендүүлүгү күнү деп белгиленди.

Ошентип, элибиздин көз карандысыздыкка жетишүүдөй көп кылымдык үмүтү ишке ашты. Россия империясына, СССРдин 125 жыл бою улантылган колонизатордук дооруна чек коюлду. Өзбек элинин ыйык, тарыхый тилеги кармалып, Өзбекстан Республикасы тынч парламент жолу менен өзүнүн эгемендүү мамлекеттүлүгүно кайра жетишти. Бул сейрек баалуу окуя эң кеминде 3500 жылдык көөнө доорго ээ өзбек эли жана мамлекеттүүлүгү тарыхына алтын барактарда жазылды. Эгемендүүлүк элибиздин XX кылымда жетишкен эң улуу ийгилиги, ата-бабаларыбыздын төккөн ыйык канынын түшүмү саналат.

?

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Эмне себептүү Өзбекстанда «Бирлик» аракети жана «Эрк» партиясынын иши кыска мөөнөттө аяктады?
2. 1989-жыл 23-июндан Өзбекстандын союздагы ордунда кандай өзгөрүүлөр болду?
3. Ислам Каримов Өзбекстан жетекчиси болгондон кийин Борбордун алдына кандай талаптар койгон эле?
4. Өзбекстанда качан официалдуу эмес уюм жана партиялар пайда болду, эмне үчүн алар эл арасында тирек жана ишенимге ээ боло албады?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

Киришүү ........................................................................................................................ 3

**Биринчи глава. Түркстан өлкөсүндө совет бийлигинин орнотулушу жана өзбек элинин эгемендүүлүк үчүн күрөшү (1917–1924-жылдар)**

1-§. Түркстан өлкөсү 1917-жыл февраль-октябрь арасында ........................................ 5
2-§.Түркстанда совет бийлигинин зордук жолу менен орнотулушу жана большевиктер диктатурасы ...................................................................................... 10
3-§.Түркстан Мухторияты – түпкү жергиликтүү элдердин мамлекеттүүлүгү тарыхында жаңы баскыч ................................................................................................ 14
4-§.Түркстан өлкөсүндө совет бийлигинин башкаруу системасынын түзүлүшү жана экономика тармагындагы өзгөрүүлөр ...................................................... 19
5-§. Түркстан АССРда совет бийлигине каршы куралдуу кыймылдар ................. 25
6-§. Бухара эмирлигинде реформалар үчүн күрөш жана кызыл армия тарабынан эмир бийлигинин кулатылышы. БКСРнын түзүлүшү жана иш-аракети .................... 31
7-§. Хива хандыгындагы абал ошондой эле хан бийлигинин кулатылышы. ХХСРнин түзүлүшү жана түрдүү реформалар ........................................................ 38
8-§. БКСР жана ХКСРда кызыл армияга каршы күрөш ............................................ 43
9-§.Орто Азия республикаларында өткөрүлгөн улуттук территориялык чектелүү жана анын акыбеттери ........................................................................................ 49

**Экинчи глава. Совет бийлигинин Өзбекстанда жүргүзгөн саясаты (1925–1939-жылдар)**

10-§. Өзбекстан ССРнин түзүлүшү ............................................................................ 56
11-§. Өзбекстанда айыл чарбасын коллективдештирүү саясаты жана кулактардын сүргүндөлүшү.....................................................................................................61
12-§.Өзбекстанда индустриялаштыруу саясатынын турмушка ашырылышы жана кадрлар маселеси ............................................................................................... 67
13-§. Өзбек кыз-келиндерин азаттыкка чыгаруу жараяны жана проблемалар ......... 71
14-§. Өзбекстанда совет бийлиги жүргүзгөн маданий саясат .................................. 74
15-§. Совет бийлигинин Өзбекстандагы репрессиялык саясаты: анын мааниси жана акыбеттери ..................................................................................................... 80



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Үчүнчү глава. Өзбекстан Экинчи дүйнөлүк согуш-жылдарында (1939–1945-жылдар)**


16-§. Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы жана Өзбекстандын согуш иримине тартылышы ........................................................................................................ 87
17-§. Өзбекстандын өнөр жайы жана айыл чарбасы фронт кызматында ................ 91
18-§. Өзбекстандыктардын фронттогу эрдиктери жана баатырдыктары ............... 95
19-§. Өзбекстан илими жана маданияты - жеңиш үчүн кызматта ..................... 101


**Төртүнчү глава. Өзбекстандын социалдык-экономикалык абалы жана өнүктүрүү проблемалары (1945-1959-жылдар)**


20-§. Өзбекстан эл чарбасынын согуштан кийинки абалы .................................. 105
21-§. Интеллигенттердин репрессияланышы жана совет коомунда жеке адамга сыйынуучулук жүзүнүн ачылышы ....................................................................... 108
22-§. Өзбекстанда өнөр жайдын бир жактуу өнүгүшү ........................................ 112


**Бешинчи глава. Өзбекстан бекем өнүгүү доорунда (1959 – 1983-жылдар)**


23-§. Өзбекстандын саясий турмушундагы өзгөрүүлөр жана советтердин партия органдарына көз карандуулугу ........................................................................ 116
24-§. Өзбекстанда күйүүчү заттар жана тоо-кен өнөр жайынын пайда болушу, ошондой эле элдин улуттук курамындагы өзгөрүүлөр .....,,,,,,,,,...................... 120
25-§. Өзбекстанда экологиялык кырдаалдын кыйындоосу жана Арал кырсыгы ... 123


**Алтынчы глава. Өзбекстанда совет бийлигинин кризиси жана эгемендүүлүк үчүн аракеттер (1984 – 1991-жылдар)**


26-§. Өзбекстанда пахта иши жана анын акыбеттери ........................................... 128
27-§. Кайра куруу саясаты жана анын кризиси. Фергана кырсыктары ............... 131
28-§. Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишүү босогосунда ........................ 135




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**QAHRAMON KENJAYEVICH RAJABOV,**
**AKBAR TURG‘UNOVICH ZAMONOV**

# O‘ZBEKISTON TARIXI (1917 – 1991 yillar)

*O‘rta ta’lim muassasalarining 10-sinfi uchun darslik*

*1-nashri*

(Qirg‘iz tilida)

Которгон *М. Темирова*
Редактору *Р. Жуманазарова*
Көркөм редактору *Ш. Мирфаёзов*
Техн. редактору *Д. Жалилов*
Компьютерде даярдаган *У. Валижонова*

Басма лицензиясы AI № 290. 04.11.2016
2017-жылы 25-октябрда басууга уруксат этилди. Форматы 70x90 $^1/_{16}$.
Timesn New Roman гарнитурасы. Офсеттикыкма менен басылды.
Шарттуу басма табак 10,53. Басма табагы 9,3.
Нускасы 788. Заказ № 17616

Оригинал-макет Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин
Гафур Гулам атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык
үйүндө басылды. 100128. Ташкент ш. Лабзак көчөсү, 86.

Өзбекстан басма сөз жана кабар агенттигинин
«O‘zbekiston» атындагы басма-полиграфиялык чыгармачылык
үйүндө басылды. 100129. Ташкент ш. Наваий көчөсү, 30

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал**

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат.**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызыктар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүктөн ажыралуу абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада калыбына келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттандырарлыксыз | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыралган же бүтүндөй жок, канааттандырарлыксыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип-боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE